**Такийюддин Набахоний**

# ИСЛАМ ТҮЗҮМҮ

**ХИЗБУТ-ТАХРИР**
**БАСЫЛМАЛАРЫНАН**
**1432-х. – 2011-м.**

**<u>Такийюддин Набаханий. Ислам түзүмү</u>**
**Кыргыз тилиндеги үчүнчү басылышы**
1432-х. – 2011-м.

**Ыйман жолу ............................................ 4**
**Каза жана кадар.................................. 14**
**Исламдагы пикирий жетекчилик......... 22**
**Исламий даъватты жаюунун жолу....... 50**
**Ислам хазораты .................................... 55**
**Ислам түзүмү ........................................ 59**
Шаръий өкүм.................................................. 64
Шаръий өкүмдөрдүн түрлөрү........................ 67
Сүннөт ........................................................... 68
Расул ﷺдын иштеринен үлгү алуу ............... 69
Шаръий өкүмдөрдү табанний кылуу ............ 70
Конституция жана закон .............................. 72
**Конституция долбоору........................... 77**
Жалпы өкүмдөр ............................................. 77
Башкаруу түзүмү ........................................... 78
Халифа........................................................... 79
Тафвид муавини ............................................ 82
Танфиз муавини ............................................ 83
Жихад амири ................................................. 84
Кошуун .......................................................... 84
Казылык (Сот мекемесинин иштери)............ 85
Валийлер ....................................................... 88
Идарий жихаз ................................................ 89
Үммөт межлиси ............................................. 90
Ижтимаий түзүм ............................................ 91
Экономикалык түзүм ..................................... 93
Таалим саясаты ............................................. 99
Тышкы саясат............................................... 100
**Исламдагы адеп-ахлак .........................103**

بسم الله الرحمن الرحيم

# Ыйман жолу

Адам – тирүүлүк, аалам, адам жөнүндөгү о.э. булардын дүйнө турмушунан мурунку барлыкка жана дүйнө турмушунан кийинки жашоого болгон байланышы жөнүндөгү – пикир менен ойгонот. Ошондуктан, бүгүнкү адамдын ойгонушу үчүн, анын мурунку пикирин түп-негизинен (асас) бери бүтүндөй өзгөртүп, анда башка пикирди пайда кылуу керек. Себеби, ал пикир нерселер жөнүндөгү түшүнүктөрдү пайда кылат жана аларды бир борборго топтойт. Адам турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрүнө карай жашоо образын (сулук) калыптандырат. Мисалы, адамдын өзү жактырган адам жөнүндөгү түшүнүктөрү анын ошол адамга карата жакшы мамиле кылуусун белгилеп берет. Жактырбаган адамга карата болсо терс мамиле кылуусун белгилеп берет. Өзү таанIбаган, ал жөнүндө эч бир түшүнүгү болбогон адамга карата мамилеси болсо, тигилерден бүтүндөй башкача болот. Демек, адамдын жашоо образы анын түшүнүгүнө байланыштуу. Ошондуктан, биз адамдын төмөнкү деңгээлдеги жашоо образын өзгөртүп, аны жогорку деңгээлдеги жашоо образына көтөрмөкчү болсок, эң оболу анын түшүнүгүн өзгөртүшүбүз керек.

﴿ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يُغَيِّرُ مَا بِقَوۡمٍ حَتَّىٰ يُغَيِّرُواْ مَا بِأَنفُسِهِمۡۗ ﴾

***«Акыйкатта, коом өздөрүндөгү нерсени өзгөртмөйүнчө, Алла аны өзгөртпөйт».*** **[13:11]**

Түшүнүктөрдү өзгөртүүнүн жападан-жалгыз жолу – бул дүйнө турмушу жөнүндөгү пикирди пайда кылуу. Анткени, ушул пикирдин жардамында ал (дүйнө турмушу) жөнүндөгү эң туура түшүнүктөр пайда болот. Аалам, тирүүлүк, адам жөнүндөгү; бул дүйнө турмушунан мурунку (барлык) жана бул дүйнө турмушунан кийинки (жашоо) жөнүндөгү; о.э. алардын (т.а. аалам, тирүүлүк, адамдын) өзүнөн мурункуга жана өзүнөн кийинкиге байланышы жөнүндөгү пикирди пайда кылгандан кийин гана, бул дүйнө турмушу жөнүндөгү пикир натыйжа бере ала турган калыпта бир борборго топтолот. Мындай иш аалам, адам, тирүүлүктөн тышкарыдагы нерсе жөнүндө жалпы (куллий) пикир берүү менен ишке ашат. Себеби, бул жалпы пикир – пикирий пайдубал болуп, жашоо жөнүндөгү бардык пикирлер анын үстүнө курулат. Бул бардык нерселерге карата жалпы пикирди берүү – адамдагы эң чоң түйүндү чечүү болуп саналат. Качан ошол чоң түйүн чечилгенде гана калган түйүндөр өз-өзүнөн чечиле берет. Себеби, булар ага караганда жузъий же фуруъ (экинчи даражалуу же андан бутактанып чыккан) маселелер болот. Бирок бул чечим адамдын табиятына (фитрат) дал келе турган, акылын канааттандыра турган, көңүлүн тынчтандыра турган (тумаънийнат) туура чечим болгондо гана туура ойгонууга алып барат.

Бул туура чечим аалам (кавн), тирүүлүк (хайат), адам (инсан) жөнүндөгү жаркын (мустанийр) пикирсиз пайда болбойт. Ошондуктан, ойгонууну каалаган жана өнүгүү жолунда жүрүүнү көздөгөн адамдар эң биринчи бул негизги түйүндү жаркын пикир жардамында туура чечип алуулары керек. Бул чечим – Акыйда. Бул чечим пикирий пайдубал болуп, анын үстүнө адамдын турмуштагы жашоо образы (сулук) жөнүндөгү жана жашоо түзүмдөрү (низом) жөнүндөгү бардык экинчи даражалуу (фаръий) пикирлер курулат.

Ислам бул чоң түйүнгө көңүл буруп, аны адам табиятына дал келе турган, акылын канааттандыра турган, көңүлүн тынчтандыра турган кылып чечип берди жана Исламга кирүүнү ушул чечимди акыл менен кабыл алууга байланыштуу кылып койду. Мына ошондуктан Ислам жалгыз негиз үстүнө б.а. акыйда үстүнө курулган. Акыйданын мазмуну мындай: Адам, тирүүлүк, ааламдан тышкарыда алардын бардыгын жараткан жаратуучу (холик) бар. Ал – Алла таала. Ал жаратуучу бардык нерселерди жоктон бар кылган. Ал Өзү – важибул вужуд (т.а. бар болушу зарыл болгон зат). Ал махлук эмес (т.а. башка холик тарабынан жаратылган эмес). Эгер Ал башка тарабынан жаратылган болсо, жаратуучу болмок эмес. «Жаратуучу» деген сапатка ээ болуунун өзү Анын махлук болбошун, важибул вужуд болушун талап кылат. Бардык нерселер бар болууда ага сүйөнөт, ал болсо эч нерсеге сүйөнбөйт.

Бардык нерселердин жаратуучусу бар экендиги маселесине келсек, ал мындай. Акыл жете турган нерселер: адам, тирүүлүк, аалам. Бул нерселердин баары чектүү (махдуд). Арийне, алардын ар бири кудуретсиз (ажиз), кемчиликтүү (накис), башкага муктаж. Мисалы, адам чектүү, себеби ал ар бир нерседе өтүп кете албай турган кандайдыр бир чегарага барып токтойт, демек, ал чектүү; тирүүлүк да чектүү, себеби, ал ар бир жанзатта өз-өзүнчө көрүнүп, ошол жанзаттын өзүндө аяктаганын сезимдер аркылуу билип турабыз, демек, тирүүлүк дагы чектүү; аалам дагы чектүү, себеби, ал – асман телолорунун жыйындысы. Андагы ар бир тело (жирм) чектелген. Чектелген нерселердин жыйындысы да чектүү болору анык. Мына ошондуктан, аалам да чектүү. Демек, адам, тирүүлүк, аалам – булардын баары чектүү.

Биз чектүү нерселерге назар таштасак, анын азалий эместигин (башталыш чеги бар экендигин) билебиз. Эгер анын башталышы болбогондо, чексиз болуп калмак. Чектүү нерсе өзүнөн башка чексиз барлык тарабынан жаратылган болушу зарыл. Ошол башка барлык – адам, тирүүлүк, ааламдын жаратуучусу. Ал барлык (жаратуучу) болсо, же башка тарабынан жаратылган, же өзүн-өзү жараткан, же азалий важибул вужуд болушу керек. Жаратуучунун башка тарабынан жаратылгандыгы туура эмес. Себеби, анда ал чектүү болуп калат. Өзүн-өзү жаратчандыгы да туура эмес. Себеби, ал бир эле учурда жаратуучу да, махлук да болуп

калат. Бул болсо таптакыр мүмкүн эмес. Демек, жаратуучу азалий жана важибул вужуд болушу керек. Ал – Алла таала.

Мунун үстүнө, ар бир акылдуу адам – сезимдери аркылуу сезип жаткан нерселердин бар экендигинен – аларды жараткан жаратуучу бар экендигин идирек кыла алат. Себеби, алардын бардыгынан кемчиликтүүлүк, кудуретсиздик, башкага муктаждык сапаты даана көрүнүп турат. Демек, бул нерселер жаратуучу тарабынан жаратылган. Мына ошондуктан, ааламды башкарып турган жаратуучунун (холики мудаббир) бар экендигине далил келтирүү үчүн адам, тирүүлүк, ааламдагы ар кандай нерсеге назар таштоонун өзү жетиштүү. Ааламдагы жылдыздардын кайсы бирине назар салуу, тирүүлүк көрүнүштөрүнүн кайсы бири жөнүндө ойлоо, адамдагы кайсы бир тармакты идирек кылуу – булардын ар бири Алла тааланын бар экендигине ачык-айкын далалат кылат. Ошондуктан Курани Карим нерселерге этибарды каратып, адамды – нерселерге; алардын айланасындагы нерселерге; аларга байланыштуу болгон нерселерге – назар таштоого даъват кылат. Жана муну менен Алла тааланын бар экендигин билип алууга чакырат. Себеби, адам бул нерселерге назар таштаса, алардын башкага муктаждыгын көрүп, мындан Холики Мудаббир Алланын бар экендигин катъий идирек кылып алат. Мындай мааниде жүздөгөн аяттар келген. Алла таала "Аали Имран" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ إِنَّ فِي خَلْقِ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ وَٱخْتِلَٰفِ ٱلَّيْلِ وَٱلنَّهَارِ لَءَايَٰتٍ لِّأُو۟لِى ٱلْأَلْبَٰبِ ﴾

***«Асмандар менен жердин жаратылышында жана түн менен күндүздүн алмашып турушунда акыл ээлери үчүн, албетте,*** *(бир жаратуучунун бар экендигине)* ***аят-белгилер бар».*** **[3:190]**

"Рум" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ وَمِنْ ءَايَٰتِهِۦ خَلْقُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ وَٱخْتِلَٰفُ أَلْسِنَتِكُمْ وَأَلْوَٰنِكُمْ ﴾

***«Анын аяттарынан*** *(дагы бири):* ***асмандар жана жерди жаратышы о.э. тилиңерди жана түсүңөрдү ар түрдүү кылып коюшу».*** **[30:22]**

"Гошия" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ أَفَلَا يَنظُرُونَ إِلَى ٱلْإِبِلِ كَيْفَ خُلِقَتْ ۞ وَإِلَى ٱلسَّمَآءِ كَيْفَ رُفِعَتْ ۞ وَإِلَى ٱلْجِبَالِ كَيْفَ نُصِبَتْ ۞ وَإِلَى ٱلْأَرْضِ كَيْفَ سُطِحَتْ ﴾

***«Акыры алар төөнүн кандай жаратылгандыгына, асмандын кандай көтөрүп коюлгандыгына, тоолордун кандай тикеленгендигине жана жердин кандай төшөлүп коюлгандыгына назар салышпайбы».*****[88:17-20]**

"Таарик" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ فَلۡيَنظُرِ ٱلۡإِنسَٰنُ مِمَّ خُلِقَ ۝ خُلِقَ مِن مَّآءٖ دَافِقٖ ۝ يَخۡرُجُ مِنۢ بَيۡنِ ٱلصُّلۡبِ وَٱلتَّرَآئِبِ ﴾

***«Эми инсан өзүнүн эмнеден жаралганына бир назар салсын! Ал атылып чыгуучу суудан жаралган.*** *(Ал суу эркектин)* ***бели менен*** *(аял-дын)* ***көкүрөк сөөгүнүн арасынан чыгат».*** **[86:5-7]**

"Бакара" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ إِنَّ فِي خَلۡقِ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِ وَٱخۡتِلَٰفِ ٱلَّيۡلِ وَٱلنَّهَارِ وَٱلۡفُلۡكِ ٱلَّتِي تَجۡرِي فِي ٱلۡبَحۡرِ
بِمَا يَنفَعُ ٱلنَّاسَ وَمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ مِنَ ٱلسَّمَآءِ مِن مَّآءٖ فَأَحۡيَا بِهِ ٱلۡأَرۡضَ بَعۡدَ مَوۡتِهَا وَبَثَّ فِيهَا
مِن كُلِّ دَآبَّةٖ وَتَصۡرِيفِ ٱلرِّيَٰحِ وَٱلسَّحَابِ ٱلۡمُسَخَّرِ بَيۡنَ ٱلسَّمَآءِ وَٱلۡأَرۡضِ لَأٓيَٰتٖ لِّقَوۡمٖ
يَعۡقِلُونَ ﴾

***«Албетте, асмандар менен жердин жаратылышында, түн менен күндүздүн алмашып туурушунда, деңизде адамдарга керектүү нерселерди алып жүргөн кемелердин*** *(сүзүшүндө)* ***жана Алла асмандан түшүргөн соң аны менен өлүк жерди тирилтип, кийин жер жүзүнө бардык жаныбарларды таркатып, жайып жиберген суу деген неъматта жана шамалды жүргүзүүдө, асман менен жер ортосунда моюн сундурулган булутта акылдуу адамдар үчүн аят-белгилер бар».*** **[2:164]**

Бул жана ушул сыяктуу аяттар адамды – бардык нерселерге; алардын айланасындагы нерселерге; аларга байланыштуу башка нерселерге – терең назар салууга жана муну менен Холики Мудаббирдин бар экендигин билип, Аллага болгон ыйманы акыл жана далилден келип чыккан бекем ыйман болушуна чакырат.

Туура, Холики Мудаббирге ишенүү ар бир адамда табигый бар. Бирок бул табигый ишенич виждан жолу менен пайда болот. Бул жол акыбетине ишенип болбой турган жол болуп, эгер өз абалына таштап коюлса, бир борборго топтоло албайт. Виждан көбүнчө өзү ишенип жаткан нерсеге, анын ажыралгыс сыпаты деп ойлоп, акыйкатта жок нерселерди кошуп жиберет да, натыйжада куфрга (капырлыкка) же залалатка (адашууга) түшүп калат. Идолдорго (авсан) сыйынуу, негизсиз ырым-жырымдарга (хурофат), мифтерге (туррохат) ишенүү виждан каталыгынын гана натыйжасы. Ошондуктан, Ислам вижданды өзүн ыйманга алып бара турган жол кылып таштап койгон жок. Себеби, эгер таштап койсо, виждан Алла тааланын илахтыгына тескери болгон сыпаттарды токуп чыгарат, «Алла нерселердин түсүнө кириши мүмкүн» деп, же «кандайдыр нерселерге сыйынуу аркылуу ага жакын болуу мүмкүн» деп ойлоп, куфр же ширкке, же чыныгы ыйман сиңире албай турган негиз-

сиз ырым-жырымдарга алып барат. Ошондуктан, Ислам виждан менен бирге акылды иштетүүгө чакырат жана Алла таалага ишенүүдө мусулман үчүн акылын иштетүүнү шарт кылат да, акыйдада ээрчимеликтен кайтарат. Ошондуктан Ислам Алла таалага ыйман келтирүүдө акылды өкүм чыгаруучу (хакам) кылып койгон. Алла таала Куранда мындай дейт:

﴿ إِنَّ فِي خَلْقِ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ وَٱخْتِلَٰفِ ٱلَّيْلِ وَٱلنَّهَارِ لَءَايَٰتٍ لِّأُوْلِي ٱلْأَلْبَٰبِ ﴾

***«Асмандар менен жердин жаратылышында жана түн менен күндүздүн алмашып турушунда акыл ээлери үчүн, албетте,*** *(бир жаратуучунун бар экендигине)* ***аят-белгилер бар».*** **[3:190]**

Мына ошондуктан, ар бир мусулмандын ыйманы пикир жүргүзүүдөн, талкуудан жана назар салуудан келип чыгышы керек. Алла таалага ыйман келтирүүдө анын акылды бүтүндөй өкүм чыгаруучу кылып алышы важиб. Ааламга назар салып, андагы табият мыйзамдарын үйрөнүүгө о.э. бул аркылуу жоктон бар кылган Жаратуучуну таанып-билүү үчүн жол табууга болгон даъват Курандын көптөгөн сүрөлөрүндө жүздөп келет. Бул даъваттардын бардыгы адамдын акыл күчүн кайра-кайра терең изденүүгө (тадаббур) чакыра берет. Адамдын ыйманы акыл жана далил негизинде болушун каалайт. Ата-бабаларынан калган нерселерди текшербей туруп, алардын акыйкат экендигин аныктабай туруп сокурларча кабыл алуудан кайтарат. Мына бул ыйман – Ислам талап кылган ыйман. Мындай ыйманды «алсыздардын ыйманы» деп атоого болбойт. Бул ыйман – ар бир нерсеге кайра-кайра назар салып, кайра-кайра пикир жүргүзүп, кийин ушул назар салуу жана пикир жүргүзүү жардамында кудурети улуу Аллага ишенүүгө жетишкен жаркын пикир жана анык далил ээсинин ыйманы.

Адам Алла таалага ыйман келтирүүгө жетишүүсү үчүн акылын иштетүүсү зарыл. Бирок ошондой болушуна карабастан, ал өзүнүн сезүү органдары жана акылынын мүмкүнчүлүк алкагынан тышкарыдагы нерселерди идирек кылышы мүмкүн эмес. Муну төмөнкүдөй түшүнүш керек. Адамдын акылы чектүү. Анын акыл кубаты канчалык өсүп кетсе да, ал баары бир өтүп кете албай турган чегара менен чектелген. Мына ошондуктан анын идирек кылуусу да чектүү. Ушундай болгондон кийин, адамдын акылы Алланын затын, акыйкатын идирек кыла албашы турган нерсе. Себеби, Алла адам, тирүүлүк, ааламдан тышкарыда. Адамдын акылы болсо, аалам, адам жана тирүүлүктөн тышкарыдагы нерселердин акыйкатын идирек кыла албайт. Ошондуктан, ал Алланын затын билүүгө алсыздык кылат. Мына ушул жерде «адамзаттын акылы Алланын затын билүүгө алсыздык кылса, анан кантип ал акыл жардамында Аллага ишене алат» деп айтуу орунсуз. Себеби, бул жердеги акыл менен жетишиле турган ыйман – Алланын бар экендигине ишенүү. Алланын бар экендиги болсо, жараткан махлукаттарынан билинет. Алар: адам, тирүү-

лүк, аалам. Булар акыл идирек кыла ала турган нерселер алкагына киргендиктен, акыл аларды идирек кылат да, алар аркылуу алардын жаратуучусу бар экендигин билет. Ал жаратуучу – Алла таала. Мына ошондуктан, Алланын бар экендигине ишенүү аклий жана акыл алкагында болду. Бирок, Алланын затын идирек кылуу мүмкүн эмес. Себеби Алланын заты адам, тирүүлүк, аалам алкагынан тышкарыда. Демек, акыл алкагынан да тышкарыда. Акыл өз чегинен тышкарыдагы нерселерди идирек кыла албагандыктан, алардын акыйкатын да идирек кыла албайт. Бирок, акылдын мындай чектелгендиги ыйманды шектендирип коё турган нерселерден эмес, балким, ыйманды бекемдей турган нерселерден болуп саналат. Себеби Аллага болгон ыйманыбыз акыл аркылуу болгондуктан, Алланын бар экендигин билүүбүз да толук (мукаммал) идирек кылуу болот. Алланын бар экендигин сезишибиз (хис) акылга байланган соң, Анын бар экендигин сезишибиз анык сезүү болот. Булар бизде илахтык сыпаттардын бардыгына карата толук идирек кылууну жана анык сезүүнү пайда кылат. Мына ушул толук идирек кылуу жана анык сезүү бизди – Аллага канчалык катуу ишенсек да – баары бир Алла тааланын затын, акыйкатын идирек кыла албашыбызга канааттандырышы керек. О.э. акыл идирек кылууга алсыз болгон темаларда Алла тарабынан бизге жиберилген маалыматтарга багынып (таслим болуп), канааттанышыбыз керек. Себеби, адам акылы өзүнүн чектелген салыштырма өлчөөсү менен өз чегарасынан тышкарыдагы нерсени идирек кылууга табигый түрдө алсыздык кылат. (Алланын акыйкатын) идирек кылуу салыштырмалуу болбогон, чектелбеген өлчөөлөргө муктаж. Ал эми адам мындай өлчөөгө ээ эмес, ээ боло албайт дагы.

Эми пайгамбарларга (русул) болгон муктаждыкка келсек, адам Алланын жараткан махлуку экендиги жана диндарлык анда табигый экендиги анык. Диндарлык инстинкти (тадайюн гарыйзасы) – адамдагы инстинктердин бири. Ошондуктан ал – ушул табиятына ылайык – өз жаратуучусун ыйык (мукаддас) тутат. Ушул ыйык тутуу – ибадат. Ибадат болсо – адам менен жаратуучунун ортосундагы алака. Эгер бул алака тартиптүзүмсүз таштап коюлса, ибадаттын туруксуз болушуна, жаратуучудан башкага ибадат кылууга алып барат. Мына ошондуктан, бул алаканы туура түзүм (низам) менен тартипке (интизам) салуу зарыл. Бул түзүмдүн адам тарабынан түзүлүшү мүмкүн эмес. Себеби, ал жаратуучунун акыйкатын биле албайт, ошондуктан, ал өзү менен Жаратуучусунун ортосундагы алаканы тартипке салып туруучу түзүмдү түзө албайт. Демек, бул түзүм Жаратуучу тарабынан коюлушу керек. Ушуну менен бирге, Жаратуучу бул түзүмдү адамга жеткириши зарыл. Мына ошондуктан Алланын динин адамдарга жеткире турган расулдардын болушу зарыл.

Адамдардын расулдарга муктаж экендигине дагы бир далил бар. Адам гарыйзаларын (инстинкт), узвий хажаттарын (организм муктаждыктары) кандырышы кажет. Бирок, бул кандыруулар түзүмсүз түрдө болсо (б.а.

белгилүү бир мыйзамдар менен теске салынбаса), туура эмес кандырууга алып барат да, натыйжада адамдын бактысыздыгына (шако, машаккат) себеп болот. Мына ошондуктан адамдын гарыйзаларын, узвий хажаттарын тартипке салып туруучу түзүм болушу зарыл. Бул түзүмдү адам түзө албайт. Себеби, анын адам гарыйзаларын, узвий хажаттарын тартипке салуу жөнүндөгү түшүнүгү ар түрдүү (тафавут), кайчылаш (ихтилаф), карама-каршы (танакуз) болот о.э. ал өзү жашап жаткан чөйрөдөн да таасирленет. Эгер мындай түзүмдү түзүү адамга берилсе, ал ар түрдүүлүк, бирине-бири кайчы келүүчүлүк, карама-каршылык чеңгелине түшүп калат да, бул нерсе адамдын бактысыз болушуна алып келет. Мына ошондуктан, бул түзүм Алла таала тарабынан гана коюлушу керек.

Эми Курандын Алла таала алдынан жиберилгендигине келебиз. Куран – арабча китеп, аны Мухаммад ﷺ алып келген. Куран же арабдар тарабынан, же Мухаммад ﷺ тарабынан чыгарылган болот, же болбосо, Алла тааланын алдынан түшүрүлгөн болот. Бул үчөөнөн башка тарабынан болушу мүмкүн эмес. Себеби, ал араб тилинде жана араб услубунда.

Куран арабдар тарабынан чыгарылган дегени туура эмес. Себеби, Куран аларды белдешүүгө чакырып, ушуга окшошун чыгарып көргүлөчү дейт:

﴿ قُلْ فَأْتُوا۟ بِعَشْرِ سُوَرٍ مِّثْلِهِۦ مُفْتَرَيَٰتٍ ﴾

***«Ушуга окшош он сүрө келтирип көргүлөчү", - деп айт».*** **[11:13]**

﴿ قُلْ فَأْتُوا۟ بِسُورَةٍ مِّثْلِهِۦ ﴾

***«Эми анын сүрөлөрүнө окшогон бир эле сүрө келтиргилечи", - деп айт».*** **[10:38]**

Арабдар аракет кылып көрүштү, бирок эптей алышкан жок. Демек, Куран арабдардын сөзү (чыгармасы) эмес экен. Себеби, Куран аларды белдешүүгө чакырганда, алар канчалык аракет кылышса да, буга окшогон бир да сүрө келтире алышпады. Эми «Куран Мухаммад тарабынан ойлоп табылган» дегени да туура эмес. Себеби Мухаммад ﷺ деле арабдардын бири болгон. Бир генийдин таланты канчалык өйдө болсо да, бирок, баары бир ал адам бойдон калат, өз коомунун, өз элинин бири болгон бойдон кала берет. Арабдар биригип Куранга окшошун келтире албаган соң, араб болгон Мухаммад ﷺ да келтире албайт. Демек, Куран Мухаммад ﷺ тарабынан да ойлоп табылган эмес. Мындан тышкары, Мухаммад ﷺдын абдан көп сахих хадистери бар о.э. мутаватир жолу менен тастыкталган хадистери да риваят кылынган. Эгер кайсы бир хадис менен кайсы бир аят салыштырылса, экөөнүн услубунан эч бир окшоштук табылбайт. Негизи, Пайгамбарыбыз ﷺ түшүрүлгөн аятты да окуп жатып эле, ошол эле учурдун өзүндө хадисти да айткан. Бирок, экөөсү услуб жагынан бири-биринен анык айырмаланып турган. Адам өз пикирин ар

түрдүү жолдор менен берүүгө канчалык урунбасын, баары бир алардын услуб жагынан бири-бирине окшоштугу сезилип турат. Ал эми хадис менен аяттын ортосунда услуб жагынан эч кандай окшоштук жок о.э. Куран менен Мухаммад ﷺдын сөздөрү ачык-айкын айырмаланып турат. Ошондуктан, Куран таптакыр Мухаммад ﷺдын сөзү эмес деп тыянак чыгарууга болот. Буга кошумча, араб тили услубун жакшы билген арабдардын бирөөсү да «Куран Мухаммаддын сөзү же анын сөзүнө окшойт» деп айтпаган. Болгону алар: «Мухаммад Куранды Жабр деген насроний баладан үйрөнүп келет», - деп айтышкан. Ошондо Алла таала:

﴿ وَلَقَدْ نَعْلَمُ أَنَّهُمْ يَقُولُونَ إِنَّمَا يُعَلِّمُهُۥ بَشَرٌ ۗ لِّسَانُ ٱلَّذِى يُلْحِدُونَ إِلَيْهِ أَعْجَمِىٌّ وَهَـٰذَا لِسَانٌ عَرَبِىٌّ مُّبِينٌ ﴾

***«Билебиз, алар: Мухаммад ﷺга Куранды бир адам үйрөтүүдө, - деп жатышат. Бирок, алар көрсөтүп жаткан кишинин тили ажамий*** *(арабча эмес).* ***Куран болсо нукура араб тилинде »,*** **[16:103]**
- деп, алардын бул сөздөрүн жокко чыгарды.

Жогорудагылардан белгилүү болгондой, Куран арабдардын да, Мухаммад ﷺдын да сөздөрү эмес экен. Демек, тыянак чыгарсак, Куран Алланын сөзү болот жана ал аны алып келген кишиге мужиза болуп эсептелет.

Куранды Мухаммад ﷺ алып келген. Куран – Алланын сөзү жана шарияты. Алланын шариятын Анын набийлери жана расулдары гана алып келет. Бул аклий далилге ылайык, «Мухаммад ﷺ □ набий жана расул» деп, катъий тыянак чыгарууга болот.

Булар Алланын барлыгына, Мухаммад ﷺдын расул экендигине о.э. Куран Алланын каламы экендигине келтирилген аклий далилдер.

Ошентип, Аллага ишенүү акыл аркылуу болду. Өзү ыйман акыл аркылуу гана болушу керек. Муну менен ушул ыйман гоибий нерселерге жана Алла бизге кабар берген ар бир нерсеге ишенүү үчүн пайдубал болуп калат. Себеби биз – илахтык сапаттар менен сыпатталган Аллага ишенгенден кийин, акыл идирек кылса да, акылдын идирек кылуу алкагынан тышкарыда болсо да – Алла таала кабар берген нерселердин баарына сөзсүз ишенишибиз керек. Себеби, алар жөнүндө Алла кабар берип жатат. Ошондуктан, Курани Каримде жана катъий хадистерде келген кайра тирилүүгө, кайра тирилгенден кийин бир майданга жыйылууга, бейишке, тозокко, эсеп-китепке, азапка, периштелер, жиндер, шайтандар жана башка нерселерге ишенүү важиб болот. Бул ыйман көчүрүү (накл) жана угуу (самъ) жолу менен пайда болсо да, бирок, ал негизинен аклий ыйман болуп саналат. Себеби анын негизи (асл) акыл аркылуу тастыкталган. Мына ошондуктан, ар бир мусулмандын акыйдасы акылга же асл-негизи акыл аркылуу тастыкталган далилге гана негизделген болушу

керек. Демек, мусулман адам акыл аркылуу тастыкталган же анык угуу аркылуу алынган катъий маалыматтарга т.а. Курани Карим же катъий мутаватир хадис аркылуу тастыкталган маалыматтарга ишениши (итикад кылышы) важиб. Бул эки жол менен т.а. акыл жолу о.э. Курани Карим жана катъий сүннөт аркылуу тастыкталбаган ар кандай маалыматка итикад кылуу арам. Себеби, акыйдалар жалаң анык-ишеничтүү далилден гана алынат.

Ушуга ылайык, дүйнө турмушунан мурунку барлык – Алла таалага; дүйнө турмушунан кийинки жашоо – Кыямат күнүнө ишенүү важиб болду. Алла тааланын буйруктары дүйнө турмушунан мурунку Барлыктын дүйнө турмушу менен болгон байланышы болуп эсептелет о.э. бардык нерсени жараткандыгы да ушул байланышка кирет. Адамдын бул жашоодо кылган иштери боюнча эсеп-китеп кылынышы дүйнө турмушунун өзүнөн кийинки жашоого болгон байланышы болуп эсептелет о.э. адамдын кайра тирилиши жана бир жайга жыйналышы да ушуга кирет. Ушундан тыянак чыгарсак, демек, бул дүйнө турмушунун өзүнөн мурунку барлыкка да, өзүнөн кийинки жашоого да байланышы сөзсүз болушу керек жана адамдын бул дүйнө турмушундагы бардык абалдары ушул алакага байланыштуу болушу зарыл. Демек, адам жашоодо Алланын түзүмүнө (мыйзамдарына) ылайык жашашы керек жана Алла Кыямат күнү дүйнө турмушунда кылган иштери боюнча эсеп-китеп кылат деп итикад кылышы важиб.

Ушуну менен адам, тирүүлүк, аалам алкагынан тышкарыдагы нерселер жөнүндө жаркын (мустанир) пикир пайда болду. Ушул сыяктуу эле, дүйнө турмушунан мурунку барлык жана кийинки жашоо жөнүндө о.э. дүйнө турмушунун өзүнөн мурунку барлыкка болгон байланышы жана дүйнө турмушунун өзүнөн кийинки жашоого болгон байланышы жөнүндө мустанир пикир пайда болду. Натыйжада, эң негизги түйүн Ислам акыйдасы жардамында толугу менен чечилди.

Адам качан ушул чечимге жетип келсе, ал дүйнө турмушу жөнүндөгү пикирге жана дүйнө турмушу жөнүндөгү натыйжалуу, эң туура түшүнүктөрдү пайда кылууга өтүшү мүмкүн. Мына ушул чечим – ойгонуу жолу кылып тандалган мабданын (идеология); ушул мабда хазоратынын (цивилизация-дүйнөкараш); мабдадан балкып чыккан низамдардын (система-түзүм); ушул мабда негизинде курула турган мамлекеттин – пайдубалы (асас) болуп калды. Демек, бул чечим – Исламдын фикрат жана тарыйкат жактан пайдубалы болгон – исламий акыйда.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ ءَامِنُواْ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ وَٱلۡكِتَٰبِ ٱلَّذِي نَزَّلَ عَلَىٰ رَسُولِهِۦ وَٱلۡكِتَٰبِ ٱلَّذِيٓ أَنزَلَ
مِن قَبۡلُۚ وَمَن يَكۡفُرۡ بِٱللَّهِ وَمَلَٰٓئِكَتِهِۦ وَكُتُبِهِۦ وَرُسُلِهِۦ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ فَقَدۡ ضَلَّ ضَلَٰلَۢا بَعِيدًا﴾

***«Эй ыймандуулар! Аллага, расулуна жана расулуна түшүрүлгөн китепке жана андан мурун түшүрүлгөн китептерге ыйман келтиргиле! Ким Аллага, периштелерине, китептерине, расулдарына, акырет күнүнө ишенбесе, демек, ал катуу адашыптыр».*** **[4:136]**

Жогорудагы пикирлерге ыйман келтиргенден кийин, ар бир мусулман Ислам шариятынын баарына ыйман келтириши керек. Антпесе кафир болот. Себеби, булар Курани Каримде келген жана аларды Пайгамбарыбыз ﷺ алып келген. Ошондуктан, шарият өкүмдөрүнүн бардыгын же катъий тастыкталган тафсилаттуу өкүмдөрүнүн бирин тануу (инкар) куфр эсептелет. Бул өкүмдөр ибадаттарга байланыштуубу, же мамилелергеби, же жазаларгабы, же жеп-ичүүгөбү, мунун айырмасы жок. Мисалы:

﴿ وَأَقِيمُواْ ٱلصَّلَوٰةَ ﴾

***«Намазды аткаргыла»,*** **[2:43]**
деген аятты тануу,

﴿ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلْبَيْعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْۚ ﴾

***«Алла сооданы адал, сүткордукту арам кылды»,*** **[2:275]**
деген аятты тануу,

﴿ وَٱلسَّارِقُ وَٱلسَّارِقَةُ فَٱقْطَعُوٓاْ أَيْدِيَهُمَا ﴾

***«Ууру эркектин да, ууру аялдын да колун кескиле»,*** **[5:38]**
деген аятты тануу,

﴿ حُرِّمَتْ عَلَيْكُمُ ٱلْمَيْتَةُ وَٱلدَّمُ وَلَحْمُ ٱلْخِنزِيرِ وَمَآ أُهِلَّ لِغَيْرِ ٱللَّهِ بِهِۦ ﴾

***«Силерге өлүмтүк, кан, доңуздун эти, Алладан башкага аталып союлган жаныбардын эти арам кылынды»,*** **[5:3]**
- деген аятты тануу сыяктуу. Шариятка ыйман келтирүү акыл менен болбойт, балким, Алла таала тарабынан келген шарият өкүмдөрүнүн бардыгына бүтүндөй моюн сунуу керек:

﴿ فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّىٰ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُواْ فِيٓ أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِّمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُواْ تَسْلِيمًا ﴾

***«Жок,*** *(эй Мухаммад),* ***Роббиңе ант, тээ алар өз ортолорундагы келишпөөчүлүктөрдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча жана сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча, эч качан момун боло алышпайт».*** **[4:65]**

# Каза жана кадар

Алла таала "Аали Имран" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ وَمَا كَانَ لِنَفْسٍ أَن تَمُوتَ إِلَّا بِإِذْنِ ٱللَّهِ كِتَٰبًا مُّؤَجَّلًا ﴾

***«Ар бир жан Алланын уруксаты менен жана анык белгилеп коюлган мөөнөттө гана өлөт».*** **[3:145]**

"Аъраф" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ وَلِكُلِّ أُمَّةٍ أَجَلٌ ۖ فَإِذَا جَآءَ أَجَلُهُمْ لَا يَسْتَأْخِرُونَ سَاعَةً ۖ وَلَا يَسْتَقْدِمُونَ ﴾

***«Ар бир үммөт үчүн ажал бар, анан качан аларга ажалдары жетсе, аны бир саат аркага да, алдыга да жылдыра алышпайт».*** **[7:34]**

"Хадид" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ مَآ أَصَابَ مِن مُّصِيبَةٍ فِى ٱلْأَرْضِ وَلَا فِىٓ أَنفُسِكُمْ إِلَّا فِى كِتَٰبٍ مِّن قَبْلِ أَن نَّبْرَأَهَآ ۚ إِنَّ ذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ يَسِيرٌ ﴾

***«Жерге да жана өзүңөргө да кандайдыр бир мусийбат жетпес, эгер*** *(жетсе),* ***Биз аны жүзөгө чыгарышыбыздан мурда эле ал Китепте*** *(Лавхул махфузда жазылган)* ***болот. Албетте, бул иш Аллага оңой».*** **[57:22]**

"Тообо" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ قُل لَّن يُصِيبَنَآ إِلَّا مَا كَتَبَ ٱللَّهُ لَنَا هُوَ مَوْلَىٰنَا ۚ وَعَلَى ٱللَّهِ فَلْيَتَوَكَّلِ ٱلْمُؤْمِنُونَ ﴾

***«Айткын, бизге Алла биз үчүн жазып койгон нерсе гана жетет. Ал биздин Эгебиз, демек, момундар Аллага гана тобокел кылышсын».*** **[9:51]**

"Сабаъ" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ لَا يَعْزُبُ عَنْهُ مِثْقَالُ ذَرَّةٍ فِى ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَلَا فِى ٱلْأَرْضِ وَلَآ أَصْغَرُ مِن ذَٰلِكَ وَلَآ أَكْبَرُ إِلَّا فِى كِتَٰبٍ مُّبِينٍ ﴾

***«Асмандар жана жердеги бир кыпындай нерсе, андан да кичине же чоң нерсе Андан жашыруун болбойт, булардын бардыгы ачык Китепте*** *(Лавхул махфузда)* ***бар».*** **[34:3]**

"Анъам" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ وَهُوَ ٱلَّذِى يَتَوَفَّىٰكُم بِٱلَّيْلِ وَيَعْلَمُ مَا جَرَحْتُم بِٱلنَّهَارِ ثُمَّ يَبْعَثُكُمْ فِيهِ لِيُقْضَىٰٓ أَجَلٌ مُّسَمًّى ۖ ثُمَّ إِلَيْهِ مَرْجِعُكُمْ ثُمَّ يُنَبِّئُكُم بِمَا كُنتُمْ تَعْمَلُونَ ﴾

***«Ал түнкүсүн жаныңарды ала турган** (уйку бере турган), **күндүз кылган ишиңерди биле турган Зат. Кийин, белгиленген ажал** (жашоо үчүн берилген мөөнөт) **өтөлүшү үчүн, анда** (күндүз) **силерди тирилтет. Кийин силердин кайтып барар жайыңар Ага гана болот, андан соң Ал силерге кылып өткөн иштериңердин кабарын берет».*** **[6:60]**
"Ниса" сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ وَإِن تُصِبۡهُمۡ حَسَنَةٞ يَقُولُواْ هَٰذِهِۦ مِنۡ عِندِ ٱللَّهِۖ وَإِن تُصِبۡهُمۡ سَيِّئَةٞ يَقُولُواْ هَٰذِهِۦ مِنۡ عِندِكَۚ قُلۡ كُلّٞ مِّنۡ عِندِ ٱللَّهِۖ فَمَالِ هَٰٓؤُلَآءِ ٱلۡقَوۡمِ لَا يَكَادُونَ يَفۡقَهُونَ حَدِيثٗا ﴾

***«Эгер аларга** (мунафиктерге) **жакшылык жетсе, «бул Алланын алдынан» дешет. Эгер жамандык жетсе, «бул сенден келди» дешет. Айткын: "Бардык нерсе Алланын алдынан". Бул коомго эмне болгон, эч сөздү түшүнүшпөйт?!».*** **[4:78]**

Бул жана буга окшогон аяттарды көпчүлүк «Каза жана кадар» маселесине далил кылып келтиришет. Жана бул далилдерден төмөнкүдөй маани түшүнүлүп калат: Адам кылып жаткан иштерин мажбурлуу түрдө кылат; иштерин Алланын каалоосу жана ирадасынын жазмышы астында ишке ашырат; «Алла адамды да, анын иштерин да жаратат» (б.а. адамдын бардык иштерин Алла жүзөгө ашырат). Алар өздөрүнүн мындай кептерин Алла тааланын төмөнкү сөздөрү менен тастыктамакчы болушат:

﴿ وَٱللَّهُ خَلَقَكُمۡ وَمَا تَعۡمَلُونَ ﴾

***«Алла силерди да, иштериңерди да жараткан»,*** **[37:96]**
Ошондой эле өздөрүнүн бул ойлорун хадистер менен да кубаттамакчы болушат: «Рухул Кудс (Жабраил) дилиме ушуларды салды: Эч бир жан өз ырыскысын жеп бүтпөй туруп, ал үчүн чегерилген өмүр мөөнөтүн жашабай туруп, өзү үчүн белгиленген нерселерди толук албай туруп, эч качан өлбөйт».

Белгилүү болгондой, «каза жана кадар» маселеси исламий мазхабдарда эң орчундуу орунду ээлейт. Ахли сүннөт райынын тыянагы мындай: адам "касб"да ыктыярдуу. Ал касбдагы ыктыярдуу аракети үчүн эсеп-китеп кылынат. (Тиркеме: Пенде бир ишти кылууну ниет кылганда жана аны аткаруу үчүн аракет кылганда ыктыярга ээ, бирок, ал ишти Алла таала жүзөгө ашырат. Мына ушул шайкештик – касб деп аталат. Бул "касб" терминине берилген Ахли сунна аныктамасы. Котормочудан). Муътазила райынын тыянагы мындай: Адам кылып жаткан иштерин өзү жаратат жана ушул иштери үчүн эсеп-китеп кылынат, себеби, бул иштерди ал өзү вужудга келтирген. Жабрия райынын тыянагы болсо мындай: Пендени да, анын иштерин да Алла жаратат. Ошондуктан пенде

иштерди кылууда мажбур, ыктыярдуу эмес, ал шамал каалаган жакка учуруп кете турган парга окшойт.

Каза-кадар маселесине терең дит коюп текшерген адам - бул тармактагы талкуу назик болгондуктан – талкуунун пайдубалы болгон негизди (асас) аныктап алуу зарылдыгын билет. «Пенденин ишин анын өзү жаратабы же Алла таалабы» деген маани – бул талкуунун негизи эмес. «Алла таала адам кайсы ишти кылат жана адамдын ушул кылмакчы болгон ишин бүтүндөй билип турат» деген маанидеги Алланын илими да – бул талкуунун негизи эмес. «Алланын каалоо-ирадасы пенденин кыла турган ишине түздөн-түз байланыштуу, ошондуктан, пенденин иши мына ушул каалоо себептүү вужудга келет» деген маанидеги Алланын ирадасы да - бул талкуунун негизи эмес. «Пенденин кыла турган иштери Лавхул махфузда жазылып коюлган, ошондуктан, эмне жазылган болсо, пенде ошону кылат» деген маани да – бул талкуунун негизи эмес.

Ооба, жогоруда айтылган нерселердин эч бирөөсү бул талкуунун негизи эмес. Себеби, алар бул темага (т.а. пенденин ишине) ***сооп жана жаза*** жагынан байланышпайт. Балким, алар буга “вужудга келтирүү”, “бардык нерсени билип алган илим”, “бардык иштерге үзгүлтүксүз байланышкан ирада”, “Лавхул махфуз бардык нерсени камтып алгандыгы” жагынан байланышат. Ал эми бул байланыш болсо, адам кылган иштери үчүн сыйлык (ажр) алышы же жазаланышы (укубат) темасынан бүтүндөй өзгөчө, башка тема. Демек, бул талкуунун негизи ушул: Адам жакшы же жаман иштерди кылууда мажбурбу же ыктыярдуубу? Адам бир ишти кылуу же кылбоодо ыктыярга ээби же жокпу?

Адам иштери кунт коюп изилденсе, адамдын эки чөйрө ичинде жашап жатканы белгилүү болот. Бул эки чөйрөнүн биринде адам өкүм жүргүзөт да, бул чөйрө адамдын башкаруусу астында болот. Бул чөйрөдө адам бардык иштерин өзүнүн толук ыктыяры менен ишке ашырат. Экинчи чөйрө болсо адамдын үстүнөн өкүм жүргүзөт, адам анын ичинде өз ыктыярына ээ болбой жашайт. Бул чөйрөдө – адамдын өзү кылабы, же ага карата башка бирөө тарабынан кылынабы, айырмасыз – анын ыктыярына эч кандай тиешеси болбогон иштер жүзөгө келет.

Адамга өкүмдарлык кыла турган чөйрөдө боло турган иштерге адамдын эч кандай тиешеси жок, анын болушуна адамдын катышы да жок. Мындай иштер эки түрдүү болот:

1. Табият мыйзамдары (низомул-вужуд) талап кыла турган иштер.
2. Адам ыктыярына бойсунбай турган жана алардан адам өзүн коргой албай турган о.э. табият мыйзамдары талап кылбай турган иштер.

Табият мыйзамдары талап кыла турган иштер адамды табигый мыйзамдарга моюн сунууга мажбур кылат, адам аларга каршы тура албайт. Себеби, ал аалам жана тирүүлүк менен биргеликте атайын (махсус) мыйзам чегинде бирге жүрөт, алардан бир да кадам артта кала албайт.

Ошондуктан, бул чөйрөдөгү иштер адамдын каалоосуна байланышпаган абалда жүзөгө чыгат. Адам бул чөйрөдө баш ийүүгө мажбур, өз ыктыярына ээ эмес. Мисалы: адам бул дүйнөгө ыктыярсыз келет жана ыктыярсыз кетет. Абада өз денеси менен куштардай уча албайт. Табигий салмагы менен суу үстүндө жүрө албайт. Көзүнүн өңүн, жүзүнүн көрүнүшүн, дене түзүлүшүн каалагандай жарата албайт. Мунун баарын Алла таала жаратат. Махлук пенденин бул иштерге эч кандай таасири да, алакасы да жок. Себеби Алла таала табият (вужуд) мыйзамын жаратып, бүткүл барлыкты (вужуд) ага баш ийдирип койгон. Барлык мына ушул мыйзамдар алкагында жүрөт, андан четке чыга албайт.

Адамдын кудуретинен сырткаркы, андан өзүн коргой албай турган, табият мыйзамдары да талап кылбай турган иштерге келсек, бул иштер адамдын өзү тарабынан кылынабы, же ага карата башка бирөө тарабынан кылынабы, айырмасыз, адам эч качан андан качып кутула албайт. Мисалы: дубал үстүндөгү киши башка бирөөнүн үстүнө жыгылып, аны өлтүрүп койгону сыяктуу; же бир адам перенде атам деп жаза тайып, өзү күтпөгөн жерден башка бирөөнү өлтүрүп койгону сыяктуу; же болбосо, кокустан бузулуунун натыйжасында поезд, самолёт же автомобиль аварияга учурап, натыйжада жүргүнчүлөр набыт болгону сыяктуу кутулуунун мүмкүнчүлүгү болбогон иштер. Адамдын өзү тарабынан же ага карата башка тарабынан кылынып жаткан мындай иштер – мейли, табият мыйзамы талап кылбаса да – адамдын өзү тарабынан же ага карата анын ыктыярысыз жүзөгө келди. Бул иштердин бардыгы адамдын ыктыяр жана кудурет чегинен сырткаркы чөйрөдөгү иштер болот. Адамга өкүмдөрлык кылып жаткан ушул чөйрөдө жүз берген иштердин бардыгы ***каза*** деп аталат. Себеби, жалгыз Алла тааланын Өзү гана бул иштердин болушуна өкүм чыгарган б.а. каза кылган. Ошондуктан, адам аны пайдалуу же зыяндуу деп, же болбосо, жакшы же жаман деп эсептешине карабастан – негизи, бул иштердин жакшы же жаман экенин Алланын Өзү гана билет – бул сыяктуу иштерде пенде Алла тааланын алдында суракка алынбайт. Себеби, адам бул иштерге таасир эте албайт, алар жөнүндө, алардын кандайча болуп кеткени жөнүндө да эч нерсе билбейт. Алардан кутула албайт, аларды өзү кыла албайт. Ошондуктан, адам бул казага жана анын Алла таала тарабынан кылынган амал экенине ыйман келтириши керек.

***Кадар***. Адамга өкүмдарлык кылып жаткан чөйрөдө болобу, же адам өкумдарлык кылып жаткан чөйрөдө болобу, болуп жаткан иштердин бардыгы аалам, адам, тирүүлүк тутумундагы бирер нерсе тарабынан же ага карата болот. Алла бул нерселер үчүн белгилүү бир касиеттерди (хусусият) жаратккан. Мисалы: Алла таала отто күйгүзүү касиетин, жыгачта күйүү касиетин, бычакта болсо кесүү касиетин жаратты жана бул касиеттерди табият мыйзамдары негизинде өзгөрбөс кылып койду. Эгер бул касиеттер табият мыйзамдарына тескери болуп өзгөрсө, анда Алла бул

нерселерден алар үчүн белгиленген бул касиеттерди алып койгон болот да, бул иш адаттан тышкаркы окуя болуп калат. Мындай иштер пайгамбарларда гана кезигип, алардын мужизалары болуп эсептелет (Мужиза – ажиз калтыруучу т.а. башкалар кылууга алсыз болгон иш. Котормочудан). Алла таала нерселерде касиеттерди жаратканы сыяктуу, адамда да гарыйза (инстинкт) жана узвий хажаттарды (организм муктаждыктары) жараткан. Аларда да башка нерселердеги касиеттер сыяктуу белгилүү бир касиеттерди жаратты. Мисалы: Нав (түр) гарыйзасында жыныстык козголуу касиетин, узвий хажаттарда ачка болуу, чаңкоо ж.б. касиеттерди жаратып, аларды табият мыйзамынын негизинде бул гарыйза жана узвий хажаттарга ажыралгыс касиет кылып берди. Нерселердеги жана адамдын гарыйза, узвий хажаттарындагы Алла таала жараткан белгилүү бир касиеттер ***«кадар»*** деп аталат. Жалгыз Алла тааланын Өзү нерселерди жана адамдагы гарыйза, узвий хажаттарды жаратып, аларга белгилүү бир касиеттерди берди б.а. кадарлады. Алардын пайда болуусунда пенденин эч кандай таасири жок. Демек, адам нерселердеги касиеттерди жараткан жалгыз Алла таала экенине ыйман келтирүүсү керек. Бул касиеттерде ушундай бир жөндөмдөр бар, эгер адам алардын жардамында кандайдыр бир ишти Алланын буйругуна ылайык аткарса, ал иш «жакшы» иш деп эсептелет, эгер Алланын буйругуна тескери аткарса, ал иш «жаман» иш деп эсептелет. Адам иште нерселердин касиеттерин иштетеби, же өзүнүн гарыйза, узвий хажаттарын кандырабы, айтор, бул ишти Алланын буйрук-кайтарууларына ылайык кылса, жакшы иш кылган болот, эгер Алланын буйрук-кайтарууларына тескери кылса, жаман иш кылган болот.

Демек, адам үстүнөн өкүмдарлык кыла турган чөйрөдөгү иштер – жакшы болсо да, жаман болсо да – Алла таала тарабынан болот. О.э. нерселердеги жана адамдын гарыйза, узвий хажаттарындагы касиеттер – жакшы натыйжага түрткү болсо да, жаман натыйжага түрткү болсо да – алар Алла тарабынан жаратылган. Ушунун негизинде ар бир мусулман «каза»нын жакшылыгы да, жамандыгы да Алла тааладан деп ыйман келтириши керек. Т.а. өзү өкүмдарлык кыла турган чөйрөдөн тышкарыдагы иштер Алла тааладан деп ыйман келтириши керек. Ошондой эле «кадар»дын жакшылыгы да, жамандыгы да Алла тааладан деп ыйман келтириши керек. Т.а. нерселердин табигый касиеттери жакшы натыйжага түрткү болсо да, жаман натыйжага түрткү болсо да, Алла таала тарабынан белгиленген деп ыйман келтириши керек. Бул иштерге махлук инсандын эч кандай таасири жок. Мисалы, адамдын ажалы, ырыскысы, кала берсе өзү да Алла таала тарабынан белгиленет. Ошондой эле нав гарыйзасындагы жыныстык козголуу, бако гарыйзасындагы мүлкчүлүккө умтулуу, узвий хажаттардагы ачкалык, чаңкоо касиеттери – булардын баары Алла таала тарабынан жаратылган.

Бул айтылгандар адам үстүнөн өкүмдарлык кылган чөйрөдө жүз бере турган иштерге жана нерселердин касиеттерине тиешелүү болду. Ал эми адам өзү өкүмдарлык кыла турган чөйрөдө болсо – Алланын шариятыбы же башкабы – адам өзү тандаган түзүм (мыйзамдар) негизинде ыктыярына ээ болуп жашайт. Бул чөйрөдө адам тарабынан же ага карата боло турган бардык иштер анын ыктыяры менен гана болот. Мисалы, ал каалаганда басат, жейт, ичет, сапар тартат жана каалаган убакта булардан баш тартат. Ал каалаганда от менен күйгүзөт, бычак менен кесет жана нав талабын, мүлкчүлүк талабын, аш казан талабын каалагандай кандырат. Булардын баарын өз ыктыяры менен аткарат же бул иштерден ыктыярдуу түрдө баш тартат. Ошондуктан, адам бул чөйрөдө кылган иштерине жооп берет.

Алла Таала жараткан нерселердин касиеттери, гарыйза, узвий хажаттардын касиеттери иштердин натыйжа беришине таасир көрсөтсө да, бирок, бул касиеттер эч кандай ишти аткарбайт. Балким, ушул касиеттерди иштетүү учурунда, адам алардын катышуусунда (васита) бир ишти аткарат. Мисалы, нав гарыйзасындагы жыныстык козголуу жакшылыкка да, жамандыкка да жөндөмдүү. Ошондой эле, узвий хажаттагы талапта да жамандыкка жана жакшылыкка жөндөм бар. Бирок жакшылык жана жамандыкты ишке ашыруучу тарап адам болот, гарыйза жана узвий хажаттар эмес. Алла таала адамда нерселерди ажыратып-айырмалай турган акылды жаратып, акылдын табиятына идирек, ажыратуу касиетин берди. Кийин адамга жакшылык жана жамандык жолун көрсөтүп койду:

﴿ وَهَدَيْنَٰهُ ٱلنَّجْدَيْنِ ﴾

***«Биз аны эки жолго багыттап койдук»,*** **[90:10]**

Акыл табиятына бузукулукту (фужур), аруулукту (таква) идирек кылуу касиетин берди:

﴿ فَأَلْهَمَهَا فُجُورَهَا وَتَقْوَىٰهَا ﴾

***«Алла адамга фужурду жана такваlыкты таанытып койду».*** **[91:8]**

Демек адам гарыйза, узвий хажат талаптарын Алланын буйрук-кайтарууларына ылайык кандырса, жакшы иш кылган болот да, таква жолдон жүргөн болот. Ал эми адам гарыйза, узвий хажат талаптарын Алланын буйрук-кайтарууларына баш ийбей кандырса, жаман иш кылган болот да, фужур жолуна кирген болот. Мында жакшылык жана жамандык адам тарабынан аткарылууда же ага карата кылынууда. Демек, муктаждыктарын Алланын буйрук-кайтарууларына ылайык кандыруу менен жакшы иш кылып жаткан да адамдын өзү, алардан жүз үйрүү менен жаман иш кылып жаткан да адамдын өзү. Демек, ушул негизде, адам өзү өкүмдар болгон чөйрөдө кылынган иштери боюнча эсеп-китеп кылынып, сыйланат же жазаланат. Себеби, адам бул иштерди мажбурланбаган абалда өз

ыктыяры менен аткарат. Мындан тышкары, адамдагы гарыйза, узвий хажаттардын касиеттери, алардын жакшылыкка да, жамандыкка да жөндөмдүүлүгү Алла таала тарабынан жаратылган болсо да, бирок Алла таала бул касиеттерди Өзү ыраазы боло турган же каардана турган иштерге, башкача айтканда, жакшы-жаман иштерге адамды мажбурлоочу кылып жараткан эмес. Мисалы, оттогу күйгүзүү касиети – Алланы ыраазы кыла турган же каарын келтире турган ишке иштетилеби б.а. жакшылыкка же жамандыкка иштетилеби – бул касиет т.а. күйгүзүү касиети адамды аны аткарууга мажбурлоочу болуп жаратылган эмес. Эгер адам бул касиеттерди иштетүүнү кааласа, өзү каалагандай иштете берет. Алла таала адамды, андагы гарыйзаларды, узвий хажаттарды, жакшы-жаманды ажыратуучу акылды жаратканда, ушулар менен бирге, адамга бир ишти кылуу же кылбоо ыктыярын да берген. Бир ишти кылууга же кылбоого мажбур кылган эмес. Нерселерде, гарыйзаларда, узвий хажаттарда адамды бир ишти кылууга же кылбоого мажбур кыла турган касиет жараткан жок. Жакшы-жаманды ажырата ала турган акыл жардамында адам бир ишти кылуу жана кылбоо ыктыярына ээ. Алла таала адамга акылды бергенде, аны шарият алдындагы жоопкерчиликтин негизги шарты кылып койду. Ошондуктан, адамдын жакшы иши үчүн сооп-сыйлык белгиледи, анткени, анын акылы ишти Алланын буйрук-кайтаруулары негизинде аткарууну тандады. Жаман иши үчүн адамга жаза белгиледи, анткени, анын акылы Алланын буйруктарына тескери аракет кылууну тандады жана гарыйза, узвий хажаттар талабын кандырууда Алла кайтарган иштерди кылды. Адамдын мындай иштери үчүн жазаланышы туура жана адилет болот. Себеби, ал бул ишти кылууда ыктыярдуу болгон, мажбур кылынбаган. Бул иштин каза-кадарга эч кандай тиешеси жок. Бул жердеги маселе башкача: адам бул ишти өз ыктыяры менен кылган. Ошондуктан, ал кылган ишине жооп берет:

﴿ كُلُّ نَفْسٍ بِمَا كَسَبَتْ رَهِينَةٌ ﴾

***«Ар бир жан кылган ишине барымта** (б.а. жоопкер) **болот».*** **[74:38]**

Эми Алла тааланын илимине келсек, ал адамды бир ишти кылууга мажбур кылбайт. Алла адамдын өз ыктыяры менен эмне кылышын билет, бирок, адам өз иштерин Алланын илимине негизделип аткарбайт. Болгону, Алланын азалий илиминде адамдын ушул ишти аткарышы белгилүү. «Лавхул махфузда жазып коюлган» деген сөз Алла тааланын илими бардык нерсени камтып алгандыгын гана түшүндүрөт.

Алла тааланын ирадасына келсек, ал да адамды бир ишти кылууга мажбур кылбайт. Алланын ирадасын мындайча түшүнүү керек: Алланын мүлкүндө (барлык-ааламда) Ал каалаган нерсе гана болот. Башкача айтканда, барлыктагы бирер нерсенин болушунда Алла мажбур болуп калбайт. Эгер адам бир ишти кылган болсо – Алла таала ал ишти кылуудан

тоспой жана мажбур да кылбай, өз ыктыярына таштап койгон болсо – анын бул иши Алланын ирадасы менен кылынган болот т.а. мындай абалда Алла таала мажбур болуп калбайт. Демек, пенде өзү аткарган иш анын ыктыяры менен болот, Алла тааланын ирадасы аны бул ишти аткарууга мажбур кылбайт.

Каза жана кадар маселеси ушул. Каза жана кадар жөнүндөгү түшүнүк адамды жакшы иштерге үндөйт, жаман иштерден кайтарат. Себеби, адам каза жана кадар жөнүндө толук түшүнүккө ээ болгондон кийин, Алла таала аны дайыма күзөтүп турушун, кылмышы үчүн эсеп-китеп кылышын, ага бир ишти кылуу же кылбоо ыктыярын бергенин, бул ыктыярдан туура пайдалана албаса, катуу азапка кириптер болушун билип алат. Мына ошондуктан, каза жана кадардын акыйкатын билген, Алла таала берген акыл жана ыктыяр деген неъматтын акыйкатын түшүнгөн, чын дилден ишенген момун дайым Алланын көзөмөлүндө экендигин олуттуу ойлойт, Алла тааладан айбыгат. Илахий буйруктарды аткарууга аракет кылат, кайтарылган иштерден этияттанат. Анын азабынан коркуп, жаннатынан үмүт кылат. Булардан да улуураак неъматка, башкача айтканда, Алла субханаху ва тааланын ыраазылыгына жетишүүгө умтулат.

# Исламдагы пикирий жетекчилик

Пикирлөө төмөндөгөндө адамдар арасында мекенчилдик робитасы (байланышы) пайда болот. Мунун себеби, адамдар бир жайда жашап, ал жерге жакшылап орношуп алышкан соң, бако гарыйзасы (жашоо үчүн күрөш инстинкти) өздөрүн коргоого жана өз кезегинде жашап жаткан шаарын, бут астындагы жерди коргоого үндөйт. Мына ошондо мекенчилдик робитасы пайда болот. Бул эң күчсүз жана төмөн робита болуп саналат. Бул робита адамдарда болгону сыяктуу эле, айбанаттарда да, канаттууларда да болот. Ал ар дайым сезим түрүндө болот. Бул мекенчилдик робитасы мекенге бөлөк бирөөлөр чабуул жасаганда, же басып алуу ниетинде кол салганда таасир көрсөтөт. Бирок, эч ким кол салбай, тынчтык өкүм сүргөн убакта анын таасири болбойт. Эгер баскынчылар мекенден кайтарылса же кууп чыгарылса, анын кызматы бүтөт. Мына ошондуктан да, ал төмөн робита болуп эсептелет.

Пикирлөө тарыганда адамдар арасында улутчулдук робитасы пайда болот. Өзү бул үй-бүлөлүк робита, бирок, анын кеңирээк бир формасы. Адамда бако гарыйзасы бар жана андан жетекчиликти сүйүү сезими келип чыгат. Бул пикири төмөн кишилерде жекече абалда көрүнөт. Анын аң-сезими өскөн сайын, андагы жетекчиликти сүйүү да өсүп бара берет. Оболу үй-бүлөсүнүн, андан кийин туугандарынын жетекчи болушун каалайт. Андан кийин майдан кеңейип, идиреги өскөн сайын өз мекенинде өз улутунун жетекчи болушун көздөй баштайт. Буга жетишкенден кийин, эми мындан башкалардын да үстүнөн жетекчилик кылуусун көздөй баштайт. Демек, алгач бир сулале ичиндеги "мен"дердин ортосунда жетекчилик үчүн чыр-чатактар келип чыгат. Бул сулале ичинде жеңген киши жетекчиликти колго алгандан кийин, эми өз кезегинде, бул сулале менен башка сулалелер ортосунда жетекчилик үчүн чыр-чатактар башталат. Ошентип, улутка жетекчилик кылуу бир сулалеге же бир нече сулалелерден куралган бир тайпа кишилердин колуна өтсө, эми бул улут менен башкалардын ортосунда дүйнөгө жетекчилик кылуу үчүн чыр-чатактар чыга берет. Ошондуктан, улутчулдук робитасы менен байланышкан кишилер тарапкеч болушат жана жалаң гана бири-бирин колдоп-кубатташат. Мына ошондуктан да, ал адамгерчиликке жат болгон робита. Эгер тышкы чыр-чатак болбосо, бул робита дайыма ички чыр-чатакты козгоп турат.

Ушулардан улам, мекенчилдик робитасы туура эмес (фасад) робита экендигинин үч себеби бар: 1. Бул робита, адам ойгонуу жолуна карай баратканда, адам менен адамды байланыштырууда пайда бербей турган төмөн робита; 2. Бул робита өз жанын коргоо жолунда бако гарыйзасынан келип чыккан сезимге тиешелүү. Ал эми сезимге тиешелүү робитаны ар качан өзгөртүп жиберүүгө болот. Ошондуктан, ал адам менен адамды дайымий байланыштырып турууга жарабайт; 3. Бул робита коргонуу

абалында убактынчалык гана пайда болот, ал эми адамдын негизги абалы болгон тынчтык-туруктуулук абалында жок болот. Мына ошондуктан, ал адам перзенттерин өз ара байланыштыра турган робита болууга жарабайт.

Улутчулдук робитасы да үч себептен улам туура эмес: 1. Бул робита – уруучулдук робитасы. Адам ойгонуу жолуна көздөй бараткан убакта, ал адам менен адамдын арасын байланыштырууга жарабайт; 2. Бул робита бако гарыйзасынан келип чыккан сезимге тиешелүү. Андан жетекчиликти сүйүү кесели пайда болот; 3. Бул робита адамгерчиликке жат. Анткени, ал адамдар арасындагы жетекчилик үчүн чыккан чыр-чатактарга себепчи болот. Мына ошондуктан, ал адам перзенттеринин арасын байланыштырууга жарабайт.

Булардын катарында, адамдар арасын байланыштыргандай туюлуп жаткан бир канча туура эмес робиталар да бар: алардын бири – пайдага негизделген (маслахийя) робита; кийинкиси, өзүнөн түзүм келип чыкпай турган куру рухий робита.

Пайдага негизделген робита убактылуу робита болуп саналат жана ал адам перзенттеринин арасын байланыштырууга жарабайт. Себеби, мурункусунан чоңураак пайда туш келип калса, соодалашылат б.а. салыштырылат да, кийинкисине өтүп кетилет. Мындан сырткары, көздөлгөн пайдалар бири-бирине тескери болуп калса, робита дароо токтойт. О.э. пайдага негизделген робита адамдарды бири-биринен ажыратып жиберет, себеби, көздөлгөн кызыкчылыкка жетишилгенден кийин байланыш үзүлөт. Мына ошондуктан, мындай робита аны ээрчигендер үчүн кооптуу.

Түзүм келип чыкпай турган куру рухий робита болсо, болгону диндарлык чөйрөсүндө гана көрүнөт, турмуш майданында көрүнбөйт. Ошондуктан, ал жузъий робита болуп саналат жана иш жүзүндөгү робита боло албайт. Ал турмуш иштеринде адамдарды байлап турууга жарабайт. Мына ошондуктан, Европа элдеринин бардыгы христианчылык (насроний) акыйдасына итикад кылышына карабастан, бул акыйда алардын арасын байлоого жараган жок. Себеби, ал – өз түзүмүнө ээ болбогон рухий робита.

Тыянактап айтканда, жогорудагы бардык робиталар ойгонуу жолуна карай бараткында, турмушта адамдардын арасын байланыштырууга жарабайт. Турмушта адамдардын арасын байлап турууга жарактуу болгон туура робита – өзүнөн түзүм келип чыга турган аклий акыйда робитасы. Бул мабдаий робита деп да аталат.

Мабда (идеология) – өзүнөн түзүм (система) келип чыга турган аклий акыйда. Акыйда – аалам, адам, тирүүлүк жөнүндөгү; алардан мурунку барлык жана кийинки жашоо жөнүндөгү; алардын мурунку барлыкка жана кийинки жашоого болгон байланышы жөнүндөгү жалпы (куллий) пикир. Ал эми ушул акыйдадан келип чыккан түзүм – бул адамдардын

проблемаларынын чечими (муалажалатуль-машакил) жана бул чечимдердин аткарылышынын, акыйданы сактоонун, мабданы жаюунун баяны. Булардын ичинен чечимдерди ишке ашыруунун, акыйданы сактоонун, даъватты жаюунун баяны – «тарыйкат» деп аталат. Калганы т.а. акыйда жана чечимдер болсо – «фикрат» деп аталат. Демек, мабда фикрат жана тарыйкаттан турат.

Мабда адамдын зээнинде пайда болот. Ал Алла таала тарабынан жеткирүү буйрулган вахий себептүү пайда болот, же адамдагы генийлик жөндөмдөн келип чыгат. Алла таала жөнөткөн вахий себептүү адам зээнинде пайда болгон мабда – эң туура мабда. Себеби, ал аалам, адам, тирүүлүктүн жаратуучусу болгон Алла таала тарабынан жөнөтүлгөн. Демек, ал катъий мабда. Ал эми, адамдын зээнинде генийлик себептүү пайда болгон мабда – туура эмес мабда. Себеби, ал барлыктын баарын камтууга алсыз болгон, чектелген акылдан келип чыгат. Мындан сырткары, адамдардын тартиптер (танзим) жөнүндөгү түшүнүктөрү айырмалуу (тафавут), кайчылаш (ихтилаф), карама-каршы (танакуз) болгондуктан, ал өзү жашап жаткан чөйрөдөн сөзсүз таасирленет да, натыйжада, адамзатты бактысыздыкка алып баруучу карама-каршылыктуу түзүмдү ойлоп чыгарышат. Мына ошондуктан, адам зээни ойлоп чыгарган мабда акыйда жагынан да, акыйдадан келип чыга турган түзүм жагынан да туура эмес.

Демек, мабданын негизи – аалам, адам, тирүүлүк жөнүндөгү жалпы пикир. Мабда мавжуд (бар) болушу үчүн – аны вужудга келтире турган жана анын турмуш майданында аткарылышын камсыздай турган тарыйкат – ошол жалпы пикирдин ажыралгыс бөлүгү болушу керек. Жалпы пикирдин негиз болушунун себеби, ал – акыйда, ал – пикирий пайдубал (коидатуль-фикрийя), ал – пикирий жетекчилик (кыядатуль-фикрийя). Анын негизинде адамдын пикирий багыты жана турмуштагы көз карашы (назар) белгиленет. Ал бардык пикирлерге пайдубал болот жана турмуштагы бардык проблемалардын чечимдери андан келип чыгат. Ал эми, тарыйкаттын зарылдыгына келсек, эгер акыйдадан келип чыккан түзүмдө чечимдердин аткарылыш абалы (кайфият) баяндалбаса, акыйданы сактоо абалы баяндалбаса, мабданы жаюу даъватынын абалы баяндалбаса, анда фикрат кыялдарга (хаялий фараз) негизделген, китептер ичинде калып кете турган, дүйнө турмушунда эч кандай таасири жок куру философия болуп калат. Ошондуктан, мабда мавжуд болушу үчүн акыйда, проблемалардын чечимдери, тарыйкат болушу керек. Бирок, өзүнөн түзүм келип чыга турган акыйдада фикрат менен тарыйкаттын болушунун өзү мабданын туура экендигин билдирбейт, болгону, анын мабда экендигин гана билдирет, мындан башканы билдирбейт. Ал эми мабданын туура же натуура экендиги акыйдасынын туура же натуура экендигине карай белгиленет. Себеби, бул акыйда – ар бир пикир анын үстүнө курула турган, ар кандай көз карашы ага карай белгилене турган,

андан бардык чечимдер жана тарыйкат келип чыга турган пикирий пайдубал. Мына ошондуктан, бул пикирий пайдубал туура болсо, мабда туура болот. Эгер ал туура эмес болсо, мабда түп-негизинен туура эмес болот.

Пикирий пайдубал адамдын жаратылыш табиятына (фитрат) дал келсе жана акылга негизделген болсо, ал туура пайдубал болот. Эгер адам табиятына дал келбесе же акылга негизделбесе, анда ал туура эмес пайдубал болот. "Пикирий пайдубал адам табиятына дал келсе" деген сөздүн мааниси мындай: фитратка дал келген пикирий пайдубал адамдын табиятындагы алсыздыкты (ажиз) жана жашоосун тартипке салып туруучу жаратуучуга (Холики Мудаббир) болгон муктаждыкты моюнга алат. Башкача айтканда, тадайюн гарыйзасына дал келет. Пикирий пайдубалдын акылга негизделгендигинин мааниси – бул анын материяга же орто чечимге негизделбегендиги.

Эгер бүгүнкү дүйнөнү текшерип көрсөк, болгону үч гана мабда бар экендигин билебиз. Алар: капитализм; социализм (о.э. коммунизм); үчүнчү мабда – Ислам. Бул мабдалардын абалкы экөөсүн бир же бир нече мамлекеттер турмушта колдонуп (татбик) жатышат. Ал эми, үчүнчү мабданы турмушта колдонгон бир да мамлекет жок, бирок, аны калк ичиндеги жеке адамдар өз турмуштарында колдонуп жатышат. Ошондой болсо да, ал жер жүзүнүн бардык жерлеринде бар.

Капитализм «динди турмуштан ажыратуу» негизине курулган. Бул пикир – анын акыйдасы, пикирий жетекчилиги жана пикирий пайдубалы. Ушул пикирий пайдубалга ылайык, адам турмушта түзүмдү өзү түзүшү керек жана анын эркиндиктери: ишеним (акыйда) эркиндиги, сөз (рай) эркиндиги, менчик (мүлк) эркиндиги жана керт баш (шахс) эркиндиги корголушу керек. Мүлк эркиндигинен капиталисттик экономикалык түзүм келип чыгат. Ушул мабданын акыйдасынан келип чыккан жана ушул мабдадагы эң көзгө көрүнүктүү аспект – бул капитализм. Ошондуктан, нерсени көзгө көрүнүктүү жагы менен атоо адатына ылайык, бул мабда «капитализм» деп аталган.

Бул мабдадагы демократия «түзүмдү адамдын өзү түзүшү керек» деген көз караштан келип чыккан. Ошондуктан, эл – бийлик (акимият) ээси, эл өзү мыйзамдарды чыгарат, акимиятты башкаруу үчүн акимди эл өзү ижарага алат жана каалаган убакта андан акимчиликти тартып алат. Акимге эл өзү каалаган түзүмдү белгилеп берет. Себеби, акимият – эл менен акимдин ортосундагы ижара келишими. Мунун шарты мындай: эл акимге өзү каалаган түзүмдү белгилеп берет – аким болсо элди ушул түзүм менен башкарат.

Демократия бул мабданын бир бөлүгү болсо да, бирок, ал экономикалык түзүмчөлүк көрүнүктүү эмес. Мунун далили мындай, Батышта экономикалык түзүм бийликке катуу таасир көрсөтөт да, бийликти капиталисттерге моюн сундуруп коёт. Ал тургай, капиталисттик мабданы кабыл

алган мамлекеттерде капиталисттер чыныгы өкүмдарлар болуп алышат. Мындан тышкары, демократия ушул мабдага гана таандык эмес, коммунисттер да «бизде демократия бар, бийлик – элдики» дешет. Мына ошондуктан, бул мабданын «капитализм» деп аталышы туурараак.

Бул мабданын пайда болуу негизи мындайча болгон: Европа жана Россиядагы императорлор менен падышалар элди эксплуатациялоодо, зулум кылууда (укуктарын тебелөөдө), канын соруу да динди курал катары пайдаланышкан жана мындай иштерди дин кишилери аркылуу кылышкан. Мындан аёосуз күрөштөр келип чыкты. Күрөштөр жүрүшүндө бир топ философтор, ойчулдар (муфаккир) жетишип чыкты. Алардын айрымдары динди бүтүндөй жокко чыгарышкан (инкар); айрымдары болсо динди тан алышкан (иътираф), бирок, аны турмуштан ажыратууга чакырышкан. Акыры көпчүлүк философ жана муфаккирлер бир пикирге – «динди турмуштан ажыратуу керек» - деген пикирге келип токтошту. Натыйжада, бул табигый түрдө, динди мамлекеттен ажыратууга алып келди. Андан соң, "дин жөнүндө аны жокко чыгаруу керекпи же тан алуу керекпи деген темада талкуу жүргүзүлбөсүн" деген пикирге келип, "динди турмуштан ажыратуу керек" деген токтомго токтолуу менен талкууга чек коюлду. Бул фикрат диндин аты менен бардыгын өздөрүнө моюн сундурууну каалаган диний жетекчилер менен – динди да, диний жетекчилердин бийлигин да инкар кыла турган философ, муфаккирлер ортосундагы «орточо чечим» деп кабыл алынды. Себеби, бул фикрат динди инкар кылган жок, бирок, диндин турмушка тиешеси жок деди жана аны турмуштан ажыратып койду. Батыштыктар үчүн мына ушул акыйда – бардык пикирлер анын үстүнө курула турган пикирий пайдубал болуп, анын негизинде адамдын пикирий багыты жана турмуштагы көз карашы белгиленет, турмуштун бардык проблемалары ошонун негизинде чечилет. Бул акыйданы Батыш пикирий жетекчилик катары бүткүл дүйнөгө жаюуда жана бүткүл ааламды ага чакырууда.

«Динди турмуштан ажыратуу» акыйдасы дин деген нерсенин бар экенин тымызын тан алат б.а. аалам, адам, тирүүлүктүн жаратуучусу бар экенин, кайра тирилүү күнү бар экенин тымызын мойнуна алат. Себеби, бул эки түшүнүк диндин негизи эсептелет. Ушул моюнга алуу – аалам, адам, тирүүлүк; дүйнө турмушунан мурунку барлык; дүйнө турмушунан кийинки жашоо жөнүндө – пикир берүү дегени. Бул акыйда динди жокко чыгарбайт. Динди турмуштан ажыратуу пикирин бергенде, анын бар экендигин тымызын тан алат да, муну менен диндин бар экендигин тастыктаган болот. «Дин турмуштан ажыраган» дегенде, «турмуштун өзүнөн мурункуга жана өзүнөн кийинкиге эч кандай байланышы жок» «дин – жалаң гана жеке адам менен жаратуучунун ортосундагы байланыш» деген пикирди берет. Ошентип, динди турмуштан ажыратуу акыйдасы толук маанисинде – аалам, адам, тирүүлүк жөнүндөгү – жалпы пикир болуп саналат. Ушундан келип чыгып, капитализм мабдасы – жогоруда

баяндап бергенибизге ылайык – башка мабдалар сыяктуу мабда болуп эсептелет.

Социализмдин о.э. андагы коммунизмдин райы мындай: "Аалам, адам, тирүүлүк жалаң гана материядан турат. Материя болсо бардык нерселердин түп негизи. Бардык нерселер анын эволоциялык өнүгүүсүнөн пайда болгон. Материядан башка эч нерсе жок. Материянын башталышы да жок (азалий), акыры да жок (кадимий). Аны эч ким жараткан эмес т.а. ал болушу зарыл болгон нерсе (важибул вужуд)". Мына ошондуктан, алар нерселердин жаратуучу тарабынан жаратылгандыгын жокко чыгарышат. Б.а. нерселердеги рухий жакты инкар кылышат, «анын бар экендигин тан алуу турмуш үчүн кооптуу» деп эсептешет. Мына ошондуктан, алар «дин – адамдарды мас кылуучу, иштен тосуп коюучу апийим» деп айтышкан. Алардын назарында "материядан башка нерсе жок, ал тургай, пикир да материянын мээдеги чагылдырылышы". "Ушуга ылайык, материя пикирдин да жана башка бардык нерселердин да түп-негизи. Бардык нерселер анын эволюциялык өнүгүүсүнөн пайда болгон" дешет. Ушуга негизделип, алар жаратуучунун бар экендигин жокко чыгарышат, материяны азалий дешет. Турмуштан мурунку барлыкты да, турмуштан кийинки жашоону да жокко чыгарышат, дүйнө турмушун гана тан алышат.

Бул эки мабданын адам, аалам, тирүүлүк жөнүндөгү негизги көз карашы (назар) бири-бирине тескери келгени менен, бирок, төмөнкү түшүнүктөрү дал келет: Адамдын жогорку идеалдары – анын өзү тарабынан белгилене турган жогорку баалуулуктар (кыймат). Бакыт болсо – дене ырахаттарынын көбүрөөгүнө жетишүү. Алардын назарында, бул нерсе бакытка алып барат же ошонун өзү бакыт. Бул мабдалардын адамга шахсий эркиндик берилиши тууралсындагы түшүнүктөрү да бирдей: «Эгер адам шахсий эркиндигин пайдалануудан өз бактысын көрө алса, андан каалагандай пайдалансын». Ошондуктан, шахстын жашоо образы же шахсий эркиндиги бул мабдалар эң ыйык туткан түшүнүктөрдөн.

Бирок, бул эки мабданын жеке адам (фард) жана коомго болгон көз карашы бири-бирине тескери келет. Капитализм – жекечиликти жактай турган мабда. Ал «коом жеке адамдардан курулат» дейт. Ал эми коомго болсо экинчи даражада карайт да, назарын өзгөчө жеке адамга бурат. Мына ошондуктан, жеке адамдын бардык эркиндиктери кепилдениши керек. Ушундан улам, ишеним (акыйда) эркиндиги капитализм ыйык туткан түшүнүктөрдүн бири болуп калган. Экономикалык эркиндик да ыйык эсептелет жана алардын философиясына ылайык, ал чектелбейт, болгону, башка эркиндиктер кепилдениши үчүн мамлекет тарабынан чектелет. Мамлекет бул чектөөнү аскер күчү жана мыйзам катуулугу аркылуу ишке ашырат. Бирок, «мамлекет – каражат гана, ал – максат эмес». Ошондуктан, кожоюндук мамлекетке эмес, жеке адамдарга тиешелүү болуп калат. Ошентип, капитализм мабдасы "динди турмуштан ажыра-

туу” деген пикирий жетекчиликти жаят; ага негизделген түзүмдөр менен башкарат; баарын ага чакырат; аны бардык жерде колдонууга умтулат.

Ал эми социализм (о.э. коммунизм) мабдасынын көз карашына ылайык, коом – бул адамдардан жана алардын табиятка болгон алакаларынан турган бир бүтүн бирикме. Ал качып кутулгус жана чектелген алакаларга адамдар мажбурлуу жана автоматтык түрдө баш иет. Бул бирикме: табият, адамдар, алакалар – бардыгы бир бүтүн нерсе. Булар бири-биринен ажыралган бөлүктөр эмес. Мисалы, табият адам затынын бир бөлүгү эсептелет. Адам бул бөлүктү өзүндө көтөрүп жүрөт. Адам өз затынын бир тарабы эсептелүүчү табият менен болгон алакасы аркылуу өнүгөт. Себеби, адамдын табият менен болгон алакасы – нерсенин өзүнө болгон алакасындай. Мына ошондуктан, коом бир бүтүн бирикме болуп, эволюциялык көрүнүштө өнүгүп барат. Шестернядагы тиштин айланганы сыяктуу, жеке адам да ушул бирикмеден калбай кошо айланат. Ошондуктан, социалисттердин назарында, жеке адам ишеним эркиндигине да, экономикалык эркиндикке да ээ эмес. Акыйда мамлекеттин каалоосуна ылайык чектелет. Экономикада да мамлекет каалаган нерсеге чектелет. Ошондуктан, мамлекет – бул мабда ыйык туткан нерселердин бири. Мына ушул материалистик философиядан бардык турмуш түзүмдөрү келип чыгат. Экономикалык түзүм калган бардык түзүмдөр үчүн эң биринчи негиз жана аспект болуп саналат.

Ошондуктан, социализм (о.э. коммунизм) мабдасы «материализм жана материалисттик өнүгүү» деген пикирий жетекчиликти жаят. Ушуга негизделген түзүмдөр менен башкарат, ага чакырат, аны бардык жерде колдонууга умтулат.

Ал эми Ислам болсо, аалам, тирүүлүк, адамдан тышкарыда аларды жараткан жаратуучу Алла тааланын бар экенин баяндайт. Мына ошондуктан Алла azза ва жалланын бар экендигине ишенүү (итикад) Исламдын негизи болду. Бул акыйда нерселердеги рухий жакты белгилеп берет. Адам, тирүүлүк, ааламдын жаратуучуга жаратылмыш (холикке махлук) экендиги – «рухий жак» деп аталат. Ушундан келип чыгып, ааламдын махлук сыпатында Жаратуучу Аллага болгон байланышы – ааламдагы рухий жак болот. Махлук тирүүлүктүн Жаратуучу Аллага болгон байланышы – тирүүлүктөгү рухий жак болот. Махлук адамдын Жаратуучу Аллага болгон байланышы – адамдагы рухий жак болот. Демек, рух дегени – адамдын Жаратуучу Алла таалага болгон байланышын идирек кылуусу.

Алла таалага ишенүүнүн артынан, сөзсүз, Мухаммад ﷺдын пайгамбар (нубуватка ээ набий), элчи (рисалат жеткирүүчү расул) экендигине о.э. Куран Алланын сөзү (калам) экендигине ишенүү керек жана бул ишенимдер натыйжасында Куранда келгендердин бардыгына ишенүү важиб. Ошондуктан, Ислам акыйдасы дүйнө турмушунан мурунку барлыкка ишенүүнү талап кылат, ал – Алла таала; бул турмуштан кийинки жашоого

ишенүүнү талап кылат, ал – Кыямат күн; Адам дүйнө турмушунда Алланын буйрук-кайтарууларына чектелген жана бул чектелүү турмуштун өзүнөн мурункуга болгон байланышы деп ишенүүнү талап кылат; Адам буйруктарды аткаргандыгы жана кайтаруулардан кайткандыгы боюнча кыяматта эсеп берүүгө чектелген, бул болсо турмуштун өзүнөн кийинкиге болгон байланышы деп ишенүүнү талап кылат. Ошондуктан, ар бир мусулман ар кандай ишти аткарып жатканда, Аллага болгон байланышын билип, бардык иштерин Алланын буйрук-кайтаруулары боюнча жүргүзүүсү керек. "Материя менен рухту кошуу" деген маани ушул. Иштерди Алланын буйрук-кайтаруулары боюнча жүргүзүүдөн көздөлгөн максат (гоя) – Алланын ыраазылыгына жетишүү. Ал эми бул иштерди кылуудан көздөлгөн максат (бул дүйнөдөгү натыйжа) – ушул иштерди кылуудан келип чыга турган кыймат.

Ошондуктан да, коомду сактоо үчүн зарыл болгон жогорку максаттар адам тарабынан белгиленбейт, балким, алар Алланын буйрук-кайтарууларынан турат. Алар туруктуу, эч качан өзгөрбөйт да өнүкпөйт. Адамзат насилин (нав) сактоо, акылды, адамдын кадыр-баркын (икром), адамдын дени-жанын (нафс), жеке менчик мүлктү, динди, коопсуздукту, мамлекетти коргоо – мына ушулар коомду сактай турган туруктуу жогорку максаттар. Алар өзгөрбөйт да өнүкпөйт. Аларды коргоо үчүн катуу жазалар белгиленген. Демек, чегаралар (худуд) жана жазалар (укубат) ошол туруктуу максаттарды кадырсызданыуудан сактоо үчүн коюлган. Бул максаттарды – алар материалдык кыймат алып келгендиктен эмес, балким, алар Алланын буйрук-кайтаруулары болгондуктары үчүн – коргоо важиб. Ошентип, бир учурдун өзүндө ар бир мусулман адам жана мамлекет бардык иштерди Алланын буйрук-кайтаруулары боюнча аткарат. Себеби, ошолор гана адамдын бардык иш-амалдарын тартипке салат. Иштерди Алланын буйрук-кайтаруулары боюнча аткаруу мусулман адамдын көңүлүн тынчтандырат (тумаънийнат). Демек, бакыт – денени ал каалагандай кандыруу жана ага ырахаттарды тартуулоо эмес, балким, Алла субханаху ва тааланы ыраазы кылуу.

Гарыйза жана узвий хажаттардын бардык талаптары: ашказан ачтыгы, жыныстык каалоо, рухий талап ж.б. кандырыла турган кылып, Ислам аларды тартипке салып койду. Лекин, биринин эсебинен экинчисин кандырбастан, бирин тизгиндеп коюп экинчисин бош коё бербестен, же бардыгын тең эч кандай тартипсиз бош койбостон кандырды. Ислам булардын бардыгын шайкеш келтирип, бир түзүмгө тизип койду. Ислам муну менен адамга бейпилдик берет, жыргалчылыкка жеткирет жана гарыйзаларды башаламан кандыруу себептүү айбандар даражасына түшүп калуудан сактайт.

Бул тартип-интизамды кепилдөө үчүн, Ислам коомго «бөлүктөргө бөлүнгүс бир бүтүндүк» деп карайт. Жеке адамды «коомдун бөлүнгүс бир бөлүгү» деп карайт. Бирок, «жеке адам коомдун бөлүнгүс бир бөлүгү»

деген сөз ал шестернянын тиштери сыяктуу деген маанини түшүндүрбөйт. Балким, кол дененин бир бөлүгү болгону сыяктуу, жеке адам да бүтүндүктүн бир бөлүгү. Ошондуктан, Ислам жеке адамга «коомдон бөлүнгөн бир бөлүк» деп эмес, «коомдун бөлүнбөй турган бир бөлүгү» катары карайт. Ар бир жеке адамга минтип караш коомду бир бүтүндүктө сактап калат. Ошол эле учурда, Ислам коомго да зор көңүл бурат. Коомду эч кандай бөлүктөргө ээ болбогон бир бүтүн нерсе деп эмес, «жеке адамдар деген бөлүктөрдөн куралган бир бүтүндүк» деп карайт. Мындайча караш бир бүтүндүктүн бөлүктөрү катары ар бир жеке адамды сактап калууга алып барат. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Алланын мыйзамдарын аткарып жаткан адам менен аткарбаган адамдын мисалы кемедеги бир коомго окшойт. Алардын айрымдары кеменин үстүңкү кабатынан, айрымдары астынан жай алышкан. Кеменин астыңкы кабатындагылар суу алышмакчы болсо, үстүңкүлөрдү басып өтүшчү. Ошондо алар «жогорудагыларды козгобой эле ушул жерден тешип ала калсак кантет» деп калышты... Эгер үстүңкүлөр аларды өз абалына таштап коюшса, бардыгы өлүшөт. Эгер токтотуп калышса, өздөрү да, кеменин астыңкы бөлүгүндөгүлөр да – бардыгы аман калышат».

Коом жана жеке адамга мындайча караш коом жөнүндөгү өзгөчө түшүнүктү берет. Коомдун бөлүнгүс бөлүктөрү болгон жеке адамдарда – алар аны менен жашай турган жана аларды бири-бирине байлай турган – пикирлер болушу керек; баары таасирлене турган, аларды алдыга умтулдура турган бир кыл туйгулар болушу керек; турмуш проблемаларынын бардыгын чечип бере турган бир кыл түзүм (мыйзамдар) болушу керек. Демек, коом: адамдар, пикирлер, туйгулар жана мыйзамдардан турат. Адам турмушта ушул пикирлер, туйгулар жана мыйзамдар менен чектелген. Мына ошондуктан, мусулман адам турмушта бардык нерседе Ислам менен чектелген. Анда таптакыр эркиндик жок. Мусулман адамдын акыйдасы да бүтүндөй Ислам менен чектелген, анда ишеним эркиндиги жок. Мына ошондуктан, анын динден чыгышы – эгер тообо келтирип, динге кайтпаса – өлүмгө өкүм кылына турган чоң кылмыш эсептелет. Адамдын жекече турмушу да ислам мыйзамдары менен чектелген. Ошондуктан, зина адамдардын көз алдында аёосуз жазалана турган кылмыш эсептелет.

﴿ وَلۡيَشۡهَدۡ عَذَابَهُمَا طَآئِفَةٞ مِّنَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ ﴾

***«Алардын азапталып жатканына бир тайпа момундар күбө болушсун».*** **[24:2]**

Арак ичүү жазаланууга себеп боло турган кылмыш эсептелет. Башка бирөөлөргө кол салуу да кылмыш эсептелет. Бул кол салуунун түрлөрүнө карай – жалган жалаа жабуу (казф), адам өлтүрүү (катл) ж.б. – ага бериле турган жазалар да ар түрдүү болот. Экономикалык тармак да ша-

рият менен чектелген. Ошондуктан, жеке адам мүлккө ээ болуу себептерине чектелет. Мисалы, жеке менчик акыйкатына чектелет. "Жеке менчик – бул нерседен (айн) пайдаланууга Шариъ берген уруксат". Бул чегаралардан чыгуу кылмыш эсептелет. Бул чектен чыгуунун түрлөрүнө карай – уурулук, каракчылык ж.б. – аларга бериле турган жазалар да ар түрдүү болот. Мына ошондуктан, коомду жана жеке адамды коргой турган, түзүмдү коомдо колдоно турган мамлекет болушу керек. Мабданы кабыл алган адамдарда ушул мабданын таасири болуусу керек. Анткени, муну менен мабданы коргоо адамдардын өздөрү тарабынан табигый түрдө болот. Мына ошондо гана мабда адамдарды мыйзам чегинде түрдүү кылмыштардан сактап тура алат. Мамлекет мыйзамдарды турмушка ашыруучу аппаратка айланат. Ошондуктан кожоюндук (сиядат) шарияттыкы гана болот, мамлекеттики да, үммөттүкү да эмес, мейли, бийлик (султанат) үммөттүкү болуп, мамлекет аркылуу көрүнүп жатса да. Демек, түзүмдү аткаруунун тарыйкаты – мамлекет, мейли, Ислам өкүмдөрүн аткаруудагы негизги таяныч момун адамдагы Алладан коркуу (таква) болсо да. Ушуга ылайык, мамлекет аткара турган мыйзамчылык (шарият мыйзамдары иштелип чыгышы) керек. О.э. Алладан таква кылуунун талабына ылайык, Исламды толук аткаруусу үчүн момунду багыттандырып туруучу көрсөтмө болушу да зарыл. Ушулардан белгилүү болгондой, Ислам акыйда жана түзүмдөрдөн турат. Ислам мабдасы болсо фикраттан жана ушул фикраттын жынысынан келип чыккан тарыйкаттан турат. Анын түзүмү акыйдасынан келип чыгат. Ислам дүйнө карашы (хазорат) болсо, жашоодо белгилүү бир турмуш таризи катары көрүнүп турат. Даъватты жаюудагы Ислам тарыйкаты – мамлекет тарабынан Исламды ичкериде колдонуу (татбик) жана бүткүл ааламга пикирий жетекчилик катары алып чыгуу. Мына ушул Ислам түзүмүн түшүнүүнүн жана ага амал кылуунун негизи. Ислам түзүмү менен башкарылып жаткан коомдо Исламдын бардык мыйзамдарына амал кылуу – Ислам даъватын жаюу болуп эсептелет. Себеби, Ислам түзүмүнүн кайрымусулман элдерге колдонулушу даъваттын амалий тарыйкаты болуп саналат. Кең кулач жайган Ислам ааламынын пайда болушунда мындай колдонуунун эң зор таасири болгон.

Тыянактап айтканда, бүткүл дүйнөдөгү мабдалар үчөө: капитализм, социализм (о.э. коммунизм), үчүнчү мабда – Ислам. Бул мабдалардын ар биринин өз акыйдасы жана акыйдасынан келип чыга турган түзүмү бар. О.э. адамдын турмуштагы иштерин өлчөй турган өлчөөсү (микяс), коомго карата өзгөчө көз карашы, түзүмдү колдоно турган тарыйкаты бар.

Акыйда жагынан карасак, коммунизм мабдасынын пикири мындай: Материя – бардык нерселердин негизи. Бардык нерселер материянын эволюциялык өнүгүүсүнөн пайда болгон. Капитализм мабдасынын пикири мындай: динди турмуштан ажыратуу керек. Мунун натыйжасында, дин мамлекеттен да ажыратылат. Капиталисттер жаратуучу барбы же жокпу

деп талкуу жүргүзүүнү каалашпайт. Алардын талкуусу – барбы-жокпу, айырмасыз – жаратуучунун турмушка эч кандай тиешеси жоктугу жөнүндө жүрөт. Ошондуктан, алардын назарында, динди турмуштан ажыратуу акыйдасына ылайык, жаратуучунун бар экендигин тан алган да, танган да бирдей.

Ал эми Ислам акыйдасы мындай: Алла – бүткүл барлыктын жаратуучусу. Ал набийлер жана расулдарды адам баласына Өз динин үйрөтүү үчүн жиберген. Ал кыямат күнү адамды кылган иштери боюнча эсеп-китеп кылат. Ошондуктан, Ислам акыйдасы: Аллага, периштелерине, китептерине, пайгамбарларына, акырет күнүнө, каза жана кадардын жакшылыктары да, жамандыктары да Алладан деп ишенүүдөн турат.

Түзүмдүн акыйдадан алынышына келсек, коммунизм мабдасынын райы мындай: Түзүм өндүрүш куралдарынан алынат. Мисалы феодализм коомунда өндүрүш куралы балта болгон жана андан феодализм түзүмү алынган. Эгер коом өнүгүп капитализмге жетсе, анда өндүрүш куралы станок болот жана андан капитализм түзүмү алынат. Демек, түзүм материалисттик өнүгүүдөн алынат. Ал эми капитализм мабдасынын райы мындай: Адам динди турмуштан ажыратып жибергенден кийин, турмуштан өзү үчүн түзүм түзүп алуусу зарыл болуп калат. Натыйжада, өз турмуш чындыгынан (вакиъ) алып, өзү түзүм түзө баштайт. Ал эми Исламдын райы мындай: Алла таала турмушта ээрчиле турган түзүмдү белгилеп берди, Мухаммад ﷺды ушул түзүм менен жөнөттү жана аны адамдарга жеткирди. Демек, адам ушул түзүм менен жашашы керек. Ошондуктан, адам проблеманы үйрөнүп чыгып, анын чечимин Куран жана Сүннөттөн чыгарып алат.

Турмуштагы иштердин өлчөөсүнө назар салсак, коммунизм мабдасынын райы мындай: Материализм т.а. материалисттик түзүм – турмуштагы өлчөө. Анын өнүгүшү менен өлчөө да өнүгүп бара берет. Капитализм мабдасынын райы мындай: Турмуштагы иштердин өлчөөсү – пайда (нафъ). Иштер дал ушул пайдага карап өлчөнөт жана ушул негизде ишке ашырылат. Исламдын райы мындай: Турмуштагы иштердин өлчөөсү – адал жана арам. Т.а. Алланын буйруктары жана кайтаруулары. Адалга амал кылынат, арам ташталат. Бул өнүкпөйт да өзгөрбөйт. Анда пайда өкүмдарлык кылбайт, анда шарият гана өкүмдар болот.

Коомго болгон көз карашын карасак, коммунизм мабдасынын райы мындай: Коом – бул жер, өндүрүш куралдары, табият жана адамдардан турган жалпы бирикме. Булардын бардыгы бир эле нерсе – материя. Табият жана андагы нерселер өнүккөндө, алар менен бирге адам да өнүгөт, муну менен бүткүл коом да өнүгөт. Ошондуктан, коом материалисттик өнүгүүгө көз каранды. Эми бул өнүгүүнү тездетүү үчүн адам карама-каршылыктарды пайда кылуусу керек. Муну менен коом өнүгөт, бул өнүгүү менен бирге жеке адам да өнүгөт. Шестернядагы тиштер айлангандай, ал да коом менен бирге айланат.

Ал эми капитализм мабдасынын райы мындай: коом жеке адамдардан куралат. Жеке адамдардын иштери тартипке салынса, коомдун иштери да тартипке салынат. Ошондуктан, этибарды жеке адамга гана каратуу керек. Мамлекет болсо жеке адамга кызмат кылуусу керек. Ушундан улам, бул жекечиликти жактаган мабда болду.

Ал эми Исламдын райы мындай: Коомдун негизи – акыйда, анда пикирлер, туйгулар камтылган жана андан түзүм келип чыгат. Ошондуктан, качан адамдарга исламий пикирлер, исламий туйгулар өкүмдар болсо жана аларга карата Ислам түзүмү гана колдонулса, мына ошондо Ислам коому пайда болот. Демек мындан – коом: адамдар, пикирлер, туйгулар жана мыйзамдардан – турары маалым болду. Адам башка бир адам менен биргеликте коомду эмес, жамаатты гана түзөт. Адамдар өздөрүндөгү пикирлери, туйгулары жана колдонуп жаткан мыйзамдары менен биргеликте гана коомду түзө алат. Себеби, адам менен адамдын ортосундагы алаканы пайда кыла турган нерсе – пайда (маслахат). Эми ушул пайда жөнүндөгү пикирлер бирдей болсо жана ал жөнүндөгү туйгулары ыраазылык-нааразылыкта бирдей болсо, жана проблемаларды чечип бере турган түзүм да бир кыл болсо, мына ошондо гана адам менен адамдын ортосунда алака пайда болот. Эгер пайда жөнүндөгү пикирлер ар түрдүү болсо, же ошол пайда жөнүндөгү туйгулар да ыраазылык-нааразылыкта бирдей болбосо, же адамдардын ортосундагы проблемаларды чечип бере турган мыйзамдар да бир кыл болбосо, анда алака пайда болбойт. Демек, коом да пайда болбойт. Мына ошентип, коом адамдардан, пикирлерден, туйгулардан жана мыйзамдардан куралды. Себеби, ушулар алаканы пайда кылат жана жамаатты белгилүү бир коомго айландырат.

Ушуга ылайык, коомдун көпчүлүк калкы мусулман болсо да, бирок, алардагы пикирлер капитализм, демократия пикирлери болсо; алардагы туйгулар руханий-кечилдик же мекенчилдик туйгулары болсо; аларга карата демократиялык, капиталисттик түзүмдөр колдонулуп жатса, анда мындай коом, ал тургай, бардык адамдары мусулман болсо да, исламий эмес коом болот.

Ал эми түзүмдү колдонуу (татбик) жагынан карасак, коммунизм мабдасынын райы мындай: Мамлекеттин жалгыз өзү аскер күчү жана мыйзам катуулугуна таянуу менен түзүмдү ишке ашырат. Жеке адамдын да, жамааттын да иштерин өзү башкарат. Түзүмдү да өзү өнүктүрөт.

Капитализм мабдасынын райы мындай: Мамлекет эркиндиктерди көзөмөлдөп турат. Кимдир бирөө башка бирөөнүн эркиндигине кол салса, аны дароо тыйып коёт. Себеби, мамлекет эркиндиктерди кепилдөө үчүн вужудга келген. Эгер бирөө башканын эркиндигине кол салбаса – кул кылып алса да, бардык укуктарын тартып алса да, бирок, муну анын ыраазылыгы менен кылса – мындайда эркиндиктерге кол салбаган деп эсептелет да, мамлекет буга кийлигишпейт. Демек, мамлекет эркиндиктерди кепилдөө үчүн гана түзүлгөн.

Ал эми Исламдын райы мындай: Ыймандуу адам жекече түрдө түзүмдү Алладан коркуу (таква) түрткүсү менен ишке ашырат. Мамлекет болсо, түзүмдүн адилеттүүлүгү жөнүндөгү коомчулуктун ишеними жардамында; амру маъруф жана нахий мункар иштеринде үммөттүн аким менен кызматташуусу аркылуу; өзүндөгү күч жана бийликке таянуу менен түзүмдү ишке ашырат. Мамлекет коомдун гана иштерин башкарат. Жеке адам өз иштерин башкарууга алсыздык кылып калбаса эле, анын иштерине аралашпайт. Түзүм эч качан өнүкпөйт. Эгер шарият өкүмдөрүндөгү ижтихад натыйжалары ар кыл болуп калса, мамлекет анын бирин тандап-дайындоо (табанний) укугуна ээ.

Ислам мабдасынын пикирий жетекчилиги адамдын жаратылыш табиятына (фитрат) дал келет. Ал канчалык терең болушуна карабастан, жеңил жана оңой. Заматта адам ага бүткүл акылы жана жүрөгүн ачат. Ошол замат анын терең жана назик маанилерин түшүнүп алуу үчүн жандили менен умтула баштайт. Себеби, диндарлык (тадайюн) адамда табигый. Ар бир адам, өз табиятына ылайык сыйынуучу (мутадаййин). Эч кандай күч бул табиятты андан сууруп ала албайт. Себеби, ал тубаса. Адам табигый түрдө өзүнүн кемчиликтүү (накис) экендигин; өзүнө салыштырмалуу толук кудуретке ээ бир күч бар экендигин; ошол күч ыйык тутууга ылайык (мукаддас) экендигин сезет. Тадайюн – бул иштерди тартипке салуучу жаратуучуга муктаж болуу. Бул муктаждык адамдагы табигый алсыздыктан (ажиз) келип чыгат. Тадайюн – анык бир гарыйза, анын «бир нерсени ыйык тутуу» деген белгилүү бир көрүнүшү бар. Ошондуктан да, адамзат бардык доорлордо диндар болуп, бир нерсеге сыйынып келген. Мисалы, адамга, асманга, таштарга, айбандарга, отко ж.б. нерселерге сыйынып келген. Ислам акыйдасы келип, адамзатты махлуктарга ибадат кылуудан – бүткүл нерселердин жаратуучусу болгон Алла таалага ибадат кылууга алып чыкты. Алланын бар экендигин инкар кылган, рухту да инкар кылган материалисттик мабда пайда болгондо да, ал табигый тадайюн гарыйзасын жок кыла албады. Болгону, адамдын өзүнөн чоң күч жөнүндөгү элестетүүсүн (тасаввур) өзгөрттү, ошол күчтү ыйыкташтырууну өзгөрттү. Бул чоң күч материалисттик идеологияда жана аны алып жүрүүчүлөрдө деп элестетүүгө, аны жана аларды гана ыйык тутууга үйрөттү. Бул мабда аркага кайтты. Анткени, адамдардын ыйык тутуусун Аллага ибадат кылуудан пенделерине ибадат кылууга, Алланын аяттарын ыйык тутуудан махлуктардын сөздөрүн ыйык тутууга өзгөрттү. Мына ушунусунда ал реакциондук мабда болду. Ал тадайюн табиятын жок кыла алган жок, балким, чалгытуу аркылуу реакциондук түрдө анын ордун алмаштырып койду. Мына ошондуктан, анын пикирий жетекчилиги адам табиятына тескери келет, ошондуктан ал терс (салбий) пикирий жетекчилик эсептелет. Ушундан улам, коммунизмдин пикирий жетекчилиги табигыйлык жагынан ийгиликсиздикке учурады. Ал айла иштетип, ашказанды тузак кылып алды. Ач-жылаңач, кедей-кемба-

гал, бей-бечараларды өзүнө тартты. Аны, негизинен, төмөндөшүп кеткен, турмушта ийгиликке жетише албаган, көрө албас, акыл кеселдигине чалдыккан адамдар кабыл алган. Бирок, алар бузуктугу (фасад), туура эместиги (батыл) акыл жана сезим аркылуу даана билинип турган диалектика теориясын көккө көтөрө макташканда, пикирлүү адамдар деп аталышты. Ал адамдарды мабдасына моюн сундуруу үчүн күч жана зордукчулдукту курал кылып алган. Мындан кысымга алуу, репрессия келип чыкты. Козголоң көтөрүү, туруксуздуктарды чыгаруу анын күчтүү ыкмаларынан (васийла) болуп калды.

О.э. капитализмдин пикирий жетекчилиги да адам табиятындагы тадайюн табиятына дал келбейт. Себеби, тадайюн табияты ыйык тутууда көрүнгөнү сыяктуу эле, адам турмуштагы иштерин тартиптеп жатканда (тадбир) да көрүнөт. Иштерин тартиптеп жатканда кайчы жана карама-каршы келүүлөргө дуушар болот. Бул алсыздыктын (ажиздик) белгиси. Мына ошондуктан, адамдын турмуштагы иштерин дин тартипке салуусу керек. Демек, диндин турмуштан четтетилиши адам табиятына тескери келет. Бирок, диндин турмушта болушу дегени дүйнө турмушундагы иштерди ибадаттарга айландыруу керек деген маанини түшүндүрбөйт. Диндин турмуш майданында болуусунун мааниси – Алла буйруган жана белгилеп берген түзүмдү адамдардын турмушундагы проблемаларды чечүүчү кылып коюу. Ал эми мындай түзүм болсо, адам табиятында бар болгон бардык талап жана муктаждыктарды тан ала турган акыйдадан гана келип чыгат. Мындай түзүмдү четтетип, анын ордуна тадайюн гарыйзасына дал келбеген акыйдадан келип чыга турган түзүмдү кабыл алуу адам табиятына тескери келет. Ошондуктан, капитализмдин пикирий жетекчилиги табигыйлык жагынан ийгиликсиздикке учурады. Себеби, ал динди турмуштан ажыратканы; диндарлыкты турмуштан алыстатып, аны жекече маселе кылып койгону; Алла таала буйруган түзүмдү адам проблемаларын чечүүдөн узакташтыргандыгы үчүн терс (салбий) пикирий жетекчилик болуп саналат.

Исламдыкы оң (ижабий) пикирий жетекчилик. Себеби, ал Алланын бар экендигине ишенүүдө акылды негиз кылып алат. Бардык махлукаттардын жаратуучусу болгон Алланын бар экендигине анык (жазм) ишенүүдө аалам, адам, тирүүлүккө назар салууга чакырат. Адам өзүнүн табиятына ылайык ар дайым издеген; адам, тирүүлүк, ааламда мавжуд болбогон; эч кандай кемчиликсиз Затты (камал мутлак) адамга белгилеп берет. Акылды Ага багыттайт, муну менен адам идирек кылып, ыйман келтирет.

Коммунисттик пикирий жетекчиликке акыл аркылуу жетишилген болсо да, бирок, ал акылга эмес, материяга негизделген. Себеби, «пикирден мурун материя болгон, ал бардык нерселердин негизи» дейт. Ошондуктан да, ал материализм. Капитализмдин пикирий жетекчилиги болсо, чиркөө адамдары менен пикирлүү адамдар ортосунда бир канча кылымга созулган кандуу кагылышуулардан кийин ойлоп табылган «орточо

чечим» негизине курулган. Мындан «динди мамлекеттен ажыратуу керек» деген натыйжа келип чыккан. Мына ошондуктан, бул эки пикирий жетекчилик – капитализм жана коммунизм ийгиликсиз болду. Себеби, экөө тең адам табиятына тескери келет жана акыл негизине курулбаган.

Жыйынтыктап айтканда, Исламдын пикирий жетекчилиги гана туура пикирий жетекчилик, башка пикирий жетекчиликтер туура эмес. Себеби, Исламдын пикирий жетекчилиги акыл негизине курулган. Ал эми башка пикирий жетекчиликтер акыл негизине курулбаган. Ислам пикирий жетекчилиги адамдын жаратылыш табиятына дал келип, анын бардык талаптарына жооп берет. Ал эми башка пикирий жетекчиликтер адам табиятына тескери келет. Муну мындайча түшүнүү керек: Коммунизм пикирий жетекчилиги акылга эмес, материализм негизине курулган. Себеби, ал "пикирден т.а. акылдан мурда материя болгон" дейт. Ошондуктан, алардын ишенимине караганда, материя мээде чагылдырылганда (акс) пикир пайда болот жана мээ өзүндө чагылдырылган материя жөнүндө пикирлей баштайт. Материя мээде чагылдырылбастан мурда пикир пайда болбойт. Мына ошондуктан, ар кандай нерсе материя негизине курулган. Демек, коммунисттик акыйданын, башкача айтканда, коммунисттик пикирий жетекчиликтин негизи – материя, пикир эмес.

Бул эки жактан туура эмес: Биринчиден, материя менен мээнин ортосунда эч кандай чагылдырылуу жок. Мээ материяда чагылдырылбайт. Материя да мээде чагылдырылбайт. Себеби, чагылдырылуу болушу үчүн нерселердин чагылышын көрсөтө турган чагылдыруу касиети болушу керек. Мисалы, күзгү сыяктуу. Мындай касиет мээде да, материяда да жок. Мына ошондуктан, материя менен мээнин ортосунда эч кандай чагылдыруу болбойт. Материя мээде чагылдырылбайт жана мээге көчүп да өтпөйт, балким, сезүү (хис) аркылуу мээге узатылат. Бул болсо, материянын мээде же мээнин материяда чагылдырылышы эмес, балким, материяны сезүү органдары аркылуу сезүү болот. Бул иште көз менен башка сезүү органдарынын ортосунда эч кандай айырма жок. Көрүү аркылуу сезүү мүмкүн болгону сыяктуу эле, кармалап көрүү (тери), жыттоо, даам татуу жана угуудан да сезүү пайда болот. Демек, нерселерде болуп жаткан абал мээде чагылдыруу эмес, балким, нерселерди сезүү болуп саналат. Адам беш сезүү органдарынын жардамында нерселерди сезе алат, бирок, нерселер анын мээсинде чагылдырылбайт.

Экинчиден, сезүүнүн өзүнөн эле пикир пайда боло бербейт. Мындан болгону вакиъни (реалдуулукту) сезүү пайда болот. Миллион жолу сезилсе да, ар түрдүү абалдарда сезилсе да, мындан болгону сезүү гана пайда болот, эч качан пикир пайда болбойт. Пикир пайда болушу үчүн, адамда сезген вакиъни түшүнүп алууга жардам бере турган сабик (мурунку берилген) маалымат болушу керек. Бүгүнкү күндөгү ар кандай адамды алып, анын колуна сиряний (байыркы ассирий) тилинде жазылган китепти берели, анда сиряний тили жөнүндө эч кандай маалымат

жок болсун дейли. Анан ага мүмкүнчүлүк берели, ал жазууну көзү менен көрсүн, колдору менен кармап-сезсин. Мындай сезүүнү миллион жолу кайталаса да – ага сиряний тили жана бул тилге байланыштуу башка керектүү нерселер жөнүндөгү маалымат берилбей туруп – ал бир да сөздү түшүнө албайт. Качан гана ушул маалыматтар берилсе, мына ошондо гана ал китеп жөнүндө пикирлеп, аны түшүнө баштайт. Дал ушул сыяктуу эле, бардык сезүү органдары соо болгон, бирок, эч кандай маалыматка ээ болбогон бир жаш баланы алып, алдына бир тилке алтын, бир тилке жез жана бир кичинекей ташты коюп көрөлү. Мындай сезүүлөр ар канча кайталанса да, ар кандай көрүнүштө кайталанса да, бирок, ал баары бир эч нерсени биле албайт. Лекин, ага оболу бул нерселер жөнүндөгү маалыматтар берилсе, ал нерселерди сезип, берилген маалыматтарды ишке салат да, дароо эле бул нерселерди идирек кылат (билет). Бала өсүп, жашы жыйырмага жетсе да, лекин, эч кандай маалымат албаса, анда тажрыйбанын биринчи күнүндөгүдөй эле, жогорудагы нерселерди сезимдери аркылуу сезе берет, бирок, мээсинин көлөмү чоңойгонуна карабастан, баары бир ал нерселерди биле албайт. Себеби, анда билүүнү мээ эле эмес, балким, сабик маалымат мээ менен, сезимдер аркылуу текшерилип алынган вакиъ менен биргеликте билүүнү пайда кылат. Бул акыл менен билүү б.а. аклий идирек болот. Ал эми шуурий идирек (ички сезим аркылуу билүү) болсо, гарыйза жана узвий хажаттардан пайда болот. Мындайча билүү адамдарда болгону сыяктуу эле, айбандарда да болот. Адамга алма менен таш бир нече жолу берилсе, ал алманы жеш мүмкүн экендигин, ташты жеш мүмкүн эместигин билип алат. Дал ушул сыяктуу эле, эшек дагы арпаны жеш мүмкүндүгүн, топуракты жеш мүмкүн эместигин билип алат. Бирок, мындай ажыратуу пикир да эмес, идирек да эмес. Балким, бул гарыйза жана узвий хажаттарга байланыштуу абал. Мындай ажырата билүү адамда болгону сыяктуу эле, айбанда да болот. Мына ошондуктан, вакиъ сезилип, бул сезим сезүү органдары аркылуу мээге узатылган соң, алар менен бирге мурунку (сабик) маалыматтар болбосо, эч качан пикир пайда болбойт.

Ушуга ылайык, акыл, пикир же идирек – вакиъ сезилишинен; бул сезимдин сезүү органдары аркылуу мээге узатылышынан; вакиъни түшүнүп алууга жардам бере турган сабик маалыматтын болушунан – мына ушулардан турат.

Мына ошондуктан, коммунисттик пикирий жетекчилик туура эмес жана бузук (фасад) эсептелет. Себеби, ал акыл негизине курулган эмес. Кала берсе, анда пикир жана акылдын мааниси да туура эмес чечмеленген.

Капитализмдин пикирий жетекчилиги болсо, чиркөө кишилери менен муфаккирлер ортосундагы «орточо чечим» негизине курулган. Бул пикирий жетекчилик чиркөө кишилери менен муфаккирлер ортосунда бир нече кылымдарга созулган аёосуз кагылышуулардан кийин, ушул орточо чечимге т.а. «динди турмуштан ажыратуу керек» деген келишимге келип

токтогон. Мунун мааниси – «диндин бар экендигин ичтен тымызын моюнга алып, бирок, аны турмуштан ажыратуу керек» дегени. Мына ошондуктан, бул пикирий жетекчилик акыл негизине курулбаган, балким, ал ыраазы кылуу чечими же «орточо чечим» болуп саналат. Ошон үчүн, алардагы негиз «орточо чечим» экендигин көрөбүз. Алар акыйкат менен жалганды, ыйман менен куфрду, жарыктык-нур менен караңгылык-зулматты «орточо чечим» аркылуу жакындаштырмакчы болушат. Ал эми негизи болсо, «орточо чечим»дин өзү болушу мүмкүн эмес. Себеби, коюлган маселе бир нерсенин акыйкат же жалган, ыйман же куфр, нур же зулмат экендигин чечүү да. Бирок, алардын акыйдасы жана пикирий жетекчилигинин пайдубалы болгон «орточо чечим» аларды акыйкаттан, ыймандан жана нурдан алыстатып жиберет. Мына ошондуктан, алардын пикирий жетекчилиги бузук эсептелет. Себеби, ал акыл негизине курулбаган.

Ал эми Ислам пикирий жетекчилиги болсо акыл негизине курулган. Себеби, бул пикирий жетекчилик ар бир мусулманга акыл жүргүзүү аркылуу Алланын бар экендигине, Мухаммад ﷺдын пайгамбар экендигине жана Курани Каримге ишенүүнү талап кылат. О.э. Курани Карим жана мутаватир хадис сыяктуу акыл менен далилденген булактардан алуу шарты менен, гойиб нерселерге ишенүүнү дагы фарз кылат. Мына ошондуктан да, Ислам пикирий жетекчилиги акыл негизине курулган.

Бул акыл жагынан текшерилгендеги абал. Ал эми табият жагынан текшерип көрсөк, Ислам пикирий жетекчилиги табиятка ылайык келет. Себеби, ал диндин бар экендигине, анын турмушта болушуна жана турмушту Алланын буйрук-кайтаруулары негизинде башкаруу зарыл экендигине ишенет. Тадайюн адамдын табиятында бар. Себеби, ал – гарыйзалардын бири. Анын өзүнө таандык талабы бар. Ал – ыйык тутуу. Бул талап башка гарыйзалардын талаптарынан бүтүндөй айырмаланып турат. Бул ушул гарыйзанын табигый талабы. Мына ошондуктан, динге, адамдардын турмуштагы иштери Алланын буйрук-кайтаруулары негизинде башкарылышы зарыл экендигине ишенүү табигый. Бул болсо, адам табиятына дал келет. Ошондуктан да, бул пикирий жетекчилик адам табиятына жооп бере алат.

Мунун тескерисинче, коммунизм жана капитализм пикирий жетекчиликтери адам табиятына тескери келет. Себеби, коммунизм пикирий жетекчилиги динди бүтүндөй жокко чыгарат. Динди тан алууга каршы күрөшөт. Мына ошондуктан, ал табиятка тескери. Капитализм пикирий жетекчилиги болсо, динди тан албайт да, танбайт да. Ал динди тан алууну же танууну талкуу темасы кылып албайт. Бирок, «дин турмуштан ажыратылышы керек» дейт. Ал турмушту башкарууда диндин эч кандай тиешеси болбостон, турмуш пайда (нафъ) негизинде башкарылышын каалайт. Бул болсо, адам табиятына тескери келет жана андан абдан алыс. Ошондуктан, ал да адам табиятына тескери.

Мына ушулардан тыянак чыгарсак, бир гана Исламдын пикирий жетекчилиги – адам табиятына жана акылга дал келгендиктен – эң туура пикирий жетекчилик болуп саналат, андан башкалары туура эмес. Ушул себептен улам, жалгыз Ислам пикирий жетекчилиги гана туура жана ийгиликтүү болуп калат.

Дагы бир маселе бар. Мусулмандар Исламды турмушта колдонушканбы? Же Ислам акыйдасын кабыл алышканы менен, бирок, турмушта башка түзүм жана мыйзамдарды колдонушканбы? Мунун жообу мындай: Мусулмандар бардык кылымдар бою, Расул ﷺ Мадинага жетип келген күндөн тартып, тээ 1336-хижрий, 1918-миладий жылы колонизаторлор колу менен эң акыркы Ислам мамлекети кулатылганга чейин жалаң гана Исламды колдонушкан. Бул колдонуу ушунчалык кең кулач жайып, ийгиликтин эң бийик чокуларына чыккан.

Мусулмандардын Исламды иш жүзүндө колдонгондуктарын билүү кыйын эмес. Түзүмдү мамлекет колдонот. Мамлекетте түзүмдү колдонуу иштерине тиешелүү эки адам болот:

1 - адамдар ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү (хусумат) ажырым кыла турган казы;

2 - адамдар үстүнөн өкүм жүргүзө турган аким.

Казылар Исламды иш жүзүндө колдонгондугуна келсек, ишеничтүү, фактылар менен келтирилген далилдерден белгилүү болгондой, алар адамдар ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү, Расул ﷺ жашаган доордон тээ Истанбулдагы халифалык мамлекети аяктаганга чейинки доор ичинде, турмуштун бардык иштеринде: мусулмандардын өз ара иштеринде болобу, же мусулмандардын башкалар менен болгон иштеринде болобу, айтор, бардык иштерде шарият өкүмдөрү негизинде ажырым кылышкан. Укук, жаза, жекече (шахсий) абалдар ж.б. келишпөөчүлүктөрдү ажырым кыла турган мекеме (б.а. сот) бир бүтүн мекеме болуп, ал жалгыз Ислам шарияты менен гана өкүм чыгарган. Бир да маселе Ислам шарияты өкүмдөрүнөн башка мыйзамдар негизинде ажырым кылынганы, же колонизаторлук таасири астында мекемелер шаръий мекемеге жана низомий (б.а. "светский") мекемеге бөлүп жиберилишинен мурда Ислам мамлекетиндеги бирер мекеме Исламдан башка мыйзам менен өкүм чыгарганын эч ким айта албайт. Куддус, Багдад, Дамаск, Каир, Истанбул жана башка байыркы шаарларда сакталып калган шарият мекемелеринин архивдери буга эң жаркын далил боло алат. Себеби, бул архивдер казылар жалаң гана Ислам шариятын колдонгондуктарына ачык далил болуп саналат. Ал тургай, кайрымусулман насроний жана яхудийлер да Ислам фикхин үйрөнүп, бул тармакта китептер жазышкан. Мисалы, «Мажалла»га шарх жазган Салим Баз ж.б. акыркы кылымдарда Ислам фикхи тармагында эмгектер жараткан мусулман болбогон аалымдар катарына киришет. Четтен киргизилген мыйзамдар болсо, «булар Ислам өкүмдөрүнө тескери эмес» деген уламалар фатвасына ылайык киргизил-

ген. Ошентип, 1275-хижрий, 1857-миладий жылы «Усманийлер жаза мыйзамы» киргизилди. 1276-хижрий, 1858-миладий жылы «Укук жана соода мыйзамы» киргизилди. Кийин 1288-хижрий, 1870-миладий жылы сот мекемелери эки бөлүккө – шаръий мекемелер жана низомий мекемелерге – бөлүп жиберилди, алар үчүн өз-өзүнчө сот түзүмдөрү түзүлдү. 1295-хижрий, 1877-миладий жылы низомий мекемелерди түзүү долбоору түзүлдү, 1296-хижрий, 1878-миладий жылы «укук жана жаза негиздери» мыйзамы кабыл алынды. Уламалар мамлекетке маданий (“светский”) мыйзамдарды киргизүүгө жол бере турган бир негиз таба албагандан кийин, “Мажалла” мамилелер үчүн мыйзам катары кабыл алынып, маданий мыйзамдар четтетилди. Бул иш 1286-хижрий жылы болду. Бул мыйзамдардын бардыгы Ислам уруксат бере турган өкүмдөр катары кабыл алынган. Бул мыйзамдарга уруксат бере турган фатва кабыл алынып, шайхул-Ислам макулдагандан кийин гана, аларды колдонууга киришилди. Муну ошол мыйзамдар жөнүндө алар тууралуу таркалган расмий документтерден дагы билүүгө болот. 1918-миладий жылдан тартып, башкача айтканда, колонизаторлук мамлекетти басып алгандан баштап, алар укук жана жаза маселелерин Ислам шариятысыз ажырым кыла башташты. Бирок, алар армиясы менен бастырып кирбеген мамлекеттер, мейли баскынчылардын таасири кирип келген болсо да, лекин дагы деле укуктук жактан Ислам менен өкүм жүргүзүп келе жатышат. Мисалы, Араб жарым аралынын бардыгы: Хижаз, Нажд, Кувейт о.э. Афганистан дагы деле укуктук жактан Исламды колдонуп келе жатат. Азыркы убакта акимдер бул өлкөлөрдө Исламды колдонбой жаткан болсо да, бирок бул өлкөлөр азырга чейин укуктук иштерде Ислам шарияты менен гана өкүм жүргүзүп жатышат. Мындан Ислам мамлекети бардык кылымдар бою укуктук жактан эч кандай башка мыйзамдарды колдонбой, Исламды гана колдонуп келе жаткандыгын көрөбүз.

Акимдин Исламды колдонгондугу болсо, беш нерседе: ижтимаий турмуш, экономика, таалим, тышкы саясат жана башкаруу (хукм) иштерине байланыштуу шарият өкүмдөрүндө көрүнөт. Ислам бул беш тармактын бардыгында мамлекет тарабынан колдонулган. Аялдын эр менен боло турган алакаларын жана аларга тиешелүү болгон бардык мамилелерди, башкача айтканда, шахсий абалдарды белгилеп бере турган ижтимаий мыйзамдар – колонизаторлук жана куфр мыйзамдары бар болушуна карабастан – азырга чейин колдонулуп келе жатат. Бул тармакта ушул убакка чейин башка жат мыйзамдар колдонулган эмес. Экономика мыйзамдары болсо эки тармакта көрүнөт: биринчиси, адамдардын ар түрдүү проблемаларын чечүү үчүн, мамлекет тарабынан калктан каражат (малия) жыюу кайфияты; экинчиси, бул каражатты сарптоо кайфияты. Калктан каражат жыюу кайфияты мындай болгон. Мамлекет – ибадат деген этибарда – каражаттан, жерлерден жана айбандардан зекет алып, аны Куранда айтылган сегиз түрдүү адамдарга гана бөлүп берген жана

мамлекеттин иштерин жүргүзүү (идара) үчүн аны таптакыр иштетпеген. Мамлекет жана Үммөт иштерин идара кылуу үчүн Ислам шариятына ылайык көрүнүштө гана каражат жыйган. Ошондуктан, мамлекет жерден хираж; кайрымусулмандардан жизя; ички-тышкы соодага катуу көзөмөл болушу үчүн бажыкана салыктарын алган. Ислам шарияты белгилеген орундардан гана каражат жыйган. Каражатты бөлүштүрүү жаатында болсо, мамлекет алсыз адамдарга нафака берүү өкүмдөрүн колдонгон, каражатты ыксыз сапырган жана кем акыл адамдарды каражатты сарптоодон (тасарруф) тосуп, ага васий (опекун) дайындаган. Мамлекет ар бир шаарда, ажылыкка (хаж) алып баруучу жолдордо факырларды, мискиндерди, жолоочуларды тамактандыруу үчүн туракжайлар куруп койгон. Бул туракжай эстеликтери бүгүнкү күнгө дейре мусулмандардын ири шаарларында сакталып келе жатат. Кыскасы, мамлекет тарабынан каражат сарптоо шариятка ылайык алып барылган жана эч качан шарияттан башка мыйзамдар негизинде ишке ашырылбаган. Бул тармакта байкалган кээ бир кемчиликтер шарияттын таптакыр колдонулбаганын эмес, кайдыгер же жаман колдонулганын билдирет.

Таалим саясаты да Ислам негизине курулган эле. Ислам сакофаты таалим программасынын негизи болгон. Бөтөн сакофаттарды – эгер ал Исламга тескери болсо – программага киргизбөөгө катуу көңүл бурулган. Медреселерди ачуудагы кемчиликтер Усманий мамлекеттин акыркы убактарында гана болгон жана мындай абал Ислам шаарларынын баарынан көрүнүп турган. Ушул кылымдагы пикирий төмөн кулоо мунун негизги себеби болгон. Мурунку өткөн кылымдарда болсо, Исламдын ири шаарлары бардык илимпоздорду, илим алуучуларды өзүнө тарткан борборлор болгондугу бүткүл дүйнөгө белгилүү. Дүйнөдө таалим-тарбия иштерин туура жолго коюуда Кордова, Багдад, Дамаск, Искандария, Каирдеги жогорку окуу жайларынын аябай чоң таасири болгон.

Тышкы саясат дагы Ислам негизине курулган эле. Ислам мамлекети өзүнүн башка мамлекеттер менен алып бара турган алакаларын Ислам негизине ылайык ишке ашырган. Бардык мамлекеттер ага «Ислам мамлекети» деп карашкан. Ислам мамлекетинин бардык тышкы алакалары Ислам негизи жана алар мусулман деген этибарда мусулмандар кызыкчылыгы үстүнө курулган. Ислам мамлекетинин тышкы саясаты исламий саясат болгондугу бүткүл дүйнөгө белгилүү, аны далилдеп олтуруунун эч кандай кажети жок.

Башкаруу түзүмү (низамуль-хукм) жөнүндө айта турган болсок, Исламда мамлекет жихазы сегиз түркүккө курулган. Алар:

1. Халифа – мамлекет башчысы
2. Тафвид муавини
3. Танфиз муавини
4. Жихад амири
5. Валийлер

6. Казылар
7. Мамлекет кызыкчылыктары башкармалыгы
8. Үммөт межлиси

Мындай жихаз ар дайым болгон. Мусулмандардын эч бир заманы халифасыз болбогон. Болгону, алар 1342-хижрий, 1924-миладий жылы колонизатор кафирлер Кемел Ататүрктүн колу менен Халифалык мамлекетин жок кылгандан кийин гана халифасыз калышты. Андан мурда болсо, ар дайым мусулмандар халифасы болгон. Бир халифа кетсе, анын артынан башка халифа келген, ал тургай, эң төмөндүккө түшкөн доорлордо да ушундай болгон. Халифа бар болсо, демек, Ислам мамлекети бар болот. Себеби, Ислам мамлекети – бул халифа дегени. Муавиндер да бардык кылымдарда болгон. Алар вазирлер эмес, башкарууда жана аткарууда муавиндер (жардамчылар) болушкан. Аббасийлер доорунда алар «вазирлер» деп аталган болсо да, негизинен, алар муавиндер болушкан. Демократиялык бийликте болгон вазирлик (министрлик) сапаты аларда болгон эмес. Алар халифага башкаруу жана аткарууда жардамчылар болушкан. Бардык укуктар (салахият) халифада болгон. Ал эми валийлер, казылар жана мамлекет кызыкчылыктары башкармалыгы бар экендиги эч кандай далил талап кылбайт. Колонизатор кафир мамлекетке басып киргенде, анда иштер бир кылка жүрүп турган, ал жерлерде валийлер, казылар, мамлекет кызыкчылыктары башкармалыгы (масолиху давлат) бар эле, алардын болгондугун далилдеп олтуруунун кажети жок. Кошуун (жайш) иштерин болсо – исламий кошуун деген этибарда – жихад амири башкарган. Бүткүл дүйнө зээнинде «Ислам кошууну жеңилгис» деген ой бекем орношкон эле. Үммөт межлисине (шуро – кеңеш) болсо, хулафаи рошидиндерден кийин маани берилбей калган. Мунун себеби мындай: шуро мамлекет жихазынан эсептелсе да, бирок, башкаруу негиздеринин бири эмес, балким, ал жарандардын (раият) халифа алдындагы укуктарынын бири. Халифа эгер кеңешпесе, кемчилик кетирген болот, бирок, башкаруу (хукумат) исламий бойдон калат. Себеби, кеңеш өкүм чыгаруу үчүн эмес, рай алынуу үчүн чакырылат. Ал "кожоюндук элдики" деген капитализм мабдасындагы негизги түшүнүктөрдүн бирин көөдөлөндүргөн демократиядагы парламенттен бүтүндөй айырмаланат. Мына ушулардан Ислам мамлекетинде башкаруу түзүмү толук колдонулганы маалым болот.

Бул жерде Халифага байъат берүү маселеси да бар. Халифалыкта королдуктагы сыяктуу бийликти мураскорго өткөрүү түзүмү жок. Т.а. бийликти мураска калтырууга негиз болчу анык «мураскорлук» мыйзамы болгон эмес. Мамлекетте бийликти алуу үчүн белгиленген анык мыйзам – байъат болгон. Байъат кээ бир доорлордо мусулмандардан, кээде «ахли халл вал-акд»дан, төмөндөшкөн доордун акырларында болсо шайхул-Исламдан алынган. Ислам мамлекети басып өткөн бардык доорлордо халифа жалаң гана байъат менен шайланган. Байъатсыз, мурас-

корлук жолу менен таптакыр шайланбаган. Халифа байъатсыз, мураскорлук жолу менен шайланганы жөнүндө бир да окуя айтылбаган. Бирок айрым учурларда байъат алуу бузуп колдонулган. Мисалы, кээ бир халифалар көзү тирүүсүндө уулуна, инисине, тууганынын баласына же өз сулалесинен бирөөгө адамдардан байъат алып койгон. Халифа өлгөндөн кийин ошол адамга жаңыдан байъат кылынган. Бул болсо, мураскорлук да, такты мураска калтыруу да эмес, балким, бул байъатты бузуп колдонуу болуп саналат. Мындай абал демократия түзүмүндөгү парламенттик шайлоолордо шайлоо мыйзамы бузуп колдонулганына окшойт. Мисалы, шайлоодо бийлик дайындап койгон адамдар утуп чыкса да, мындай шайлоо «дайындоо» эмес, «шайлоо» деп атала берет эмеспи. Демек, жогорудагылардан белгилүү болгондой, Ислам мамлекети басып өткөн бардык доорлордо иш жүзүндө жалаң гана Ислам түзүмү колдонулган жана Ислам түзүмүнөн башка эч кандай түзүм колдонулган эмес.

Бул пикирий жетекчиликтин иш жүзүндөгү ийгиликтеринен өзгөчө эки иш теңдешсиз болду:

Биринчиден, Ислам пикирий жетекчилиги бүткүл араб элин бөлүнүүчүлүк (асобият) жана наадандык (жахилият) караңгылыгында тентиреп жүргөн пикирий төмөндүктөн Ислам менен нурданган пикирий ойгонуу дооруна алып чыкты жана бул нур арабдарды эле эмес, бүткүл дүйнөнү камтып алды. Мусулмандар Исламды бүткүл дүйнөгө жаюу үчүн аалам бойлоп аттаныштты. Натыйжада, Фарс (Персия), Ирак, Шам (Сирия, Ливан, Иордания, Палестина), Мисир (Египет) жана Түндүк Африканы ээлешти. Бул элдердин улуттары да, тилдери да ар башка эле. Фарс мамлекетиндеги фарс улуту Шамдагы румдуктардан, Мисирдеги кыбтыйлардан жана түндүк Африкадагы барбарлардан бүтүндөй айырмаланып турчу. Алардын адаттары, салттары, диндери ар түрдүү эле. Булар Ислам башкаруусу астында жашап, Исламды түшүнгөндөн кийин, бардыгы Исламга кирип келди жана бардыгы бир үммөт – Ислам Үммөтүнө айланды. Мына ошондуктан, элдерди, улуттарды бириктирүүдө Ислам пикирий жетекчилигинин ийгилиги теңдешсиз болду. Негизи, ошол убакта байланыш транспорту төө, түшүндүрүү каражаты тил жана калем болгон.

Фатхтар болсо, күчтү күч менен жок кылуу жана материалдык (маддий) тосуктарды алып таштоо үчүн болгон. Анткени, муну менен адамдар акылы туура деп көрсөтүп жаткан жана табияты талпынып жаткан жол ачылат. Мына ошондуктан, адамдар Алланын динине топ-топ болуп кирип келишти. Ал эми адамдарга жабыр кыла турган баскынчылык болсо, ал баскынчы менен басып алынганды душмандаштырып, арасын алыстатып жиберет. Батыш колонизаторлугу Чыгыш өлкөлөрүн ондогон жылдар бою басып турганына карабастан, эч кандай ийгиликке жетише албады. Эгер тез арада бүтүндөй жок болуп кете турган адаштыруучу сакофаттын таасири жана жакынкы келечекте изсиз жоголо турган куур-

чак режимдердин басымдары болбогондо, Ислам коргонуна, анын мабда жана түзүмүнө кайтуу көз ачып-жумганча болмок. Биз дагы бир ирет Ислам пикирий жетекчилигинин түрдүү элдерди бириктирүүдөгү ийгилиги теңдешсиз болгон деп айта алабыз. Колонизаторлордун карасанатайлыгына, акыйдаларды булгап, пикирлерди уулаган куулуктарына карабастан, бул элдер бүгүнгө чейин мусулман болуп келишти жана кыяматка чейин бир бүтүн Ислам Үммөтү болуп калышмакчы. Исламды кабыл алган бул элдердин биринин да Исламдан кайткан учуру болгон жок.

Андалусия (Испания) мусулмандарын инквизиция мекемелери отко өрттөштү, баштарын алып, бардыгын кырышты. Бухара, Кавказ, Түркстан мусулмандарынын башына мурунку өткөндөрдүн тарткылыгы түштү. Бул элдердин Исламды бекем кармагандыгы, алардын бир Үммөткө айланып кеткендиги жана өз акыйдасында ушунчалык туруктуу тургандыгы бул пикирий жетекчиликтин эң зор ийгиликке жетишкенин о.э. Ислам мамлекетинин да Ислам түзүмүн колдонууда ушунчалык ийгиликке жетишкенин даана көрсөтүп турат.

Ислам пикирий жетекчилигинин ийгилигин көрсөтө турган экинчи иш: Ислам Үммөтү он эки кылым бою, миладий VI кылымынан XVIII кылымдын жарымына чейин бүткүл дүйнөдө дүйнө караш (хазорат), маданият, сакофат жана илим тармактарында эң жогорку Үммөт болуп келген болсо, Ислам мамлекети дүйнөдөгү эң улуу мамлекет болгон. Ислам Үммөтү ушул мөөнөт ичинде бүткүл дүйнө боюнча кулпурган гүл болду жана бардык элдер ичинде жаркырап турган күн болду. Бул да өз пикирий жетекчилигинин акыйда жана түзүмүн адамдарга колдонуудагы Ислам ийгилигин дагы бир жолу тастыктайт. Ислам мамлекети жана Ислам Үммөтү пикирий жетекчилигин жаюудан четтеп, Исламга даъват кылууда кайдигерлик кылып, Исламды түшүнүүдө жана колдонууда олуттуу кемчиликтерди кетирген соң, башка үммөттөр алдында баркын жоготту.

Жогорудагыларга негизделип, жалгыз Ислам пикирий жетекчилиги гана эң туура жана жарактуу деп айта алабыз. Жана жалгыз ал гана бүткүл дүйнөгө жайылууга акылуу. Бул пикирий жетекчиликти бүткүл дүйнөгө жая турган Ислам мамлекети курулса, анын ийгилиги эми да мурун болгонундай теңдешсиз болот.

Ислам өзүнөн келип чыга турган мыйзамдарында адам табиятына толук дал келет деген элек. Ошондуктан, Ислам адамзатын атайын программа негизинде жашай турган, мыйзамды айырмачылыксыз, сызыктан чыкпай колдоно бере турган робот деп эсептебейт. Тескерисинче, адамга күч-кубаттары, жөндөмдөрү ар кыл болгон социалдык барлык (кааин ижтимаий) катары мыйзамды колдоно турган «социалдык барлык» (ор. социальное существо) деп карайт. Мына ошондуктан, бир жагынан алганда, Ислам бардыгына көңүл тынчтыгын кепилдеген абалда адамдарды бири-бирине жакын деп бааласа да, бирок, бардыгын тең бирдей деп карабайт. Экинчи бир жагынан алганда – бул учурдагы не-

гизги талкуунун темасы – айрым адамдар мыйзамдардын колдонулушуна ыраазы болбой, ага каршы аракет кылса, кээ бирөөлөрү бул мыйзамдарды кабыл албашы, кээ бирлери болсо бул түзүмдөн жүз үйрүшү табигый. Ошондуктан, коомдо фасик жана фажирлер, кафир жана мунафиктер, муртад жана кудайсыздар болот. Бирок, коомго «пикирлер, туйгулар, мыйзамдар жана адамдардын бирикмеси» деген көз караштa каралат. Ошондуктан, коомдо бул нерселер исламий болсо, ал Исламды колдонуп жаткан «Ислам коому» деп эсептеле берет.

Мунун далили мындай: эч ким Мухаммад ﷺ Ислам түзүмүн колдогондой кылып бул түзүмдү колдоно албайт. Ошондой болсо да, Пайгамбарыбыз ﷺдын убагында да кафирлер жана мунафиктер болгон. Фасиктер жана фажирлер, муртаддар жана кудайсыздар да болгон. Лекин Ислам турмушта толук (камил) колдонулганын, коом исламий болгонун ар кандай адам жазм менен айта алат.

Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинага орношкондон тартып, тээ колонизаторлук мусулмандар өлкөлөрүн басып алып, Ислам түзүмүнүн ордуна капитализм түзүмүн орнотконго чейин – араб болобу же араб эмеспи – Ислам Үммөтүнүн бардыгына бир гана Ислам түзүмү колдонулуп келген.

Демек, тыянактап айтканда, хижраттын биринчи жылынан баштап 1336-хижрий, 1918-миладий жылына чейин Ислам иш жүзүндө колдонулган. Ислам Үммөтү ушул аралыкта Исламдан башка эч кандай түзүмдү колдонгон эмес.

Ал тургай, мусулмандар Исламдан башка философия, илим, сакофаттарды араб тилине которгон болсо да, бирок, алар эч бир үммөттүн мыйзамчылыгын (ташриъ), мыйзамын (конун), түзүмүн (низом) – колдонуу үчүн, жада калса, үйрөнүү үчүн да – которгон эмес. Бирок, адамдардын Исламды түзүм катары жакшы же жаман колдонгон учурлары болгон. Бул болсо, мамлекеттин кубаттуу же алсыз (заиф) болгондугуна, түзүмдү терең түшүнгөн же түшүнбөгөндүгүнө, пикирий жетекчиликти жаюунун күчтүү болушуна же анда кемчиликтер кетирилишине байланыштуу болгон. Мына ошондуктан да, кээ бир кылымдарда Исламды бузуп колдонуу Ислам коомун өзүнө ылайыктуу даражадан түшүрүп жиберген. Мындай түшкүндүктөн эч кандай түзүм четте калбайт. Себеби, түзүм колдонулууда адам баласына сүйөнөт. Бирок колдонуунун бузулушу «Ислам колдонулбаган» деген маанини түшүндүрбөйт. Белгилүү болгондой, Үммөткө Ислам гана колдонулуп, башка мабда жана түзүмдөр таптакыр колдонулбаган. Себеби, колдонууда негизинен мамлекет ишке ашырууну талап кылган мыйзамдарга жана түзүмдөргө каралат. Ислам мамлекети болсо булардын бардыгын Исламдан башкасынан алган эмес. Болгону, кээ бир акимдердин бузуп колдонуусунан кемчиликтер келип чыккан. Мындан тышкары, тарыхтан Исламдын колдонулгандыгын текшерип жатканда, эки нерсеге зор көңүл бурушубуз керек:

Биринчиден, тарыхты Ислам душмандарынан, аны көрө албагандардан албашыбыз керек, ал тургай, мусулмандардын өздөрүнөн да ушунчалык этияттык менен аябай жакшылап текшерип алышыбыз керек, анткени, муну менен бузулган элести алып албайлы. Экинчиден, айрым жеке адамдардын тарыхындагы же коомдун айрым бир тармагынын тарыхындагы окуяларды алып, салыштырмалуу түрдө жалпы коом жөнүндө өкүм чыгарышыбыз мүмкүн эмес. Мисалы: Язид тарыхынан Умавийлер доорун, же айрым Аббасий халифалары тарыхындагы окуялардан Аббасийлер доорун үйрөнүп, жалпы өкүм чыгаруу туура эмес. О.э. азилдер, акындар жана адабиятчылар жөнүндөгү «аль-Агоний» деген китепти, же суфизм (тасаввуф) жөнүндөгү ж.б.у.с. китептерди окуп, Аббасийлер доорундагы коомго «бул доор фиск жана фужур, же болбосо, зухд (дүйнөдөн жүз үйрүү) жана узл (коомдон үзүлүү) доору болгон» деп өкүм чыгарууга болбойт. Балким, коомду толук үйрөнүп чыгуу керек. Мунун үстүнө, Ислам коомунун тарыхы эч бир доордо жазылган эмес. Жазылгандары болсо, өкүмдарлардын жана кээ бир аткаруучу амалдарлардын гана тарыхы болгон. Муну жазган адамдар ишеничтүү эмес. Алардын бардыгы же каралап, же мактап бир жактуу жазышкан. Бул эки топтун эч кимисинен бир да сөз кабыл алынбайт.

Ислам коомун ушундай негизде б.а. бардык жактарын текшерип, тактап үйрөнсөк, анын эң жакшы коом болгондугун билип алабыз. Себеби, ал хижрий I, II, III кылымдарда, андан кийинки кылымдарда да, хижрий XII кылымдын ортолоруна чейин мына ушундай жакшы коом болгон. Ислам коому басып өткөн бардык кылымдарда – ал тургай, Усманийлер доорунун акыркы демдерине чейин – Ислам мамлекети катары Исламды колдонгон. Бирок, билип койчу эң зарыл нерсе, тарых эч качан түзүм же фикхтин булагы боло албайт. Анткени, түзүм тарыхтан эмес, өзүнүн фикхий булагынан алынат. Себеби, тарых түзүмгө булак боло албайт. Мисалы, коммунисттик түзүмдү түшүнмөкчү болсок, аны Россия тарыхынан эмес, коммунисттик мабда китептеринен үйрөнөбүз. О.э. Англия мыйзамчылыгы менен таанышмакчы болсок, аны Англия тарыхынан эмес, балким, Англия мыйзамчылыгынан алабыз. Бул болсо, бардык түзүм жана мыйзамдарга тиешелүү.

Ислам – мабда. Анын акыйдасы жана түзүмү бар. Аны үйрөнмөкчү, же кабыл алмакчы болсок, үйрөнүү жагынан да, мыйзамдарын иштеп чыгуу (истинбат) жагынан да тарыхты ага булак кылып албашыбыз керек.

Исламды үйрөнүү булагы – Исламдын фикх китептери. Ислам өкүмдөрүн иштеп чыгуунун булагы болсо – ошол өкүмдөрдүн тафсилий далилдери. Мына ошондуктан, үйрөнүү жагынан да жана далил келтирүү жагынан да тарыхты Ислам түзүмүнө булак кылып алууга болбойт. Ошондуктан, Умар ибн Хаттаб, Умар ибн Абдулазиз, Харун ар-Рашид жана башкалардын тарыхы – алар жөнүндө айтылган тарыхый окуялар да, алардын тарыхы жазылган китептер да – шарият өкүмдөрү үчүн булак

боло албайт. Эгер бир окуяда Умардын райына ээрчилсе (иттибаъ) – Абу Ханифа, Шафиъ, Жаъфар ж.б.у.с. мужтахиддер истинбат кылган өкүмгө ээрчилгендей – буга да Умар истинбат кылган жана колдонгон шарият өкүмү деген этибарда ээрчилет. Бул райга тарыхый окуя деген этибарда ээрчилбейт. Ушуга ылайык, түзүмдү алууда жана үйрөнүүдө тарыхка орун жок. Мунун үстүнө, бир түзүмдүн колдонулган же колдонулбаганы тарыхтан эмес, фикхтен алынат. Себеби, ар бир доордун өзүнө таандык проблемалары болуп, бул проблемалар түзүм аркылуу чечилет. Проблемаларды чечүү үчүн негиз кылып алынган түзүмдү билүү үчүн тарых окуяларына эмес, колдонулган түзүмгө т.а. Ислам фикхине кайрылышыбыз керек. Анткени, бизге ошондогу шарттарга ылайык айтылган тарых кабарлары берилген. Эгер Ислам фикхине карасак, мусулмандар башкалардан өздөштүрүп алган, же өздөрү ойлоп таап киргизип алган бир да мыйзамды жолуктурбайбыз. Ислам фикхи бүтүндөй шаръий далилдерден истинбат кылынган шаръий өкүмдөр экендигин көрөбүз. Мусулмандар фикхти ар түрдүү күчсүз сөздөрдөн т.а. заиф истинбаттардан тазалоого катуу көңүл бурган. Ал тургай, мужтахиди мутлак тарабынан айтылган болсо да, күчсүз сөзгө амал кылуудан кайтарган.

Ушулардан белгилүү болгондой, Ислам ааламынын бардыгында Ислам фикхинен башка бир да мыйзамчылык далили (насс) болбогон, Ислам фикхи гана болгон. Кайсы бир үммөттө белгилүү бир фикхий насс гана болуп, башкасы болбосо, анда бул нерсе ал үммөт мыйзамчылыкта ошол фикх насстарынан башкасын иштетпегенине далил болот.

Эгер тарыхка карай турган болсок, андан түзүмдү колдонуунун кандай абалда болгондугун текшерүү үчүн гана пайдаланса болот. Тарых саясий окуялардан кабар берет. Бул окуялардан колдонуунун кандай болгондугу көрүнөт. Бирок муну дагы жалаң гана мусулмандардан өтө кылдаттык менен текшерип алышыбыз керек. Тарыхтын үч булагы бар:

1. Тарыхый китептер.
2. Эстеликтер (асар).
3. Риваят.

Тарыхый китептерди булак катары алууга болбойт. Себеби, бул китептер бардык доорлордо саясий шарттарга баш ийген жана бир заманда бир өкүмдарды мактаган, андан кийинки башкасынын заманында ошол өкүмдарга каршы жазылган жалгандарга толтура. Буга Мисирдеги Алавийлер династиясынын тарыхы далил боло алат. Себеби, бул үй-бүлөнүн тарыхы 1952-жылга чейин ушунчалык жакшы сүрөттөлгөн. 1952-жылдан кийин болсо, тарых кескин өзгөрүп, кара боёктор менен тартылган сүрөткө айланды. Биздин доорубуздагы жана андан мурдагы саясий окуялар тарыхы да дал ушундай. Мына ошондуктан, а түгүл айрым жеке адамдар тарабынан жазылган мемуарлар болсо да, тарыхый китептерди тарых үчүн булак катары алууга болбойт.

Тарыхый эстеликтер болсо, эгер ак ниет менен үйрөнүлсө, белгилүү бир нерселер жөнүндөгү тарыхый акыйкатты бериши мүмкүн. Булар тарых түрмөгүн тизмектеп бере албаса да, бирок, кээ бир окуялардын болгонуна далил боло алат. Мусулмандардын эстеликтерин – курулуштар, буюмдар ж.б. «тарыхый эстелик» деп эсептелген нерселерди – кылдаттык менен үйрөнүп чыккан адам, исламий ааламда бир гана Ислам, Ислам түзүмү жана Ислам өкүмдөрү гана болгондугуна о.э. мусулмандардын жашоосу, турмуш иштерин жүргүзүүсү – бүт бардыгы башкача эмес, исламий гана болгондугуна катъий далил келтирет.

Үчүнчү булак – риваят. Эгер ал сахих (туура) болсо, ал риваят таянуу мүмкүн болгон сахих булактардан эсептелет. Мында хадистерди риваят кылууда колдонулган жол тандалат жана ушундай ыкмада (услуб) тарых жазылат. Мына ошондуктан да, мусулмандар тарых китептерин риваят ыкмасында жазгандыгын көрөбүз. «Тарихи Табарий», «Сийрати ибн Хишам» ж.б.у.с. илгерки тарыхий китептер ушундай ыкмада жазылган. Ошондуктан, мусулмандар өз перзенттерине тарыхты – булактары өзүнө окшогон китептер болгон – тарыхий китептерден үйрөтүүлөрү мүмкүн эмес. О.э. Ислам түзүмүнүн колдонулгандыгын текшерүү да мындай тарыхтан алынбайт. Мына ошондо гана Ислам Үммөтүнө жалгыз Ислам гана колдонулуп, бардык доорлордо андан башка эч кандай түзүм колдонулбаганы анык болот.

Бирок, биринчи дүйнөлүк согуш союздаштардын жеңиши менен аяктап, чабуулга командачылык кылган лорд Алленби Байтул Макдисти басып алып: «Мына эми кресттүүлүк жүрүшү аягына жетти» деп жарыя кылган соң, мына ошондон тартып, кафир колонизатор турмуштун бардык тармактарында биздин үстүбүздөн капиталисттик түзүмдү колдонуп келе жатат. Муну менен жетишкен жеңишин түбөлүккө калтырмакчы болуп жатат. Мына ошондуктан, журтубузда колонизаторлордун бекем орношуусуна себеп болуп жаткан бул чирик, бузук түзүмдү өзгөртүп, бир да көрүнүшүн калтырбастан, бүтүндөй түп-тамыры менен омкоруп таштоо керек. Мына ошондо гана исламий турмушту кайрадан баштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз.

Өз түзүмүбүздүн ордуна башка түзүмдү колдонгонубуз үстүртөн пикирлегендиктин айынан болууда, ал эми, "акыйдасыз эле түзүмдүн өзүн колдонуу деле үммөттү куткарып калат" деп ойлошубуз бул пикирдин тайыздыгынан. Негизи, үммөт акыйданы кабыл алып, андан кийин мына ушул акыйдадан келип чыккан түзүмдү колдонуусу керек. Ошондо гана түзүмдү колдонуу жана акыйданы кабыл алуу куткаруучу болот. Бул иш болсо, мабдага негизделген, мамлекети да ушул негизге курулган Үммөткө тийиштүү. Башка элдер жана улуттарга келсек, алардын үстүнөн түзүм колдонулушу үчүн, алардын мабданы кабыл алуусу зарыл эмес. Ал эми, мабданы кабыл алып, аны жая турган Үммөт ар кандай элге же улутка – мейли, мабданы кабыл албаса да – түзүмдү колдоно алат. Се-

беби, мабда аларды да ойгонууга карай жетелеп, аны кабыл алууга тартат. Түзүм алардын үстүнөн колдонулуп жаткан адамдарга мабданы кабыл алуу шарт эмес. Ал эми, түзүмдү колдонуп жаткандарга мабданы кабыл алуу эң негизги шарт болуп саналат.

Улутчулдукту же социализм түзүмүн алуу да биз үчүн коркунучтуу. Себеби, аны материалисттик фикратынан ажыратып алып болбойт. Мындайда ал эч кандай натыйжа бербейт жана өзүнө тарта да албайт. Аны материалисттик фикраты менен бирге да алып болбойт. Себеби, ал адам табиятына дал келбей турган, Ислам Үммөтүнөн Исламды таштоону талап кыла турган терс фикрат. Социализмди алып, Исламдын рухий жагын сактап калуубуз да туура болбойт. Себеби, бул экөө бири-бирине карама-каршы келгендиктен жана алардан кемтик түзүм алынгандыктан, биз Исламды да, социализмди да албаган болобуз. Биз Ислам түзүмүн алып, анын негизи болгон Ислам акыйдасын ташташыбыз да мүмкүн эмес. Себеби, анда биз руху жок, өлүк түзүмдү алган болобуз. Биз Исламды акыйда жана түзүмү менен биргеликте толук алышыбыз керек жана анын даъватын жайганда пикирий жетекчилик катары жайышыбыз керек.

Демек, ойгонуубуз үчүн жалгыз гана жол бар – ал исламий турмушту кайрадан баштоо. Исламий мамлекетсиз исламий турмушту кайра баштоого жол жок. Исламды толугу менен алмайынча, буга жол жок: андыктан, чоң түйүндү чечип бере турган жана турмушка болгон көз караш ошонун үстүнө курула турган акыйданы кабыл алышыбыз керек; о.э. ушул акыйдадан келип чыккан, негизи Алланын Китеби жана Расулунун Сүннөтү болгон, сакофий байлыгы фикх, хадис, тафсир, лугат жана башкаларды камтыган исламий сакофат болгон түзүмдү кабыл алышыбыз керек. Антпесек, Ислам пикирий жетекчилигин жаюуга, Исламга болгон даъватты толугу менен алып чыгууга, бардык жерде Исламды толук көрүнүштө пайда кылууга жол жок! Качан гана Үммөт Ислам пикирий жетекчилигин кабыл алып, анын негизинде Ислам мамлекетин курса, мына ошондо гана бул пикирий жетекчиликти бүткүл дүйнөгө жая алат.

Исламий турмушту кайра баштоо үчүн исламий пикирий жетекчиликти мусулмандарга жеткирүү, кийин аны Исламий мамлекет жардамында бүткүл адамзатка жеткирүү – мына ушул ойгонуунун жападан-жалгыз жолу.

# Исламий даъватты жаюунун жолу

Мусулмандардын дүйнө жетекчилигинен артта калып кетүүсү динин бекем кармагандыгы натыйжасында болгон жок. Тескерисинче, алардын артта калуусу динди бекем кармабай, ага кайдыгер мамиле жасап, өлкөсүнө бөтөн хазораттын кирип келишине жана зээндерин Батыш түшүнүктөрү ээлеп алышына уруксат берген күндөн башталды. Алардын артта калуусу Исламдагы пикирий жетекчиликтен ажырап, ага даъват кылуудан жүз үйрүп, анын өкүмдөрүн бузуп колдонгон күндөн башталды. Эми алар ойгонууга жетишүүлөрү үчүн исламий турмушту (хаят) кайра алып келүүлөрү керек. Исламий даъватты жаюу жолу менен исламий пикирий жетекчилик жайылмайынча, исламий турмуш болбойт. Бул нерсе исламий даъватты жаюу жолу менен исламий пикирий жетекчиликти жаюуну камсыздай турган Исламий мамлекетсиз болбойт.

Мусулмандарды ойготуу үчүн Ислам даъватын жаюу жолу менен пикирий жетекчиликти жаюунун зарылдыгы мында, анткени, жалгыз Ислам гана ааламды оңдой алат. Чыныгы ойгонуу (нахзатуль-хакийкия) Ислам менен гана болот, мында мусулманбы-башкабы айырмасы жок. Ислам даъваты мына ушундай негизде жайылышы керек.

Бул даъватты өзүнөн түзүмдөр келип чыга турган пикирий жетекчилик катары дүйнөгө жаюуга умтулуу керек. Бардык пикирлер мына ушул пикирий жетекчиликтин үстүнө курулат. Бул пикирлерден, эч истиснасыз, турмушка болгон көз карашка таасир көрсөтө турган бардык түшүнүктөр келип чыгат.

Ислам даъваты бүгүн да мурун жайылганы сыяктуу жайылат. Расулуллах ﷺдын изинен ээрчип (иктида), куллияттарда да, жузъияттарда да ошол тарыйкаттан кылча кыйшайбастан алып барылат. Бул иште доорлордун өзгөргөндүгү таптакыр эсепке алынбайт. Себеби, каражат (васийла), формалар (шакл) өзгөргөн болсо да, бирок, барлык (жавхар), маани (маъна) өзгөрбөгөн. Эчен кылымдар өтсө да, канча эл, канча жерлер өзгөрсө да, маани эч качан өзгөрбөйт.

Ушул себептен улам, Ислам даъватын жаюу ачык айтууну, тайманбастыкты, күчтүү пикирди о.э. фикрат-тарыйкатка тескери келген ар кандай багыттарга каршы күрөшүүнү, абал жана натыйжага карабастан, алардын жасалма жана жалган экендигин ачып таштоону талап кылат.

Ислам даъватын жаюу – жалпы элге туура келеби же туура келбейби, адамдардын адаттарына дал келеби же келбейби, адамдар аны кабыл алабы же кол шилтеп ага каршы күрөшөбү – булардын бардыгына карабастан, кожоюндук бүтүндөй Ислам мабдасыныкы болушун талап кылат. Демек, даъватты жаюучу адам элге кошомат кылбайт, жалынбайт дагы, колунан иш келгендерге эки жүздүүлүк менен жакшы көрүнүүгө урунбайт. Адамдардын адаттарына, ээрчиген салттарына (таклид) көңүл бурбайт. Адамдар аны кабыл алабы же ага кол шилтейби, муну таптакыр

эсепке албайт. Мабданы гана бекем кармайт. Мабдадан башка эч нерсени эсепке албай, жалгыз аны гана баян кылат. Башка мабда ээлерине «силер өз мабдаңарда кала бергиле» делбейт. Балким, алар кабыл алууга мажбурланбаган абалда, бул мабдага даъват кылынат. Себеби, даъват Ислам мабдасынан башка мабда болбошун, кожоюндук бир гана ага берилишин талап кылат.

﴿ هُوَ ٱلَّذِىٓ أَرْسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلْهُدَىٰ وَدِينِ ٱلْحَقِّ لِيُظْهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوْ كَرِهَ ٱلْمُشْرِكُونَ ﴾

***«Ал Өз элчисин хидаят жана акыйкат дин менен, аны бардык диндерден үстөм кылуу үчүн жөнөттү, муну мушриктер каалашпаса да».*** **[9:33]**

Расулуллах ﷺ өзү даъват кылып жаткан акыйкатка толук ишенген абалда рисалатты алып келди. Ал бүткүл дүйнөгө чакырык таштап, адамдардын кызылы-карасына уруш жарыя кылды. Адаттар, салттар, диндер, акыйдалар, акимдер же карапайым адамдар менен эсептешип отурган жок. Ислам рисалатынан башка эч нерсеге карабады. Даъватты Курайштан баштап, алардын "кудайларын" (аалиха) тилге алып, айыптады. Итикаддарынын акмакчылыгын ачып таштады. Негизи, ал зат катардагы бир адам болуп, анын өзү даъват кылып жаткан Исламга болгон терең ишениминен башка куралы да, даярдыгы да, колдоочусу да жок эле. Бирок, ошого карабастан, арабдардын адаттарына да, салттарына да, диндерине да, акыйдаларына да көңүл бурбады. Аларга жасакерленген жок, эч кандай маани да бербеди.

Дал ушул сыяктуу, Ислам даъватын жаюучу адам да булардын бардыгына каршы чыгат: адаттарды, салттарды, чирик пикирлерди, эгер туура эмес болсо туура эмес түшүнүктөрдү, мейли бардыгы ага каршы аттанса да, жалпы элдин райын (рай амм) талкууга чакырат. О.э. башка акыйда жана дин ээлеринин фанаттыгына, адашууда катып калгандардын өчүгүүсүнө кабылса да, алардын бардыгын талкууга чакырат.

Ислам даъватын жаюу Ислам өкүмдөрүн толук аткарууга умтулууну жана канчалык кичине же арзыбас болуп көрүнбөсүн, бир да иште кайдыгер болбоону талап кылат. Даъватты жаюучу кошоматчылык, кайдыгерлик, суздук кылбайт, убакытты созуп отурбайт. Ишти толугу менен колго алып, убакытты өткөрбөстөн ордунда чечет жана акыйкат алдында эч кандай ортомчуну кабыл албайт. Расулуллах ﷺ Сакыф элчилеринен алардын санамы ("кудайы") Латты үч жыл сындырбай туруу жана Исламга киргендиктери үчүн аларды намаздан азат кылуу сунушун кабыл албады. Кийин алар эки жыл, андан кийин эч болбосо бир ай Латты бузбай турууну талап кылышты. Расулуллах ﷺ буга да ыраазы болбой, алардын талаптарын бүтүндөй кайтарды. Бул чечкиндүү жооп.

Анда экиленүү да, аёо да жок. Себеби, адам же ыйман келтирет же ыйман келтирбейт. Натыйжа: же бейиш, же тозок болот. Лекин Расул عليه السلام алардын санамы Латты өз колдору менен бузбоо талабын кабыл алып, аны бузууну Абу Суфян менен Мугыйра ибн Шуъбага тапшырды. Ооба, Расул عليه السلام толук (камил) акыйдадан жана ал талап кылган аткаруудан (танфиз) башкасын кабыл албады. Ал эми, ыкма (васийла) менен форманы (шакл) кабыл алды. Себеби, бул экөөнүн акыйданын акыйкатына эч кандай байланышы жок. Ошондуктан, Ислам даъватында фикратты толук сактоого жана аны толук аткарууга умтулуу зарыл. Фикратта да, тарыйкатта да эч кимге боорукеңдик кылынбайт. Ал эми васийлалардан каалагандай пайдаланууга болот, мунун зыяны жок.

Ислам даъватын жаюу даъваттын ар бир иши белгилүү бир максат (гоя) үчүн аткарылышын талап кылат. Даъват жаюучудан болсо, бул максатты ар дайым көз алдында элестетип, ага жетүү үчүн аракет кылууну, аны ишке ашыруу үчүн тыным билбей мээнет кылууну талап кылат. Ошондуктан, ал иш-амалсыз куру пикирге ыраазы болбойт, аны «уктатуучу куру кыялый философия» деп эсептейт. О.э. максатсыз пикирге да, ишке да ыраазы болбойт. Аны «тез арада үмүтсүздүккө түшүп, натыйжасыз аяктай турган баш-аягы жок аракет» деп эсептейт. Ошондуктан, ал пикир менен амалдын биримдигине о.э. бул пикир менен амал ушул экөөсү иш жүзүндө жүзөгө чыгара турган максатка каратылган болушуна умтулат. Расул عليه السلام Меккеде пикирий жетекчиликти жайды. Мекке коому Исламдын коомдо амал кылына турган түзүм катары кабыл алынышына каршы туруп алганын көргөндөн кийин, Мадина коомун даярдады. Кийин ал жерде мамлекетти тикелеп, Исламды турмушта колдонду, Рисалатын жайды. Үммөттү болсо өзүнөн кийин Исламды жаюуга жана өзү сызып берген жолдон жүрүүгө даярдады. Ушуга ылайык, мусулмандардын халифасы мавжуд болбогон абалда, Ислам даъватын жаюу Исламга жана исламий турмушту кайрадан баштоого даъват кылууну өз ичине алышы керек. Бул болсо өзүнөн өзү эле болуп калбайт. Бул Исламды турмушта колдоно турган, анын рисалатын бүткүл ааламга жая турган, үммөт ичинде исламий жашоону кайра баштоо үчүн алып барыла турган даъватты мамлекет тарабынан бүткүл дүйнөгө жайыла турган даъват даражасына көтөрө турган, Ислам ааламындагы жергиликтүү даъватты бүткүл дүйнөлүк даъват деңгээлине жеткире турган Ислам мамлекетин тикелөө үчүн аракет кылуу менен ишке ашат.

Исламга болгон даъватта акыйдаларды туурлоо, Аллага болгон байланышты күчөтүү даана көрүнүп турушу керек жана адамдарга алардын проблемаларынын чечимдери баян кылынышы керек. Расул ﷺ Меккеде бул аятты окуп берчү:

﴿ تَبَّتۡ يَدَآ أَبِي لَهَبٖ وَتَبَّ ﴾

***«Абу Лахабдын колу куурап калсын».*** **[111:1]**
Ушул эле учурда бул аятты да окуп берчү:

﴿ إِنَّهُۥ لَقَوۡلُ رَسُولٖ كَرِيمٖ ۞ وَمَا هُوَ بِقَوۡلِ شَاعِرٖۚ قَلِيلٗا مَّا تُؤۡمِنُونَ ﴾

***«Албетте, ал*** *(Алла алдында)* ***кадырлуу болгон Расулдун сөзү. Ал бир акындын сөзү эмес. Силер эч нерсеге ишенбей жатасыңар».*** **[69:40-41]**
Меккеде аларга бул аятты окуп берчү:

﴿ وَيۡلٞ لِّلۡمُطَفِّفِينَ ۞ ٱلَّذِينَ إِذَا ٱكۡتَالُواْ عَلَى ٱلنَّاسِ يَسۡتَوۡفُونَ ۞ وَإِذَا كَالُوهُمۡ أَو وَّزَنُوهُمۡ يُخۡسِرُونَ ﴾

***«****(Өлчөп берип жатканда, бирөөлөрдүн акысынан)* ***уруп кала тургандарга тозок болсун. Алар адамдардан өлчөп алганда толук алышат да, башкаларга өлчөп же тартып беришкенде кемитип беришет».***
**[83:1-3]**

Адамдарга бул аятты да окуп берчү:

﴿ إِنَّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَهُمۡ جَنَّٰتٞ تَجۡرِي مِن تَحۡتِهَا ٱلۡأَنۡهَٰرُۚ ذَٰلِكَ ٱلۡفَوۡزُ ٱلۡكَبِيرُ ﴾

***«Албетте, ыйман келтирген жана жакшы иштер кылган заттар үчүн астынан өзөндөр агып турчу бейиш-бактар*** *(жаннат)* ***бар. Бул эң чоң ийгилик».*** **[85:11]**
Расул ﷺ Мадинада болсо төмөнкүдөй маанидеги аяттарды окуп берчү:

﴿ وَأَقِيمُواْ ٱلصَّلَوٰةَ وَءَاتُواْ ٱلزَّكَوٰةَ ﴾

***«Намазды аткаргыла, зекетти бергиле».*** **[2:43]**
Ошондой эле бул аятты да окуп берчү:

﴿ ٱنفِرُواْ خِفَافٗا وَثِقَالٗا وَجَٰهِدُواْ بِأَمۡوَٰلِكُمۡ وَأَنفُسِكُمۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِۚ ﴾

***«Жеңил же оор болушуна карабастан чыккыла! Малыңар менен, жаныңар менен Алла жолунда жихад кылгыла».*** **[9:41]**
Аларга бул аятты да окуп берчү:

﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِذَا تَدَايَنتُم بِدَيۡنٍ إِلَىٰٓ أَجَلٖ مُّسَمّٗى فَٱكۡتُبُوهُۚ ﴾

***«Эй ыйман келтиргендер! Белгилүү бир мөөнөткө карыз алды-берди кылсаңар, аны жазып койгула».*** **[2:282]**
Аларга бул аятты окуп берчү:

﴿ كَيۡ لَا يَكُونَ دُولَةَۢ بَيۡنَ ٱلۡأَغۡنِيَآءِ مِنكُمۡۚ ﴾

***«...силердин араңардагы байлардын гана колуна чектелип калбасын».*** **[59:7]**

Ошондой эле бул аятты да окуп берчү:

﴿ لَا يَسۡتَوِيٓ أَصۡحَٰبُ ٱلنَّارِ وَأَصۡحَٰبُ ٱلۡجَنَّةِۚ أَصۡحَٰبُ ٱلۡجَنَّةِ هُمُ ٱلۡفَآئِزُونَ ﴾

***«Тозок ээлери менен бейиш ээлери тең эмес, бейиш ээлери чыныгы ийгиликке жетишүүчүлөр».*** **[59:20]**

Ошондуктан да, Ислам даъваты адамдарга турмуш проблемаларын чечип бере турган түзүмдөрдү көтөрүп чыгышы керек. Себеби, исламий даъваттын ийгилик сыры – анын адамды адам катары толугу менен дабалай ала турган (муалажа) жана анда бүтүндөй жан дүйнө төңкөрүшүн пайда кыла ала турган жандуулугунда.

Бул даъватты жаюучулар эгер дилдерине бийиктикке умтулуу үрөнүн себишпесе, ар дайым акыйкатты издешпесе, илешип калган жат түшүнүктөрдөн тазалоо үчүн билген нерселеринин ар бирин дайыма текшерип турушпаса, көтөрүп чыгып жаткан пикирлери таза-тунук сакталып калуусу үчүн, жакындашса жабышып алышы мүмкүн болгон ар кандай пикирлерди андан алыстатышпаса, анда эч качан өз жоопкерчиктерин аткара алышпайт жана алдыга коюлган милдеттерин өтөй алышпайт. Себеби, пикирлердин таза жана тунуктугу – ийгиликтин жана бул ийгиликтин дайымий турушунун кепилдиги болуп саналат.

Ток этери, бул даъватты жаюучулар даъват жоопкерчилигин «Алла буйруган милдет» деп аткаруулары керек жана кылган иштери үчүн адамдардан ыраазылык күтпөй, бирөөдөн сыйлык үмүт этпей, Алланын ыраазылыгын издеп, ага жетүүгө үмүттөнүп, жаркын маанай менен бул милдеттерди аткарууга талпынуулары керек!

# Ислам хазораты

Хазорат (дүйнөкараш) менен маданияттын ортосунда кескин айырма бар. Хазорат – турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрдүн жыйындысы. Маданият болсо, турмуш иштеринде колдонула турган, сезимдер аркылуу сезиле турган нерселердин материалдык көрүнүштөрү (маддий шакл). Хазорат турмушка болгон көз карашка ылайык, өзгөчө (хос) болот. Ал эми маданият өзгөчө (хос) да, жалпы (амма) да болот. Мисалы, айкелдер сыяктуу хазораттан келип чыга турган маданий көрүнүштөр «өзгөчө» деп эсептелет. Илим жана анын өнүгүүсүнөн о.э. өнөржай (санаъат) жана анын өркүндөөсүнөн пайда болгон маданий көрүнүштөр – «жалпы» болот. Алар бир үммөткө тиешелүү болбостон, балким, илим жана өнөржай сыяктуу бүткүл дүйнөгө тиешелүү болот.

Хазорат менен маданияттын ортосундагы айырмага ар дайым көңүл буруу керек. Ошондой эле, хазораттан келип чыккан маданий көрүнүштөр менен илим жана өнөржайдан келип чыккан маданий көрүнүштөрдүн ортосундагы айырмага да көңүл буруу зарыл. Бул болсо, белгилүү бир маданиятты алууда анын көрүнүштөрүн, бул көрүнүштөр менен анын дүйнөкарашынын ортосундагы айырманы ажырата алуу үчүн зарыл. Мисалы, илим жана өнөржайдан келип чыккан Батыш маданиятын алуудан тосо турган эч кандай каршылык жок. Ал эми, Батыш дүйнөкарашынан келип чыккан Батыш маданиятын алуу жайиз эмес. Себеби, ал курулган негизинде (асас) да, бул дүйнө турмушун сүрөттөөдө (тасвир) да, адамдын бакыт-таалайын (саъадат) түшүндүрүүдө да Ислам хазоратына тескери келет.

Батыш хазораты «динди турмуштан ажыратуу» жана диндин турмуштагы таасирин жокко чыгаруу негизине курулган. Мындан «динди мамлекеттен ажыратуу» фикраты келип чыккан. Себеби, динди турмуштан ажырата турган, анын турмушта болушун жокко чыгара турган адамдарда динди мамлекеттен ажыратуу керек деген фикраттын болуусу табигый. Турмуш жана анын түзүмү да дал ушул негизге курулган. Ал эми турмушту сүрөттөөдө болсо, "ал жалаң гана пайдадан турат" деп сүрөттөйт. Себеби, аларда пайда (манфаат) – бардык иштердин өлчөөсү. Мына ошондуктан, пайдапарастык түзүмдүн да, хазораттын да негизи болуп эсептелет. Ушундан улам, пайдапарастык түзүмдө да, хазоратта да көзгө даана көрүнүп тура турган түшүнүк болуп калды. Себеби, ал турмушту "пайдадан гана турат" деп сүрөттөйт. Ушул себептен, алар «бакыт – бул адамга дене ырахаттарынын көбүрөөгүн берип, ага бул ырахат мүмкүнчүлүктөрүн жаратып берүү» деп эсептешет. Мына ошондуктан, Батыш хазораты пайдапарастыкка негизделген хазорат болуп, пайдадан башка эч нерсени эсепке албайт. Пайдадан башка нерсени тан албай, аны бардык иштердин өлчөөсү кылып алат. Рухий жак болсо, жеке адамдын өзүнө гана тиешелүү болуп, анын жамаатка тиешеси жок.

Ал чиркөөгө жана чиркөө кишилерине гана чектелген. Ошондуктан, Батыш хазоратында ахлакый, рухий, инсаний баалуулуктар (кыймат) жок, болгону, материалдык жана пайда баалуулуктары гана бар. Мына ушуга негизделип, гуманитардык (инсаний) иштер «Кызыл чырым» жана миссионердик коомдор сыяктуу мамлекеттен ажыратылган уюмдарга тапшырылган. Нак пайдадан турган материалдык кыйматтан башка ар кандай кыйматтар турмуш майданынан четтетилген. Кыскасы, Батыш хазораты – турмуш жөнүндөгү ушундай түшүнүктөрдүн жыйнагы.

Ал эми Ислам хазораты Батыш хазоратынын негизинен таптакыр башка негизге курулган. Анын турмушту сүрөттөөсү да Батыш хазоратынын турмушту сүрөттөөсүнөн башкача. Ислам хазоратындагы бакыт түшүнүгү да Батыш хазоратындагы түшүнүктөн бүтүндөй айырмаланат. Ислам хазораты – Аллага ыйман келтирүү; Алланын аалам, адам, тирүүлүк үчүн анык бир түзүм белгилеп, аларды ушуну менен башкаруусуна ишенүү; саййидибиз Мухаммад ﷺды Ислам дини менен Расул кылып жибергенине ыйман келтирүү – негизине курулган. Тактап айтканда, Ислам хазораты Ислам акыйдасы негизине курулган. Бул акыйда болсо Аллага, периштелерине, китептерине, расулдарына, акырет күнүнө, каза жана кадардын жакшылыгы да, жамандыгы да Алла тааладан экендигине ыйман келтирүүдөн турат. Демек, акыйда – хазораттын негизи. Хазорат рухий негизге курулган.

Ислам хазоратында турмуштун сүрөттөлүшү болсо, Ислам акыйдасынан балкып чыккан, турмуш жана адамдын турмуштагы иштери ошонун үстүнө курула турган Ислам философиясында көрүнөт. Бул философия материяны рухка аралаштыруудан турат т.а. бардык иштерди Алланын буйрук-кайтарууларына ылайык жүргүзүү мына ушул турмуштун сүрөттөлүшүнүн негизи болуп саналат. Адам иштери – материя. Ал эми, адамдын бир ишти кылып жатканда адал же арам экендиги жагынан Аллага болгон байланышын билүүсү – рух. Муну менен материянын рухка аралашуусу пайда болот. Ушуга ылайык, мусулмандын иштерин жүргүзүүчү түрткү – Алланын буйрук жана кайтаруулары. Ал эми, иштерди Алланын буйрук-кайтарууларына ылайык жүргүзүүдөн көздөлгөн максат (гоя) – Алла тааланын ыраазылыгы, пайда эмес. Ал эми ишти кылуудан көздөлгөн максат (касд, максуд) болсо – ошол ишти кылып жатканда ээ болуу көздөлгөн кыймат. Бул кыймат иштин түрүнө карай ар түрдүү болот.

Кээде бул кыймат материалдык кыймат болот. Мисалы, киреше табуу максатында соодагердин алды-сатты (тижарат) менен алектенүүсү сыяктуу. Себеби, анын алды-саттысы – материалдык иш. Адамдын өзүнүн Аллага болгон байланышын билип туруусу – Алланын ыраазылыгына жетишүү үмүтүндө – соодасын Алланын буйрук-кайтарууларына ылайык жүргүзүүгө мажбур кылат. Ал эми, бул ишти кылуудан көздөлгөн кыймат – киреше, ал материалдык кыймат болуп саналат.

Кээде кыймат рухий болот. Намаз (солат), орозо (совм), зекет (закат), ажылык (хаж) сыяктуу. Кээде кыймат ахлакый кыймат болот. Мисалы, чынчылдык (сидк), аманаттуулук, бапаадарлык (вафаа) сыяктуу. Кээде кыймат инсаний кыймат болот. Мисалы, чөгүп бараткан адамды куткаруу жана муктаждарга жардам берүү сыяктуу. Адам бир ишти кылмакчы болгондо, андагы кыйматтарга жетүү үчүн аларды өз алдына максат кылып алат. Бирок, бул кыйматтар иштерди жүргүзүүчү түрткү боло албайт жана умтулуна турган идеал да боло албайт. Алар болгону иштен көздөлгөн кыймат гана жана алар иштин түрүнө карай ар түрдүү болот.

Ал эми бакыт болсо – Алланын ыраазылыгына жетүү, адам муктаждыктарын кандыруу эмес. Себеби, организм муктаждыктары жана инстинктер талабынан турган адамдын бардык табигый муктаждыктарын кандыруу – адам затын сактап калуу үчүн зарыл болгон васийла. Мындан бакыт вужудга келбейт. Бул турмуштун сүрөттөлүшү. Бул турмуштун сүрөттөлүшү курула турган негиз. Бул Ислам хазоратынын негизи. Ушуга ылайык, Ислам хазораты Батыш хазоратына бүтүндөй карама-каршы келет. Ошондой эле, андан келип чыккан маданий көрүнүштөр да Батыш хазоратынан келип чыккан маданий көрүнүштөргө тескери келет. Мисалы, сүрөт – маданий көрүнүш. Батыш хазораты – өзүнө тартуучу бардык мүчөлөрү көрүнүп турган жалаңач аялдын сүрөтүн – маданий көрүнүш деп эсептейт. Бул анын турмуштагы аял жөнүндөгү бардык түшүнүктөрүнө дал келет. Мына ошондуктан, муну батыштык адам маданий көрүнүш катары сыймыктана турган искусствонун бир түрү деп эсептейт. Эгер бул сүрөт чеберчилик шарттарына толук жооп берсе, ал искуство үлгүсү деп эсептелет. Бирок бул көрүнүш Ислам хазоратына жана анын этият сакталуучу ар-намыс эсептелген аял жөнүндөгү түшүнүктөрүнө бүтүндөй тескери келет. Ошондуктан, мындай сүрөттөргө тыюу салынат. Себеби, ал нав гарыйзасынын козголушуна себеп болуп, акыбетте, ахлакый бузукчулукка алып барат. Ошондой эле, үй куруу – маданий көрүнүш. Эгер мусулман адам үй курмакчы болсо, аялдын сырттагыларга жеңил кийимде көрүнбөшүн эсепке алып, үйдүн айланасын дубал менен коргондойт. Батыштыктар болсо, өз дүйнө караштарына ылайык, бул нерсени эсепке албайт. Батыш хазоратынан келип чыккан айкел жана башка маданий көрүнүштөр да жогорудагылар сыяктуу. Ошондой эле кийимдер да, эгер кафирлиги этибары менен кафирлерге гана хос болсо, анда мусулмандардын аны кийиши жайиз эмес. Себеби, мындай кийимдер белгилүү бир көз карашты өзүндө камтыган болот. Эгер кафирлер – кафирлик этибары менен эмес, кандайдыр муктаждык же жасануу үчүн – белгилүү бир кийимдерди кийип жүрүшсө, мындай кийимдер жалпы маданий көрүнүштөрдөн эсептелет да, аларды пайдалануу (истиъмал) жайиз.

Медицина жабдуулары, транспорт, техника, мебель, килем ж.б.у.с. илим жана өнөржай өнүгүүсүнөн келип чыккан маданий көрүнүштөр –

бүткүл дүйнөлүк жалпы маданий көрүнүштөрдөн эсептелет. Аларды алууда эч нерсеге көңүл бурулбайт. Себеби, алар хазораттан келип чыккан эмес жана алардын хазоратка эч кандай тиешеси да жок.

Бүгүнкү күндө дүйнөдө өкүм сүрүп жаткан Батыш хазоратына жеңил назар таштасак, Батыш хазораты адамзатка көңүл тынчтыгын камсыздай албашы айкын болот. Тескерисинче, дүйнө көз алдыбызда анын отунда куурулуп жаткан бактысыздыкка себеп болду. Адам табиятына тескери түрдө, динди турмуштан ажыратууну өзүнө негиз кылып алган, жалпы турмуш тармактарында рухий жакка эч кандай орун бербей турган, жашоону жалаң гана пайдадан турат деп сүрөттөй турган, "турмушта адамды адамга байлай турган нерсе – пайда" деп эсептей турган мындай хазорат дайым бактысыздыкты, кыйынчылыкты гана алып келет. Ырас, пайда негиз болгон соң, аны талашуу табигый, ага жетүү үчүн күрөшүү да табигый, адамзат (башарият) арасында алакаларды орнотууда күчкө таянуу да табигый. Ошондуктан, мындай хазорат ээлеринде баскынчылыктын болушу табигый. Адеп-ахлактын болсо тырым-тыракайы чыгып кетет. Себеби, жалгыз гана пайда турмуштун негизи болуп калат. Ошондуктан, турмуш майданынан рухий кыйматтар сүргүн кылынганы сыяктуу, улуу ахлакый кыйматтардын турмуштан куулушу жана турмуштун өзү да талаш-тартыш, күрөш, баскынчылык, колонизаторлук негизине курулуусу табигый. Бүгүнкү күндө ааламда жайылган адамзат көңүлүндөгү рухий кризистер, дайымий кыйынчылыктар, чар тарапка кулач жайган жамандыктар – булардын баары Батыш хазораты алып келген жаман акыбеттерге жаркын далил болот. Себеби, мына ушул хазорат бүткүл дүйнөгө өкүмдарлык кылып турат. Мына ушул хазорат адамзат үчүн коркунучтуу болгон натыйжаларды алып келди.

VI мелодий кылымдан XVIII мелодий кылымдын акырына чейин дүйнөгө жетекчилик кылган Ислам хазоратына назар салсак, бизге төмөнкүлөр айкын болот. Ислам хазораты эч качан империалисттик (колонизатор) болгон эмес. Анын табиятында империализм жок. Себеби, ал эч качан мусулмандар менен башкалардын арасын ажыратпаган. Өкүмдарлык кылып турган убагында ага баш ийген бардык элге адилеттүүлүктү кепилдеген. Себеби, ал маддий, рухий, ахлакий, инсаний кыйматтардын бүт бардыгын жүзөгө чыгара турган рухий негизге курулган дүйнөкараш. Турмушта эң башкы орунду акыйдага берет. Турмушту Алланын буйрук-кайтаруулары негизинде жүргүзүлүшү керек деп сүрөттөйт. Бакыттын мааниси Алланын ыраазылыгына жетүү деп белгилеп берет. Ислам дүйнөкарашы мурунку өкүмдарлык кылганындай кайрадан дагы өкүмдарлык кылган кезинде, тез аранын ичинде дүйнө кризистерин дабалоого кепил болот, бүткүл адамзат жыргалчылыгын камсыздайт.

# Ислам түзүмү

**(Низомуль-Ислам)**

Ислам – адамдын өз жаратуучусу менен болгон, өзү менен болгон жана башка адамдар менен болгон алакасын тартипке (танзим) салуу үчүн Алла саййидибиз Мухаммад ﷺга түшүргөн дин. Адамдын өз жаратуучусу менен болгон алакасы: акыйдаларды жана ибадаттарды; өзү менен болгон алакасы: ахлак, ичмек-жемек жана кийим-кечелерди; башка адамдар менен боло турган алакасы: мамилелерди (муамалат) жана жаза-чараларды (укубат) өз ичине алат. Ислам – турмуштун бардык иштерин камтыган мабда. Ислам кудайжөйлүк дини эмес. Анын кечилдикке эч кандай байланышы жок. Ал ар кандай диний автократияны жокко чыгарат. Исламда «дин кишилери жамааты» жана «дүйнө кишилери жамааты» деген нерсе жок. Исламды кабыл алган бардык адамдар «мусулмандар» деп аталат жана алардын бардыгы дин алдында барабар. Ошондуктан, анда руханий кишилер жана заманавий кишилер деген нерсе болбойт. Исламдагы рухий жак – жандуу жана жансыз нерселер Жаратуучунун махлуктары экендигинде жана Анын амири менен башкарылып турулушунда. Себеби, адам, тирүүлүк, ааламга, алардын айланасындагы нерселерге, аларга байланыштуу болгон нерселерге терең назар салуу, булардан тыянак чыгаруу, адамга бул нерселердин бардыгынан сезилип турган кемчиликтүүлүктү, алсыздыкты жана муктаждыкты даана көрсөтүп берет. Бул болсо, бул нерселер Жаратуучунун махлуктары экендигине, Анын амири менен башкарылып турулганына жана адам болсо бул турмушта өмүр сүрүп жаткан соң, анын гарыйзалары жана узвий хажаттарын тартипке салып тура турган түзүм зарыл экендигине катъий далалат кылат. Бул түзүм адам тарабынан түзүлбөйт. Себеби, ал алсыз жана бардык нерсени тегиз биле албайт. Анын тартипке салуу жөнүндөгү түшүнүктөрү тафавут, ихтилаф жана карама-каршылыктарга учурап турат. Мындай түшүнүктөрдөн адамды бактысыздыкка алып баруучу карама-каршылыктуу түзүм пайда болот. Мына ошондуктан да, түзүм сөзсүз түрдө Алла таала тарабынан алынышы керек. Ошондуктан да, адам бардык иштерин Алла тарабынан жиберилген түзүм менен жүргүзүшү ылазым. Бирок, бул түзүм менен иш жүргүзүү андан келе турган пайдага негизделе турган болсо, анын Алла таала тарабынан экендигине негизделбесе, анда бул түзүмдө рухий жак жок болот. Ошондуктан, бардык иштерде рух болуусу үчүн, адам өзүнүн Аллага байланыштуулугун билүүсү негизинде, турмуштагы бардык иштерин Алланын буйрук-кайтаруулары менен тартипке салуусу керек. Т.а. адам эң оболу өзүнүн Аллага байланыштуулугун билүүсү керек. Андан кийин Аллага болгон мына ушул байланышты билишинин негизинде, бардык иштерин Алланын буйрук-кайтаруулары менен жүргүзөт. Мына ошондо гана иштерди аткарып жатканда рух пайда болот. Себеби, рух дегени – адам

өзүнүн Аллага байланыштуулугун билүүсү дегени. Рухтун материя менен аралашуусунун мааниси болсо, ишти аткарып жатканда Аллага болгон байланыштуулукту билүүнүн болушу. Демек, иш – материя. Ал эми ишти аткарып жатканда Аллага болгон байланыштуулукту билип туруу – бул рух. Ушуга ылайык, бул байланышты билүүгө негизделип, ишти Алланын буйрук-кайтаруулары боюнча жүргүзүү – бул материянын рухка аралашуусу дегени. Ошондуктан, кайрымусулман адам өз иштерин Куран-Сүннөттөн иштелип чыккан шарият өкүмдөрү боюнча жүргүзсө да, бирок, ал өз иштерин рух менен башкарган болбойт. Ал адамда материя менен рухтун аралашуусу жүзөгө чыкпаган болот. Себеби, ал Исламга ыйман келтирген эмес жана Аллага болгон байланыштуулугун билген эмес. Балким, ага жагып калганы үчүн шарият мыйзамдарын түзүм катары кабыл алды да, аны менен иштерин тартипке салды. Мусулман болсо мунун тескерисинче. Анын өз иштерин Алланын буйрук-кайтаруулары боюнча ишке ашыруусу Аллага болгон байланышын билишинин негизине курулган. Иштерин Алланын буйрук-кайтаруулары боюнча жүргүзүүдөн максаты – Алланын ыраазылыгына жетүү, түзүмдөн пайдалануу эле эмес. Ушуга ылайык, нерселерде рухий жактын болуусу жана иштерди аткарып жатканда рухтун болуусу зарыл. Бардыгы ар дайым ачык-айкын билиши зарыл болгон нерсе, рухий жак дегени – нерселер аларды жараткан Жаратуучунун махлуку экендигин түшүндүрөт. Т.а. жаратылмыштын Жаратуучуга болгон байланышы. Рух болсо ушул байланышты билүүсү. Башкача айтканда, адамдын өзүнүн Аллага байланыштуулугун билүүсү. Рухий жак, рух дегени мына ушул. Мына ушул эң туура түшүнүк, мындан башкасы туура эмес. Адам, тирүүлүк, ааламга терең, жаркын назар салуу эң туура натыйжаларга жана ушул эң туура түшүнүккө алып келет.

Кээ бир диндердин назарында, барлыкта сезүү мүмкүн болгон (махсус) жана сезүү мүмкүн болбогон кайып (гойиб) нерселер бар. Адамда рухий тарап жана дене талабы бар. Турмуштун да материалдык тарабы жана рухий тарабы бар. Сезиле турган нерселер менен кайып нерселер бири-бирине тескери. Рухий тарап дене талабы менен келише албайт. Материя рухтан ажыралган. Ошондуктан да, бул эки тарап – алардын назарында – бири-биринен ажыралган. Себеби, бул экөөнүн ортосундагы тескерилик – алардан табиятындагы негизги абал. Аларды бири-бирине аралаштырып болбойт. Таразада бири оор келсе, экинчиси жеңил болот. Мына ошондуктан, акыретти каалагандар рухий жакты тандашы керек. Мына ушул пикирден христиан双 динде эки бийлик: руханийлер бийлиги жана заманавийлер бийлиги (власть духовенства и светская власть) келип чыкты. «Падышанын акысын падышага бер! Кудайдын акысын Кудайга бер!" ("кесарю – кесарево, а богу – богово") деген эреже да ушундан улам айтылып калган. Руханий бийлик ээлери: дин кызматкерлери жана кечилдер болгон. Алар турмуш майданында руханийлер бийлиги замана-

вийлердин бийлиги үстүнөн үстөм болушу үчүн дайым аракет кылышкан. Заманавийлер бийлиги менен руханийлер бийлиги ортосундагы уруш мына ушундан келип чыккан. Акыры дин кишилерине өз алдынча руханий бийлик берилип, алар заманавийлер бийлигине аралашпай турган болушту. Уруш ушуну менен аяктады. Муну менен дин турмуштан ажыратып жиберилди. Анткени, бул дин кудайжөйлүктөн гана турган. Ушул динди турмуштан ажыратуу – капитализм мабдасынын акыйдасы. Ал Батыш хазоратынын негизи жана ал Батыш колонизаторлугу бүткүл дүйнөгө жайып жаткан, даъват кылып жаткан пикирий жетекчилик. Бул пикирий жетекчиликти Батыш өзүнүн сакофат таянчына айландырып, анын негизинде мусулмандардын Исламга болгон ишенимин бузмакчы болот. Себеби, ал Исламды христиан динине жалпы салыштыруу жолу менен салыштырат. Кимде-ким ушул динди турмуштан ажыратуу даъватын, же болбосо, динди мамлекеттен же саясаттан ажыратуу даъватын жайса, анда ал четтен келген жат пикирий жетекчиликке ээрчиген, кафирлер аркылуу башкарылып жаткан куурчак болот жана жакшы же жаман ниетте экенине карабастан, колонизаторлор малайларынын бири болот. Ал же Исламдан таптакыр кабары жок адам болот, же анын душманы болот.

Ал эми Ислам назарында мындай: сезимдер биле ала турган нерселер – материалдык (маддий) нерселер. Рухий жак – алардын Жаратуучу тарабынан жаратылган махлук экендиги. Рух – адамдын өзүнүн Аллага болгон байланыштуулугун билүүсү. Ушуга ылайык, маддий жактан ажыралган рухий жак болбойт. Адамда болсо рухий тарап жана дене талаптары болбойт, балким, узвий хажаттар жана гарыйзалар болот. Аларды кандыруу керек. Тадайюн ошол гарыйзалардын бири. Бул гарыйза адам табиятындагы тубаса алсыздыктан келип чыгуучу Холики Мудаббирге болгон муктаждыктан көрүнөт. Бул гарыйзаларды кандыруу рухий жак деп да, материалдык жак деп да аталбайт, балким, ал болгону гарыйзаны кандыруу гана. Ал эми бул узвий хажаттар жана гарыйзалар Алла тарабынан жиберилген түзүм негизинде, Аллага болгон байланышты билүүгө ылайык кандырылса, бул иштер рух менен жүзөгө ашырылган болот. Эгер эч кандай түзүмсүз, же Алладан башкасы тарабынан түзүлгөн түзүм негизинде кандырылса, бул адамды бактысыздыкка алып бара турган накта материалдык кандыруу болуп калат. Мисалы, нав гарыйзасы эч кандай түзүмсүз же Алладан башкасы тарабынан түзүлгөн түзүм негизинде кандырылса, бул кандыруу бактысыздыкка себеп болот. Эгер Алла тарабынан белгиленген үйлөнүү түзүмү менен Ислам өкүмдөрүнө ылайык кандырылса, көңүлдү тынчтандырат. Тадайюн гарыйзасы эч кандай түзүмсүз же Алладан башкасы тарабынан түзүлгөн түзүм негизинде идолдорго же адамдарга сыйынуу менен кандырылса, бул ширк жана куфр болот. Эгер Ислам өкүмдөрү негизинде кандырылса, бул ибадат болот. Мына ошондуктан, нерселердеги рухий жакка көңүл буруу

керек жана бардык иштер – адам өзүнүн Аллага байланыштуулугун билген абалда – Алланын буйрук жана кайтаруулары негизинде, башкача айтканда, рух менен ишке ашырылышы керек. Ушуга ылайык, бир иште эки нерсе болбойт. Балким, бир гана нерсе бар, ал – иштин өзү. Ал эми иштин "накта материалдык иш" же "рух менен ишке ашырылган иш" деп сапатталышы ушул иштин өзүнөн эмес, анын Ислам өкүмдөрү негизинде же аларсыз ишке ашырылганынан келип чыгат. Мисалы, мусулмандын согушта душманды өлтүрүүсү «жихад» деп эсептелет жана ал үчүн сооп алат. Себеби, бул иш Ислам өкүмдөрү негизинде ишке ашырылды. Ал эми мусулмандын бейкүнөө адамды – ал мусулманбы же кайрымусулманбы, айырмасыз – акысыз түрдө (гойри хак) өлтүрсө, бул кылмыш деп эсептелет жана ал үчүн жазаланат. Себеби, бул иш Алланын буйрук-кайтарууларына тескери. Бул эки иш тең бир эле нерсе – адам өлтүрүү. Ал адам тарабынан кылынып жатат. Демек, адам өлтүрүү рух менен ишке ашырылса – ибадат, рухсуз ишке ашырылса – кылмыш болот. Ошондуктан, мусулман адам бардык иштерин рух менен ишке ашыруусу керек, материяны рухка аралаштыруу мүмкүн болгон иш эле эмес, балким, важиб болгон иш. Материяны рухтан ажыратуу т.а. ар кандай ишти Аллага болгон байланышты билүү негизинде, Анын буйрук-кайтаруулары боюнча аткаруудан ажыратып коюу жайиз эмес. Мына ошондуктан, рухий жак маддий жактан ажыратылган абалдарды көөдөлөндүрө турган ар кандай көрүнүштөрдү жоготуу важиб. Демек, Исламда дин кишилери деген нерсе жок. Анда кудайжөйлүк маанисиндеги диний бийлик да, динден ажыралган заманавийлер бийлиги да жок. Ислам – бул дин, анын тутумунда мамлекет бар. Мамлекет да – намаз өкүмдөрү сыяктуу эле – шаръий өкүм. Ал Ислам өкүмдөрүн ишке ашыруунун жана анын даъватын жаюунун тарыйкаты. Динди рухий мааниге чектеп коюуну жана аны саясаттан, бийликтен четтетүүнү билдире турган бардык нерселерди жоготуу важиб. Ушуга ылайык, рухий жакка жетекчилик кыла турган ар кандай уюмдар жоюлат. Мечиттерди башкарып турган диний башкаруу мекемелери да жоюлат жана мечиттерди билим берүү (маъариф) башкармалыктары башкарат. Шаръий мекеме жана низомий мекеме деген нерселер да жок кылынып, казылык Ислам менен гана өкүм кыла турган бир бүтүн вужудга айланат. Себеби, Ислам султандыгы – бир бүтүн султандык.

Ислам акыйда жана түзүмдөрдөн турат. Акыйда – Аллага, периштелерине, китептерине, расулдарына, акырет күнүнө жана каза-кадардын жакшы-жаманы Алла тааладан экендигине ыйман келтирүү. Ислам Аллага, Мухаммад ﷺдын пайгамбар экендигине жана Курани Каримге ыйман келтирүү сыяктуу акыл идирек кыла турган иштерде акыйданы акыл негизине курду. Кайып нерселерде болсо, башкача айтканда, кыямат күн, периштелер, бейиш, тозок сыяктуу акыл идирек кылышы мүмкүн болбогон иштерде акыйданы – булагы акыл менен далилделген нерсе-

лер – негизине курду. Алар: Курани Карим жана мутаватир хадис. Ислам акылды манатут-таклиф (шарият алдында жоопкер болуунун негизги шарты) кылып койду.

Түзүмдөр болсо адамдын иштерин тартипке салып туруучу шарият өкүмдөрүнөн турат. Ооба, Ислам түзүмү бул иштердин бардыгын өз ичине алат, бирок, аларды жалпы көрүнүштө жана жалпы маанилери менен өз ичине алат. Ал эми тафсилаттарды болсо, колдонулуп жатканда жалпы маанилерден иштелип чыга турган кылып койду. Курани Карим жана хадиси шариф кең багыттарды өз ичине алды. Башкача айтканда, адамга адам деп карап, анын бардык турмуш иштеринин чечимдери үчүн жалпы маанилерди өз ичине алып келди. Доорлор өтүшү жана мекендердин өзгөрүүсүнө карай пайда боло турган проблемалардын жузъий өкүмдөрүн ошол жалпы маанилерден иштеп чыгууну мужтахиддерге калтырды.

Проблемаларды чечүүдө Исламдын бир гана жолу бар. Ислам мужтахид алдына мындай милдетти коёт. Ал кезиккен проблеманы терең түшүнүп алганга чейин, аны ар тараптуу үйрөнөт. Кийин бул проблемага байланыштуу болгон шарият нусустарын үйрөнөт. Ушинтип, акыры бул нусустардан ошол проблеманын чечимин иштеп чыгат. Т.а. бул маселенин шаръий өкүмүн шаръий далилден иштеп чыгат. Мужтахиддин мындан башкача жолду карманышы таптакыр мүмкүн эмес. Мужтахид бул проблеманы үйрөнүп жатканда, аны инсаний проблема катары үйрөнөт, башкача көз караш менен эмес. Т.а. ал экономикалык, социалдык, саясий ж.б. проблема катары эмес, балким, бул жөнүндөгү Алланын өкүмүн билүү үчүн шаръий өкүмгө муктаж болгон маселе катары үйрөнүлөт.

# Шаръий өкүм

Шаръий өкүм – пенделердин иштерине тиешелүү болгон Шариънин хытабы (Шарият Ээсинин кайрылуусу). Ал же субуту катъий болот, Курани Карим жана мутаватир хадис сыяктуу; же субуту зонний болот, мутаватир болбогон хадис сыяктуу. Эгер субуту (Алланын алдынан сабит болгондугу) катъий болсо, анда ага дагы каралат, анын далалаты (мааниси) да катъий болсо, ал өз ичине алган өкүм катъий өкүм болот. Мисалы, бардык фарз намаздардын ирекеттери сыяктуу. Себеби, алар хадиси мутаватирде келген. Ошондой эле, сүткордуктун арамдыгы, уурунун колу кесилиши, зинакердин сабалышы сыяктуу. Себеби, булар да катъий өкүмдөр жана алардын туура экендиги анык. Алар жөнүндө бир гана катъий рай бар.

Эгер Шариъ хытабынын субуту катъий, далалаты зонний болсо, анда ал өз ичине алган өкүм зонний болот. Мисалы, жизя аяты сыяктуу. Бул аяттын субуту катъий, бирок, анын тафсилатындагы далалаты зонний. Бул маселеде Ханафийя мазхабы аны «жизя» деп атап, ал берилип жатканда берүүчүдө кордук белгиси көрүнүп турушун шарт кылат. Шафиъий мазхабы болсо, анын «жизя» деп аталышын шарт кылбайт. «Кошумча зекет» деген аталыш менен да жыйып алынса боло берет. Кордук белгиси көрүнүп турушунун да эч кандай зарылчылыгы жок. Ислам өкүмдөрүнө баш ийгендигинин өзү жетиштүү, - дейт.

Ал эми, Шариънин хытабы – мутаватир болбогон хадис сыяктуу – субуту зонний болсо, анда ал өз ичине алган өкүм да зонний болот. Мисалы, сүннөттө келгендей, шаввал айында 6 күн орозо кармоо сыяктуу далалаты катъий болсо да; же сүннөттө келгендей, жерди ижарага берүүгө тыюу салынганы сыяктуу далалаты зонний болсо да, бул өкүмдөр зонний болот.

Шаръий өкүм Шариънин хытабынан туура ижтихад жардамында түшүнүп алынат. Ошондуктан, мужтахиддердин ижтихады гана шаръий өкүмдү ачыктап берет. Ушуга ылайык, ар бир мужтахид үчүн Алланын өкүмү – анын ижтихады алып барган жана ал туура болуш керек деп күмөн кылган өкүм.

Мукаллаф кайсы бир маселеде бардык шарттары табылган абалда ижтихад кылууга жарактуу болсо, ушул маселеде ижтихад кылып, ижтихады бул жөнүндөгү бир өкүмгө алып барса – бардыгы келишишкендей (иттифак) – ал өзүнүн күмөнү важиб кылган өкүмгө тескери түрдө башка бир мужтахидге ээрчиши (таклид) жайиз эмес. Өз күмөнүн таштаашы да жайиз эмес, бирок, болгону төрт абалда гана жайиз:

Биринчиси: эгер өз ижтихадында сүйөнгөн далили күчсүз (заиф) болуп, анын далилинен башка мужтахиддин далили күчтүүрөөк болсо, мындай абалда ижтихады алып барган өкүмдү дароо таштап, далили күчтүүрөөк өкүмдү алышы важиб.

Экинчиси: эгер башка мужтахиддин ага караганда вакиъден көбүрөөк кабардар экендиги, же окуяларды бири-бирине байланыштырууга кудуреттүүрөөк экендиги билинсе о.э. далилдерди жакшыраак түшүнүшү же далилдерден көбүрөөк кабардар экендиги көрүнсө, мындай абалда өз ижтихады алып барган өкүмдү таштап, өз ижтихадынан көрө ишеничтүүрөөк болгон ошол мужтахиддин ижтихадына таклид кылышы жайиз.

Үчүнчүсү: эгер мусулмандар пайдасы үчүн мусулмандарды бириктирүү көздөлгөн рай болсо, мындай абалда мужтахид өз ижтихады алып барган өкүмдү таштап, мусулмандарды бириктирүүнү максат кылынган өкүмдү алышы жайиз. Бирок, мунун шарты бар, эгер кырдаал Усман ﷺ менен байъатташуу учурунда болгон кырдаал сыяктуу болсо, ошондо жайиз.

Төртүнчүсү: эгер өз ижтихады алып барган өкүмгө тескери болгон шаръий өкүмдү халифа табанний кылса, мындай абалда өз ижтихады алып барган өкүмгө амал кылууну таштап, имам (халифа) табанний кылган өкүмгө амал кылышы важиб, себеби, сахабалардын ижмасы ушуга келишкен: «имамдын амири ихтилафты жоёт» жана «имамдын амирин бардык мусулмандар аткарышы керек».

Эгер ижтихад кылууга жарактуу адам ижтихад кылбаса, анын башка мужтахиддердин бирине таклид кылышы жайиз. Себеби сахабалар ижма кылышкандай, мужтахид ижтихад кылбай, башка мужтахиддерге таклид кылышы жайиз.

Ким ижтихад кылууга жарактуу болбосо, ал мукаллид (таклид кылуучу) болот. Мукаллид эки түрдүү болот: муттабиъ жана аамий. Муттабиъ – ижтихадда этибардуу болгон кээ бир илимдерге ээ болгон адам. Ал далилин билгенден кийин гана мужтахидге таклид кылат. Мына ошондо гана муттабиъ үчүн Алланын өкүмү өзү таклид кылган мужтахиддин сөзү болот. Аамий болсо, ижтихадда этибардуу болгон кээ бир илимдерге ээ болбогон адам. Ал далилин билбеген абалда мужтахидге таклид кылат. Мындай аамий адамдар мужтахиддердин сөзүнө таклид кылып, алар истинбат кылган өкүмдөргө амал кылышы керек. Ал үчүн шаръий өкүм – өзү таклид кылып жаткан мужтахид истинбат кылган өкүм. Ушуга ылайык, шаръий өкүм – ижтихадга жарактуу мужтахид истинбат кылган өкүм. Ушул шаръий өкүм ал мужтахид үчүн Алланын өкүмү болуп, ал бул өкүмгө тескери түрдө башка мужтахидге таклид кылуусу таптакыр жайиз эмес. Ошондой эле, ал истинбат кылган өкүм ага таклид кылып жаткан аамий үчүн да Алланын өкүмү болуп, ал аамий бул өкүмгө тескери амал кылуусу жайиз эмес.

Мукаллид кайсы бир окуянын өкүмүндө мужтахиддердин бирине ээрчип, бул маселеде анын сөзүнө амал кылган болсо, амал кылгандан соң, бул өкүмдө ошол мужтахидден башкасына кайрылуусу мүмкүн эмес. Ал эми башка өкүмдө бул мужтахидден башкасына таклид кылуусу мүмкүн. Себеби, сахабалар ижма кылышкандай, мукаллид кандайдыр бир масе-

ленин өкүмүн ар кандай аалымдан өкүм сурап билиши мүмкүн. Ал эми, мукаллид Шафиъий мазхабы сыяктуу бир мазхабды өзү үчүн тандап алып, «мен анын мазхабынанмын, мен ага амал кыламын» десе, анда мунун тафсилаты бар: ээрчип жаткан мазхабында амал кылып турган ар кандай маселеде башкага таклид кылуусу мүмкүн эмес. Эгер кайсы бир маселеде али амал кылбаган болсо, бул маселеде башкага таклид кылышына тоскоолдук (маниъ) жок.

## Шаръий өкүмдөрдүн түрлөрү

Шаръий өкүмдөр: фарз, харам, мандуб, макрух, мубах. Шаръий өкүм бир ишти аткарууну талап кылган хытаб менен келет же бир ишти кылбоону (тарк) талап кылган хытаб менен келет. Эгер ал аткаруу талап кылынган хытаб менен келип, аткаруу жазм талап кылынган болсо, мындай шаръий өкүм – фарз жана важиб болот. Бул экөө тең бир мааниде. Аткаруу талап кылынып, бирок, жазм талап болбосо, мындай шаръий өкүм – мандуб болот. Эгер кылбоо талап кылынган хытаб менен келип, ал ишти кылбоо жазм талап кылынса – харам жана махзур болот. Бул экөө тең бир мааниде. Эгер кылбоо талап кылынып, бирок, жазм талап болбосо, анда бул өкүм – макрух болот. Ушуга караганда, фарз менен важиб – аларды аткарган адам мактала турган, аткарбаган адам аны аткарбагандыгы үчүн жазалана турган амал. Арам – кылган адам жемелене (мазаммат) турган, аны кылбаган адам мактала турган, кылган адам болсо аны кылгандыгы үчүн жазалана турган амал. Мандуб – кылган адам мактала турган, кылбаган адам жемеленбей турган т.а. кылганы үчүн сооп алып, кылбаганы үчүн жазаланбай турган амал. Макрух – кылбаган адам мактала турган, же кылгандан көрө кылбаган абзел болгон амал. Мубах – Шариънин хытабы аны кылуу же кылбоодо ыктыярдуу иш экенин түшүндүргөн самъий далил (Куран, Сүннөт, ижма).

# Сүннөт

«Сүннөт»түн лексикалык (лугаттагы) мааниси – «жол». Шариятта болсо Набий ﷺдан нафл (кошумча) катары накл кылынган өкүмдөргө карата колдонулат. Мисалы, сүннөт намаздарынын ирекеттери сыяктуу. Ал фарздан айырмалануусу үчүн «сүннөт» деп аталат. «Сүннөт» деп аталышынын мааниси – анын Пайгамбар ﷺ тарабынан, фарз болсо Алла тарабынан буйрулган өкүм дегени эмес. Балким, фарз да, сүннөт да Алла тарабынан буйрулган. Расул ﷺ болсо Алла тарабынан болгон бардык буйруктарды жеткирүүчү. Себеби, ал зат *"өз ой-каалоосун сүйлөбөйт, анын сөздөрү вахийден башка нерсе эмес"*. Сүннөт Набий алайхис-салам тарабынан сүннөт катары накл кылынган болсо да, бирок, ал нафл катары накл кылынган жана «сүннөт» деп аталган. Дал ушул сыяктуу эле фарз дагы фарз катары накл кылынып, «фарз» деп аталган. Мисалы, багымдат (фажр) намазынын эки ирекет фарзы Набий ﷺдан таватур жолу менен фарз катары накл кылынган. Багымдаттын эки ирекет сүннөтү дагы Набий ﷺдан таватур жолу менен нафл катары накл кылынган. Бул экөө тең Расул ﷺ өзү тарабынан эмес, балким, Алла таала тарабынан буйрулган. Демек, буйрук ибадаттарда «фарз» жана «нафила» деп, башка амалдарда болсо, «фарз» жана «мандуб» деп айтылат. Нафила мандубдун дал өзү болуп, нафила деп аталса да, бирок, көбүнчө сүннөт деп айтылат.

О.э. «сүннөт» сөзү Расул алайхис-салам тарабынан садыр болгон, Курандан деп эсептелбей турган шаръий далилдерге карата да айтылат. Буга Набий ﷺдын сөздөрү (ковл), иштери (феъл), макулдаганы (такрир), унчукпаганы (сукут) кирет.

# Расул алайхис-салату вас-саламдын иштеринен үлгү алуу

Набий ﷺ тарабынан садыр болгон иштер эки түрдүү: 1. Табигый иштер; 2. Табигый болбогон иштер.

Отуруу, туруу, жеп-ичүү ж.б.у.с. табигый иштердин Расул ﷺ үчүн да, ал заттын үммөттөрү үчүн да мубах экендигинде эч кандай талаш жок. Ошондуктан, бул иштер мандубга кирбейт.

Табигый болбогон иштер болсо, Расул ﷺга эч ким шерик боло албай турган, анын өзүнө гана хос болгон иштерден, же анын өзүнө гана хос болбогон иштерден турат. Орозону үзбөй улантуу, башкача айтканда, күндүздү түнгө улап жиберүү, төрттөн ашык аялды никесине алуу ж.б.у.с. Расул ﷺдын өзүнө гана хос экендиги далилденген касиеттерде биз үчүн ал кишиге шерик болуу жайиз эмес. Бул иштер Расул ﷺдын өзүнө гана хос экендиги <u>ижма</u> менен сабит болгон. Ошондуктан, бул иштерде үлгү алуу жайиз эмес.

Ал эми Расул ﷺдын кылган иштери бизге белгилүү бир амалдын кандай аткарылышын баян кылып берүү үчүн болгон болсо, мындай иштер, эч шексиз, далил болуп саналат. Бул болсо кээде ал заттын ачык айткан сөздөрүнөн билинет. Мисалы, Расул ﷺдын: «Менин кандай намаз окуганымды көргөн болсоңор, ошондой намаз окугула»; «Бардык ырасымдарыңарды менден алгыла» деген сөздөрү сыяктуу. Бул сөздөр Расул ﷺдын ушул кылган иштери ал кишинин изинен жүрүшүбүз үчүн бизге берилип жаткан баян-көрсөтмө экендигин билдирет. Баян үчүн кылынган амал кээде абалдын каринасынан билинет. Мисалы, Алла тааланын:

﴿ فَٱقۡطَعُوٓاْ أَيۡدِيَهُمَا ﴾

***«Колдорун кескиле»,*** **[5:38]**

- деген буйругу кандай аткарылышын баян кылып, уурунун колун томуктуу муундан кесип көрсөткөнү сыяктуу. Расул ﷺдын кылган ишиндеги сөз же абалдын каринасы менен келген мындай баяндар – далилдин далалатына карай – иштин важиб, мандуб же мубах экендигин аныктап берет.

Баян кылып берүү үчүн болбогон, жокко чыгаруу да, тастыктоо да болбогон иштерге келсек, мындай иштердин айрымдарынан Аллага жакын болуу (курбат) максаты көрүнүп турат, айрымдарынан болсо мындай максат көрүнбөйт. Эгер Аллага жакын болуу максаты көрүнүп турса, мындай иштер мандуб амалга кирет. Аларды кылган сооп табат, кылбаган адам жазаланбайт. Мисалы, шашкедеги (зуха) сүннөт намазы сыяктуу. Эгер кайсы бир иште курбат максаты көрүнбөсө, анда мындай иштер мубах амалдарга кирет.

# Шаръий өкүмдөрдү табанний кылуу

Мусулмандар сахабалар доорунда шаръий өкүмдөрдү түздөн-түз өздөрү Куран жана Сүннөттөн алышкан. Казылар адамдардын арасындагы келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылып жатканда, өздөрү кезиккен ар бир окуя жөнүндөгү шаръий өкүмдү түздөн-түз өздөрү иштеп чыгышкан (истинбат). Акимдер да, амирул-мумининден тартып валийлер жана алардан төмөнкүлөргө чейин, өкүм жүргүзүп жатканда өздөрүнө жолукkan ар бир проблеманын чечими үчүн шаръий өкүмдөрдү өздөрү истинбат кылышкан. Мисалы, Абу Муса Ашъарий жана Шурайх, булардын экөөсү тең өкүмдөрдү истинбат кылып, өз ижтихаддары менен өкүм чыгарган казылар болгон. Муаз ибн Жабал Расул ﷺ тирүү кезинде валий болгон жана өкүмдөрдү өзү истинбат кылып, өз вилаятында өз ижтихады менен өкүм жүргүзгөн. Абу Бакр менен Умар да халифалык кылган кездеринде өкүмдөрдү түздөн-түз өздөрү истинбат кылып, алардын ар бири өздөрү истинбат кылган өкүм менен адамдар үстүнөн өкүм жүргүзүшкөн. Муавия менен Амр ибн Аас дагы өкүмдөрдү өздөрү истинбат кылып, өз ижтихаддары боюнча иштеп чыккан өкүмдөр менен өз вилаятында адамдар үстүнөн өкүм жүргүзүшкөн. Валийлер менен казылардагы мындай ижтихаддардын болушу менен биргеликте, халифа атайын бир шаръий өкүмдү табанний кылган (тандап алып, дайындаган). Жана адамдарды ушул өкүмгө амал кылууга буйруган. Өз кезегинде алар да ушул өкүмгө амал кылуу зарыл деп билип, дароо өз райлары жана ижтихаддарын ташташкан. Себеби, шаръий өкүм мына ушуга буйруйт: "Имамдын буйругу ичте да, тышта да ишке ашырылуусу керек". Мисалы, Абу Бакр «үч талак» деп айтылганда бир талак болуп эсептелери жөнүндөгү о.э. Исламга мурун киргендигине ж.б.у.с. сапаттарга карабастан, мусулмандарга байлыкты тең бөлүштүрүү жөнүндөгү өкүмдөрдү табанний кылган. Мусулмандар бул өкүмдөрдө ага ээрчишкен. Казылар жана валийлер да ушул өкүмдөр негизинде өкүм жүргүзүшкөн. Умар халифалыкка келгенден кийин, бул эки иште Абу Бакрдын райына тескери райды табанний кылып, «үч талак деп бир жолу айтылышы менен эле «үч талак» эсебине өтөт» деп буйруду. Байлыкты болсо, Исламга мурун киргендигине жана муктаждыгына карап, теңдикти эмес абзелдикти тандап, бөлүштүрүп берүүнү табанний кылды. Мусулмандар бул иштерде ага ээрчишти. Казылар жана валийлер да ушуну менен өкүм жүргүзүштү. Кийин Умар согушта олжого алынган жерлерди Байтулмалда олжого алынган мүлк катары сакталышын шаръий өкүм маанисинде табанний кылды. Бул өкүмгө ылайык, жер аскерлерге да, башка мусулмандарга да бөлүштүрүлүп берилбей, өз ээлеринин колунда калмак. Бул иште да казылар менен валийлер ага ээрчишти, ал табанний кылган өкүмдүн негизинде жүрүштү. Ижма т.а. сахабалардын келишүүлөрү ушуга келип токтогон: Имам (халифа) белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылып, ага

амал кылууга буйруу укугуна ээ. Мусулмандар болсо, табанний кылынган өкүмдөргө итаат кылат, мейли өздөрүнүн ижтихадына тескери келсе да. Мындан сырткары, машхур шаръий коидалар да бар. Мисалы, «Султан (халифа) болуп жаткан проблемаларга карап, аларга тиешелүү өкүмдөрдү иштеп чыгууга акылуу»; «Имамдын буйругу ихтилафты жоёт»; «Имамдын буйругу ичте да, тышта да ишке ашырылышы керек». Ошондуктан, кийинки халифалар да белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылып келишкен. Мисалы, Харун ар-Рашид иктисод (экономика) тармагында «Ал-Харож» китебин табанний кылып, адамдардан бул китепте келтирилген өкүмдөргө амал кылууну катуу талап кылган.

# Конституция жана закон

Закон – бул чет элдик термин. Аларда анын мааниси: адамдарды башкаруу үчүн султан чыгарган буйрук. Законго мындайча аныктама берилген: «Адамдарды өз ара мамилелеринде моюн сунууга мажбур кылуу үчүн султан кабыл алган эрежелердин жыйындысы». Ар кайсы мамлекеттин негизги закондору «конституция» сөзү менен аталуусу кабыл алынган. Конституцияда белгилеп коюлган түзүмдөн келип чыккан мыйзамдар болсо, «закон» сөзү менен аталуусу кабыл алынган. Конституцияга мындайча аныктама берилген: мамлекеттин түзүлүшүн, андагы башкаруу түзүмүн аныктоочу жана андагы ар бир бийликтин укук-милдеттерин, чегарасын баяндап берүүчү закон. Башкача айтканда, жалпы бийликти т.а. өкмөттү тартиптештире турган жана анын жеке адамдар менен өз ара байланышын: анын жеке адамдар алдындагы укук-милдеттерин жана жеке адамдардын анын алдындагы укук-милдеттерин баян кылып бере турган закон. Конституциянын келип чыгышы ар түрдүү болот. Алардын кээ бири закон көрүнүшүндө пайда болот, кээ бири болсо, Англия мыйзамдары сыяктуу салт жана адаттардан алынат. Айрым конституциялар мындайча түзүлөт. Ошол кезде эл ичинде атайын ыйгарым укукка ээ болгон патриоттук уюмдан турган бир комитет конституция долбоорун иштеп чыгып, ага өзгөртүүлөр киргизүүнүн методун баян кылат. Кийин бул комитет таркап кетет да, конституцияда көрсөтүлгөн өкмөт ошол комитеттин ордуна отуруп калат. Франция жана Америка конституциялары ушундайча пайда болгон. Конституция жана закон алына турган булактар эки түрдүү болот. Бири салт, дин, мыйзам таануучулардын пикирлери, сот өндүрүшүндө колдонулган мыйзамдар жана сот адилеттүүлүгү негиздери сыяктуу конституция жана закон түздөн-түз келип чыккан булак болуп, мындай булак «ташриъий (мыйзамчылык) булак» деп аталат. Мисалы, Англия, Америкага окшогон кээ бир батыш мамлекеттерининин конституция жана закондору сыяктуу. Экинчиси болсо, андан конституция жана закон тандап алынган, же түздөн-түз эле көчүрүп алынган болот. Франция конституциясы жана Ислам дүйнөсүндөгү кээ бир Түркия, Египет, Ирак, Сирияга окшогон мамлекеттердин конституциялары сыяктуу. Мындай булактар «тарыхый булак» деп аталат.

Конституция жана закон термининен түшүнүлгөн кыскача мааниси ушул. Бул терминдин кыскача тыянагы мындай: мамлекет ташриъий булак болобу, же тарыхый булак болобу – түрдүү булактардан белгилүү бир закондорду алып, аны тандап алат жана аны аткарууга буйруйт. Бул мыйзамдар мамлекет тарабынан тандап алынып, эгер ал жалпы закондорго тиешелүү болсо «конституция»га, эгер жалпы закондорго тиешелүү болбосо «закондор»го айланат.

Азыркы мусулмандар алдында турган суроо мындай: бул терминди колдонуу мүмкүнбү же мүмкүн эмеспи? Мунун жообу мындай: терминдик

мааниге ээ болгон чет элдик сөздөр мусулмандардагы терминге тескери келсе, мындай сөздөрдү мамиледе колдонуу мүмкүн эмес. Мисалы, «социалдык адилеттүүлүк» сөзү сыяктуу. Себеби, бул сөз кембагалдарды таалим-тарбия жана саламаттыкты сактоо тейлөөлөрү менен камсыздоону о.э. жумушчу жана кызматчылардын укугун коргоону гарантиялоочу белгилүү бир системаны түшүндүрөт. Бул термин мусулмандар терминине тескери келет. Себеби, мусулмандар назарында: адилеттүүлүк – зулумдун тескериси. Таалим жана саламаттыкты сактоонун гарантиясы бай жана кембагал бардык адамдар үчүн болот. Ошондой эле, укуктардын гарантиялануусу – кызматчы болсо да, болбосо да, жумушчу же дыйкан же башка болсо да – Ислам мамлекетинин жарандарынын бардыгынын укугу. Эгер кээ бир сөздөрдүн мааниси мусулмандардагы терминди түшүндүрө алса, мындай сөздү колдонууга болот. Мисалы, салык сыяктуу. Бул сөз мамлекетти башкаруу үчүн адамдардан алына турган каражатты түшүндүрөт. Мусулмандарда да аларды башкаруу үчүн мамлекет тарабынан жыйып алына турган каражат бар. Ошондуктан, салык сөзүн колдонсок болот. Конституция жана закон сөзү дагы ушул сыяктуу. Себеби, бул сөздөрдүн мааниси – мамлекет белгилүү бир өкүмдөрдү тандап алып, аларды адамдарга жарыя кылат, аларды аткарууга мажбур кылат жана ошол өкүмдөр негизинде адамдар үстүнөн өкүм жүргүзөт дегени. Бул маани мусулмандарда да бар. Ошондуктан, конституция жана закон сөздөрүн колдонууга эч кандай каршылык жок. Бул сөздөр иштетилгенде халифа шаръий өкүмдөрдөн табанний кылган өкүмдөр назарда тутулат. Бирок, Ислам конституциясы жана закондору менен башка конституция жана закондордун ортосунда өтө чоң айырма бар. Башка конституция жана закондордун булагы – салт, сот өндүрүштөрүндө колдонулуп жаткан мыйзамдар ж.б. Алардын пайда болуу орду – конституцияны мыйзамдаштыруучу комитет жана эл тарабынан шайланган мыйзам чыгаруучу палата. Себеби, алардын көз карашында, эл – бийлик булагы, кожоюндук да элдики. Ал эми Исламдын конституция жана закондорунун булагы – Куран жана Сүннөт, булардан башка эч нерсе булак боло албайт. Пайда болуу орду – муждахиддердин ижтихады. Халифа муждахиддер ижтихадынан белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылып, аларды кабыл алууга буйруйт жана аткарууга мажбур кылат. Себеби, кожоюндук шарияттыкы. Шаръий өкүмдөрдү истинбат кылуу үчүн ижтихад кылуу болсо, бардык мусулмандардын укугу жана ал алардын мойнундагы фарзи кифая. Шаръий өкүмдөрдү табанний кылуу болсо, Халифанын гана укугу.

Бул конституция жана закон сөздөрүн колдонуу мүмкүндүгү жөнүндө. Ал эми өкүмдөрдү табанний кылуунун зарыл экендиги болсо мындайча: Абу Бакрдын халифалык доорунан тартып эң акыркы халифа дооруна чейинки мусулмандардын абалы амал кылууга буйрула турган белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылуу зарылдыгын талап кылган. Бирок, бул

табанний кылуу мамлекет өкүм жүргүзө турган бардык өкүмдөр үчүн жалпы болбой, балким, өзгөчө абалдарда гана кээ бир өкүмдөр үчүн колдонулган. Кээ бир доорлордо мамлекет бардык өкүмдөрдү жалпы табанний кылган абалдар да болгон. Мисалы, Айюбийлер Шафиъий мазхабын, Усманийлер болсо Ханафий мазхабын табанний кылышкан.

Бул жерде табигый бир суроо туулат. Мусулмандарга жалпы конституция жана закондорду кабыл алуу мусулмандар үчүн пайдалуубу же жокпу? Буга мындай жооп берүү керек: бардык өкүмдөр үчүн жалпы болгон конституция жана закондордун болуусу, адамдардын истинбат кылууга жана ижтихадга болгон умтулуусун токтотот. Ошондуктан, мурунку доорлордо – сахабалар, табиъиндер жана табаъ табиъиндердин доорунда да – мусулмандар халифа тарабынан бардык өкүмдөрдүн табанний кылынуусунан сактанышкан. Алар бийлик, мыйзамчылык жана идара кылуу иштеринин бүтүндүгүн сактап калуу үчүн тандоо зарыл болгон белгилүү бир өкүмдөрдү гана табанний кылуу менен чектелишкен. Ушуга караганда, истинбат кылуу жана ижтихадды пайда кылуу үчүн мамлекет үчүн бардык өкүмдөрдү өз ичине алган жалпы конституциянын болушу эмес, балким, мамлекеттин түзүлүшүн белгилей турган, анын бүтүндүгү сакталып калуусун гарантиялай турган жалпы өкүмдөрдү өз ичине алган жалпы конституциянын болушу абзелирээк. Ижтихад жана истинбат кылуу болсо валийлер жана казыларга таштап коюлат. Бирок бул абал качан гана сахабалар, табиъиндер, табаъ табиъиндер доорунда болгону сыяктуу, ижтихад кулач жайган жана адамдардын көпчүлүгү мужтахиддерден болгондо гана болот. Ал эми адамдардын бардыгы мукаллид болсо, алардын арасында мужтахиддер өтө сейрек учураса, мындай абалда адамдардын үстүнөн өкүм жүргүзө тургандар – халифабы, же валийлерби, же казыларбы – айырмасы жок, мамлекет бардык өкүмдөрдү табанний кылуусу зарыл болот. Себеби, валийлер жана казылар ижтихад кыла албастан, бири-бирине карама-каршы жана ар түрдүү таклид менен иш жүргүзгөндүгү себептүү, алар тарабынан Алла түшүргөн шарият өкүмдөрү менен өкүм жүргүзүү өтө кыйын, оор ишке айланат. Өкүмдөрдү табанний кылуу окуяны үйрөнүп, ага тиешелүү далилди билгенден кийин гана ишке ашырылат. Мунун үстүнө валийлерге, казыларга өз билгенинче өкүм жүргүзүүгө уруксат берилсе, бул бир эле мамлекеттин, ал тургай, бир эле шаардын өзүндө өкүмдөрдүн ар түрдүү жана бирбирине карама-каршы болуп кетишине, мындан да коркунучтуусу Алла түшүргөн өкүмдөрдөн башка өкүм менен өкүм жүргүзүлүшүнө алып барат. Мына ошондуктан, Исламды билбегендик бүгүнкүдөй даражага түшүп калган абалда Ислам мамлекети белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылуусу лазым болот жана бул табанний кылуу итикад жана ибадаттарда эмес, балким, мамиле жана жаза өкүмдөрүндө болушу керек о.э. мамлекеттин иштери ирettелиши үчүн, мусулмандардын бардык иштери Алланын өкүмдөрүнө ылайык жүргүзүлүшү үчүн бул табанний кылуу

бардык өкүмдөр үчүн жалпы болуусу керек. Мындан тышкары, мамлекет өкүмдөрдү табанний кылган учурда, конституция жана закондорду кабыл алган убакта, жалаң гана шаръий өкүмдөргө чектелүүсү, башка закондорду албоосу, балким, аларды таптакыр үйрөнбөөсү важиб. Исламга туура келиш же келбешине карабастан, шарият өкүмдөрүнөн башка эч нерсени албайт. Мисалы, мамлекет «улутташтыруу» законун албастан, анын ордуна шарияттагы «умумий мүлк» өкүмүн кабыл алат. Ошондуктан, фикрат жана тарыйкатка тиешелүү болгон бардык иштерде мамлекет шарият өкүмдөрү менен чектелүүсү важиб. Ал эми фикрат менен тарыйкатка тиешелүү болбогон, турмуштук көз карашка тиешеси болбогон идарий конундар жана мекеме-ишканаларды тартиптештирүү ж.б.у.с. иштер үчүн зарыл болгон мыйзамдар ыкма жана каражаттар (васийла вал-услуб) болуп эсептелет. Мамлекет буларды илим жана өнөржай сыяктуу эле кабыл алып, алардын жардамында өз иштерин тартиптештире берет. Умар ибн Хаттаб диван негиздегени сыяктуу. Ал муну фарстардан алган. Мындай идарий жана илимий иштер конституция жана шаръий мыйзамдарга кирбейт, булар конституцияда да жазылбайт. Ошондуктан, Ислам мамлекетинин милдети – анын конституциясы шарият өкүмдөрү болушу керектигин, башкача айтканда, анын конституциясы исламий болуусу жана мамлекет закондору да исламий болуусу керектигин камсыздандыруу. Мамлекет ар кандай өкүмдү табанний кылганда, ошол убактагы проблеманы туура түшүнүү менен биргеликте, аны шаръий далилдин күчтүүсүнүн негизинде табанний кылуусу важиб. Мамлекет эң оболу проблеманы түшүнүшү үчүн аны үйрөнөт. Себеби, проблеманы түшүнүү өтө зарыл – андан соң, проблемага дал келе турган шаръий өкүмдү түшүнөт, кийин шаръий өкүмдүн далилин үйрөнөт да, күчтүү далилдин негизинде мына бул өкүмдү табанний кылат. Мамлекет өкүмдөрдү мына ушундай табанний кылышы важиб. Бул табанний кылуу төмөндөгүдөй шарттар менен болот. Мына бул шаръий өкүм далилин үйрөнгөндөн кийин, анын күчтүүлүгүнө канааттангандан кийин, же муждахиддердин биринин райынан, же Куран-Сүннөттөн, же ижмадан, же кыястан алынат. Бирок бул өкүмдөрдү алуу жузъий ижтихад болсо да – бул бир маселедеги ижтихад – шаръий ижтихад менен гана алынат. Мисалы, мамлекет буюмдарды камсыздандырууга (страхование) тыюу салууну табанний кылмакчы болсо, эң оболу буюмдарды камсыздандыруу эмне экендигин үйрөнөт. Кийин, мүлккө ээ болуу жолун үйрөнөт, андан соң, мүлкчүлүктөгү Алланын өкүмүн ушул проблемага колдонууну карап көрөт, ошондон кийин гана бул маселеде шаръий өкүмдү табанний кылат. Ошондуктан, конституция жана ар бир мыйзамдын кириш сөзү болушу керек. Бул кириш сөз ар бир статья алынган мазхабды жана ал таянган далилди баяндап бериши керек. Эгер түздөн-түз ижтихад кылуу жолу менен истинбат кылынган болсо, статья алынган далилди ачык баян кылып бериш керек. Себеби, мусулмандар мамлекеттин конститу-

ция жана закондор катары табанний кылган өкүмдөрү туура ижтихад жолу менен истинбат кылынган шаръий өкүмдөр экендигин билишсин. Анткени, мусулмандар мамлекеттин табанний кылган закондору шаръий өкүмдөр болгондо гана, ал өкүм жүргүзүп жаткан закондорго баш ийүүгө мажбур кылынат. Ушул негизде, жарандыкка ээ болгон адамдар үстүнөн өкүм жүргүзүү үчүн мамлекет конституция жана закондор катары шаръий өкүмдү табанний кылат.

# Конституция долбоору

## Жалпы өкүмдөр

**1-берене:** Ислам акыйдасы – мамлекеттин негизи. Т.а. анын курамында, жихазында, эсеп-китеп кылынышы же ага тиешелүү бардык иштерде бирер нерсенин жүзөгө келиши үчүн бир гана Ислам акыйдасы негиз кылынат. Ошол эле учурда, Ислам акыйдасы конституция (дустур) жана шаръий мыйзамдардын (конун) негизи болот т.а. бул экөөнүн ар бирине тиешелүү бирер нерсенин пайда болушуна Ислам акыйдасынан келип чыкса гана уруксат берилет.

**2-берене:** Ислам өкүмдөрү колдонула турган жана коопсуздугу Ислам менен болгон өлкө «Ислам дияры» (Дарул Ислам) болуп эсептелет. Куфр түзүмдөрү колдонула турган же коопсуздугу Ислам менен болбогон өлкө куфр дияры (дарул-куфр) деп эсептелет.

**3-берене:** Халифа белгилүү бир шаръий өкүмдөрдү табанний кылып, аларды конституция жана закондор катары жолго коёт. Эгер халифа бирер шаръий өкүмдү күчүнө киргизсе, ошол шаръий өкүм гана амал кылынышы важиб болгон шаръий өкүмгө айланат. Ушул убакта бул өкүм ар бир жаран үчүн ачыкта да, көмүскөдө да итаат кылышы важиб болгон иш жүзүндөгү мыйзам болуп калат.

**4-берене:** Халифа зекет жана жихаддан башка ибадаттарда белгилүү бир шаръий өкүмдү табанний кылбайт. Ислам акыйдасына тиешелүү пикирлерде да өзүнчө эч нерсени күчүнө киргизбейт.

**5-берене:** Исламий табиъийликке ээ болгон (т.а. Ислам мамлекетинин жараны болгон) бардык адамдар шаръий укук жана милдеттерден пайдалана алышат.

**6-берене:** Мамлекеттин жарандар ортосунда акимият, казылык, иш башкаруу ж.б.у.с. тармактарда дискриминацияга жол коюшу жайиз эмес. Теги, дини, расасы жана улутуна карабастан, баарына бирдей назар менен карашы важиб.

**7-берене:** Мамлекет – мусулман болобу же кайрымусулман болобу – исламий жарандыкка ээ болгон бардык адамдарга Ислам шариятын төмөн-күдөй көрүнүштө колдонот:

а) Мусулмандарга карата бардык Ислам өкүмдөрүн эч кандай истиснасыз колдонот.

б) Кайрымусулмандарга өз итикад жана ибадаттарында жалпы түзүмгө ылайык амал кылууга уруксат берет.

в) Исламдан кайткан муртаддарга – өздөрү муртад болушса – муртад өкүмү колдонулат. Эгер муртаддардын перзенттери болуп, кайрымусулман абалда туулган болсо – мушрик же ахли китеп экендиктерине карай – кайрымусулмандардай мамиле кылынат.

г) Кайрымусулмандарга тамак-аш жана кийим-кечелерге тиешелүү болгон иштерде – шарият өкүмдөрү уруксат берген алкакта – өз диндерине ылайык мамиле кылынат.

д) Турмуш куруу жана ажырашуу мамилелери кайрымусулмандар ортосунда алардын өз диндери боюнча ажырым кылынат. Алар менен мусулмандар ортосундагы мамилелер болсо Ислам өкүмдөрү боюнча өкүм кылынат.

е) Мамлекет булардан башка шаръий өкүмдөрдү жана муамалат, укубат, баййинат, башкаруу жана экономика түзүмдөрүнө жана башкаларга тиешелүү болгон Ислам шариятынын бардык иштерин – мусулман жана кайрымусулмандарга – бирдей колдонот. О.э. жогорудагы өкүмдөрдү жарандардын ар бирине колдонгондой эле, муахиддер, мустаъминдер жана Ислам бийлигине моюн сунуучулардын ар бирине да колдонот. Болгону, дипломатиялык кол тийгистикке ээ болгон өкүлчүлүк кызматкерлери, консулдар, элчилер жана ушул сыяктуулар мындан тышкары.

**8-берене:** Араб тили – бул Ислам тили. Мамлекетте ушул тил гана колдонулат.

**9-берене:** Ижтихад – фарзи кифая. Ижтихаддын бардык шарттарын аткара алган ар бир мусулман ижтихад кылуу укугуна ээ болот.

**10-берене:** Бардык мусулмандар Ислам жоопкерчилигин өз моюндарына алышат. Исламда өзгөчө «дин кишилери» жок. Мамлекет мусулмандар ичинде буга байланыштуу болгон ар кандай абалдарга тыюу салат.

**11-берене:** Ислам даъватын жаюу – мамлекеттин негизги милдети.

**12-берене:** Китеп, Сүннөт, сахабалар ижмасы жана кыяс – мына ушулар гана шаръий өкүмдөр үчүн этибарлуу далил эсептелет.

**13-берене:** Негизи, ар бир адам күнөөсүз. Эч ким сот мекемесинин өкүмүсүз жазаланбайт. Бирер адамды кыйноого салуу таптакыр жайиз эмес. Бул ишти кылган ар кандай адам жазаланат.

**14-берене:** Иштердеги негиз – шаръий өкүмгө чектелүү. Ошондуктан, өкүмдү билбей туруп бирер иш жүзөгө ашырылбайт. Нерселердеги негиз болсо – эгер арам кылынгандыгына далил келбеген болсо – мубахтык.

**15-берене:** Арамга алып баруучу васита – эгер арамга алып барышынын ыктымалы анык болсо – арам болот. Эгер арамга алып барышы күмөндүү болсо, арам эмес.

## Башкаруу түзүмү

**16-берене:** Башкаруу түзүмү – бир бүтүн түзүм. Иттихад (федерация) эмес.

**17-берене:** Башкаруу борбордук болот, ал эми, идарий иштер борбордук болбойт.

**18-берене:** Акимдер төртөө: халифа, тафвид муавини, валий жана аамил. Булардан башкалар аким эмес, балким, жооптуу адамдар (музофун) болушат.

**19-берене:** Башкарууга же башкарууга тиешелүү ар кандай ишке азат (кул эмес), балагатка жеткен, акылга ээ, адилеттүү, жүктөлгөн ишти аткарууга кудуреттүү эркек киши гана башчы боло алат. Мындан тышкары, анын мусулман болушу да шарт.

**20-берене:** Акимдерди мухасаба кылуу (эсеп-китеп кылып тергеп туруу) мусулмандардын укугу жана алар үчүн фарзи кифая. Жарандар арасындагы кайрымусулмандар болсо акимдердин зулумуна жана аларга Ислам өкүмдөрүнүн жаман колдонулуп жатканына наразыланып даттануу укугуна ээ.

**21-берене:** Мусулмандар акимдерди мухасаба кылуу же Үммөт аркылуу бийликти колго алуу үчүн саясий хизбдер түзүү укугуна ээ. Бирок, ушул хизбдердин негизи Ислам акыйдасы болушу керек, табанний кылган өкүмдөрү болсо шаръий өкүмдөрдөн болушу шарт. Хизб түзүүгө эч кандай уруксаттын кажети жок. Исламдан башка негизге курулган ар кандай топко тыюу салынат.

**22-берене:** Башкаруу түзүмү төрт коида негизине курулат:

1. Кожоюндук (сиядат) шарияттыкы, элдики эмес.
2. Бийлик (салтанат) – Үммөттүкү.
3. Бир халифаны шайлоо – мусулмандар үстүндөгү фарз.
4. Шарият өкүмдөрүн табанний кылуу бир гана халифанын укугу. Ал гана конституция жана башка мыйзамдарды жолго коёт.

**23-берене:** Мамлекет жихазы сегиз түркүк үстүнө курулат:

1. Халифа.
2. Тафвид муавини.
3. Танфиз муавини.
4. Жихад амири.
5. Казылар.
6. Валийлер.
7. Мамлекет кызыкчылыктары башкармалыгы (идарий жихаз)
8. Үммөт межлиси.

## Халифа

**24-берене:** Халифа бийликте жана шариятты ишке ашырууда Үммөттөн өкүл болот.

**25-берене:** Халифалык өз ара ыраазылык жана ыктыяр кылуу келишими болуп саналат. Эч ким аны кабыл алууга жана халифалыкка шайлана турган адамга ыраазы болууга мажбур кылынбайт.

**26-берене:** Эркек же аял болушуна карабастан, балагат жашына жеткен, акылга ээ ар бир мусулман халифаны шайлоо жана ага байъат берүү укугуна ээ. Кайрымусулмандар мындай укуктан ажыратылган.

**27-берене:** Инъикод байъатын ишке ашыруучу адамдардын байъаты аркылуу бирер адам үчүн халифалык ахды берилсе, анда калгандардын байъаты инъикод байъаты эмес, балким, итаат байъаты болот. Ушуга ылайык, итаатсыздык белгилери көрүнгөн адамдардын баары байъат берүүгө мажбур кылынышат.

**28-берене:** Мусулмандар тарабынан шайланган адам гана халифа болот. Исламдагы ар кандай ахд сыяктуу халифалык ахды да шаръий жол менен ишке ашпаса, эч ким халифалык укуктарына ээ болбойт.

**29-берене:** Халифага инъикод байъаты бериле турган регион же мамлекеттеги бийлик мусулмандарга гана таяна турган, кафир мамлекетке сүйөнбөй турган эгемендүү бийлик болушу шарт. О.э. бул мамлекеттин ички жана тышкы коопсуздугу кафирлкрдин колунда эмес, балким, мусулмандардын колунда болушу керек. Башка өлкөлөрдөн талап кылына турган итаат байъатында бул нерсе шарт эмес.

**30-берене:** Халифалык байъаты берилип жаткан адам, мейли абзелдик шарттарына ээ болбосо да, бирок, өзүндө инъикод шарттарын толук камтыган болушу керек. Анткени, байъатта инъикод шарттары эсепке алынат.

**31-берене:** Халифага мамлекет башчысы ахды берилиши үчүн анда алты сыпат болушу керек. Т.а. ал эркек, мусулман, азат, балагат жашына жеткен, акылга ээ, адилеттүү жана өкүм жүргүзүүгө кудуреттүү болушу керек.

**32-берене:** Халифалык мансабы – халифанын өлүмү же мансаптан баш тарткандыгы, же мансаптан четтетилгендиги себептүү – бошоп калса, анын ордуна үч күндүн ичинде халифа шайлоо важиб.

**33-берене:** Халифа шайлоонун жолу төмөнкүдөй:

а) Үммөт межлисинин мусулман мүчөлөрү бул мансапка талапкерлерди көрсөтүшөт. Талапкерлердин аттары жарыя кылынат. Кийин мусулмандардан алардын бирин шайлоо талап кылынат.

б) Шайлоонун натыйжасы жарыя кылынат жана мусулмандарга шайлоочулардын эң көп добушун алган талапкер тааныштырылат.

в) Мусулмандар эң көп добуш алган талапкерге халифа катары Алланын Китеби жана Расулулла ﷺдын Сүннөтүнө амал кылуу шарты менен байъат беришет.

г) Байъат бүткөндөн кийин, элге халифа жарыя кылынат, анткени, анын шайлангандыгы жөнүндөгү кабар бүткүл Үммөткө жетип барсын. Жарыя кылынып жатканда анын аты жана анын мамлекет башчылыгына ылайык сыпаттарга ээ экендиги айтылат.

**34-берене:** Халифаны Үммөт шайлайт. Бирок, Үммөт шаръий жол менен инъикод байъаты берилген халифаны мансаптан четтете албайт.

**35-берене:** Халифа – бул мамлекет. Ал мамлекеттин бардык укуктарына ээ. Халифа төмөнкү укуктарга ээ:

а) Ал шаръий өкүмдөрдү табанний кылуу менен мыйзамдык күчкө киргизет. Бул учурда ушул шаръий өкүмдөр итаат кылуу важиб болгон жана каршы чыгуу жайиз болбогон мыйзамдарга айланат.

б) Ал мамлекеттин ички жана тышкы саясатына жоопкер. Ал кошуундун жетекчилигин өз колуна алат. Согуш жарыялоо, тынчтык келишимин түзүү, убактылуу тынчтык келишимин жана башка келишимдерди түзүү да анын ыктыярында.

в) Ал чет элдик элчилерди кабыл алуу жана кабыл албоо о.э. мусулман элчилерди дайындоо жана иштен бошотуу укугуна ээ.

г) Ал муавин жана валийлерди дайындайт жана иштен бошотот. Алардын баары халифа алдында жоопкер болгону сыяктуу, Үммөт межлисинин алдында да жоопкер болушат.

д) Ал башкы казыны, идара мүдүрлөрүн, аскер башчыларды жана туу башы болгон амирлерди дайындайт жана иштен бошотот. Алардын баары халифа алдында жоопкер болушат. Бирок, Үммөт межлисинин алдында жоопкер эмес.

е) Ал мамлекеттин бюджетин белгилей турган шаръий өкүмдөрдү табанний кылат. Ал бюджет бөлүмдөрүн о.э. киреше жана чыгашага тиешелүү болушуна карабастан, ар бир жактар үчүн керек болгон каражаттарды белгилейт.

**36-берене:** Халифа табанний кылуу укугунда шаръий өкүмдөр алкагына чектелген. Чыныгы истинбат жолу менен шаръий далилдерден иштелип чыгылбаган өкүмдөрдү табанний кылуу халифага арам. Ал өзү табанний кылган өкүмдөр жана өзү үчүн белгилеп алган истинбат жолу менен чектелген. Ал туткан жолуна тескери түстө берилген өкүмдү табанний кылышы о.э. өзү тандаган өкүмдөргө карама-каршы болгон буйрукту бериши жайиз эмес.

**37-берене:** Халифа өз ижтихады жана райына ылайык раият (калк) иштерин башкарууда мутлак укукка ээ. Ал мамлекеттин иштерин жүргүзүү жана раият иштерин башкаруу үчүн керек болгон бардык мубах иштерди табанний кылуу укугуна ээ. Кызыкчылыкка таянуу менен бирер шаръий өкүмгө тескери иш тутушу жайиз эмес. Мисалы, ал азыктүлүк жетишсиздигине таянуу менен бирден ашык балалуу болууга тыюу салбайт, эксплуатациянын алдын алуу деген далил менен адамдарга бааларды белгилеп бербейт, иштерди башкаруу же кызыкчылык далили менен кафирди же аял кишини валийликке дайындабайт жана ушул сыяктуу шарият өкүмдөрүнө тескери иштерди кылышы мүмкүн эмес. Анын адалды арам, арамды адал деши жайиз эмес.

**38-берене:** Халифа үчүн чектелген мөөнөт жок. Ал шариятты сактап, анын өкүмдөрүн турушка ашырса эле, мамлекет иштерин аткарууга кудурети жетсе эле, анын абалы халифалыктан четтетиле турган даражада өзгөрбөсө, өз ордунда кала берет. Эгер анын абалы мына ушундай даражада өзгөрсө, аны дароо иштен четтетүү важиб болот.

**39-берене:** Халифанын абалы өзгөрүшүнө себеп боло турган жана муну менен ал халифалыктан чыга турган иштер үчөө:

а) Халифалыктын инъикод шарттарынын бири бузулса т.а. ал муртад болсо, же ачыктан-ачык фасиктик кылса, же акылын жоготсо ж.б. Себеби, бул шарттар халифалыктын инъикод жана дайымий шарттары болуп эсептелет.

б) Кандайдыр бир себеп менен халифалык милдетин өтөөгө алсыздык кылып калса.

в) Өз райы менен шарият негизинде мусулмандар кызыкчылыктары жолунда иш жүргүзүүгө алсыз кылып коё турган зордукчул абал жүзөгө келсе. Эгер бирер адам аны өз райы менен шарият өкүмдөрүнө ылайык раияттын кызыкчылыктарын башкарууга алсыз кылып коё турган даражада ага басым жасаса, ал мамлекет иштерин аткарууга алсыз деп этибар кылынат жана ушул себеп менен халифалыктан четтетилет. Бул иш эки абалда жүз бериши мүмкүн:

<u>Биринчи абал</u>: Анын айланасындагы адамдардын бири же бир нечеси анын үстүнөн өкүмдар болуп, иштерди аткарууну өз колдоруна алышат. Эгер алардын өкүмдарлыгынан кутулушу үмүт кылынса, белгилүү мөөнөткө мөөнөт берилет, ошондон кийин да алардын өкүмдарлыгынан кутула албаса, халифалыктан четтетилет. Эгер кутулушунан үмүт болбосо, дароо четтетилет.

<u>Экинчи абал</u>: Жеңген душман колуна чындап туткунга түшсө, же душмандын өкүмдарлыгы астында калса. Мында каралат: а) Эгер халифанын кутулушу үмүт кылынса, тээ үмүт үзүлгөнгө чейин мөөнөт берилет, эгер кутулушуна үмүт калбаса, мансабынан четтетилет. б) Эгер кутулушунан үмүт болбосо, дароо четтетилет.

**40-берене:** Халифанын абалы аны халифалыктан четтете турган даражада өзгөргөн же өзгөрбөгөнүн бир гана Махкаматул мазолим белгилейт. Махкаматул мазолим гана халифаны четтетүү же эскертүү укугуна ээ.

## Тафвид муавини

**41-берене:** Халифа өзү үчүн өкүм жүргүзүү жоопкерчилигин мойнуна ала турган тафвид муавинин дайындайт жана иштерге өз райы менен чара көрүүнү жана өз ижтихадына ылайык жүргүзүүнү ага тапшырат.

**42-берене:** Халифага коюлган шарттар тафвид муавинине да коюлат т.а. ал эркек, мусулман, азат, балагатка жеткен, акылга ээ, адилеттүү болуп, өзүнө тапшырылган иштерде жөндөмдүү болушу шарт.

**43-берене:** Тафвид муавинин дайындоо эки шартты өз ичине алат:

1. Жалпы көзөмөл (ар кандай ишти көрүп чыгуу).
2. Орун басарлык.

Ошондуктан, халифа тафвид муавинине: «Мага тапшырылган иштерге сени өзүм тарабымдан орун басар катары дайындадым» деши, же жалпы көзөмөл жана орун басарлык маанисин өз ичине ала турган сөздөрдү айтышы керек. Эгер дайындоо ушундай көрүнүштө ишке ашырылбаса, ал муавин эсептелбейт. Дайындоо ушундай жол менен ишке ашса гана ал тафвид муавининин укуктарына ээ болот.

**44-берене:** Тафвид муавининин милдети – өзү аткарган иш-чаралар о.э. ишке ашырган башкаруу жана дайындоо иштеринен халифаны кабардар кылуу. Анткени, муну менен ал өз укуктарында халифага теңелип калбашы керек т.а. анын иши халифаны кабардар кылуу жана буюрулган ишти аткаруу.

**45-берене:** Халифа тафвид муавининин иш-чараларын – алардын тууралларына уруксат берип, каталарынын алдын алуу максатында – текшерип турушу важиб. Анткени, Үммөт иштерине чара көрүү халифага тапшырылган жана түздөн-түз анын ижтихадына жүктөлгөн.

**46-берене:** Эгер тафвид муавини бирер ишке чара көрсө жана аны халифа тастыктаса, муавин ал ишти халифа тастыктагандай – ашырбай да кемитпей – аткарышы керек. Эгер халифа тастыктоодон баш тартса жана муавин кылган ишти четке кагып, нааразылык билдирсе, анда каралат, эгер муавин өкүмдү туура аткарган жана малды өз ордуна сарпталган болсо, муавиндин райы үстөм болот. Анткени, бул түпкүлүгүндө халифанын райы болуп, халифа аткарылган бул өкүмдү жана сарпталган бул малды кайтара албайт. Эгер муавин аткарган иш башкача болсо, мисалы, валийди дайындоо же кошуунду согушка даярдоо сыяктуу иштер болсо, халифанын муавинге каршылык билдириши жайиз. Мындай абалда халифанын райы аткарылып, муавиндин иши бекер кылынат. Себеби, халифа мындай иштерди – өзү кылса да, муавин кылса да – оңдоо укугуна ээ.

**47-берене:** Тафвид муавини бирер идарага же бирер тармакка чектеп коюлбайт, себеби, анын дайындалышы жалпы. О.э. ал идарий иштер менен түздөн-түз алектенбей, идарий жихаз үстүнөн жалпы көзөмөл алып барат.

## Танфиз муавини

**48-берене:** Халифа өзү үчүн танфиз (аткаруучу) муавинди дайындайт. Анын милдети идарий иштерден болуп, өкүм жүргүзүүгө тиешеси жок. Анын башкармалыгы халифанын ички жана тышкы жактарга тиешелүү токтомдорун аткаруу о.э. ушул жактардан келген маалыматтарды ага жет-кирүүдөн турат. Демек, бул башкармалык халифа менен башкалардын ортосундагы ортомчулук болуп эсептелет.

**49-берене:** Танфиз муавининин мусулман болушу шарт. Анткени, ал халифанын жардамчыларынан.

**50-берене:** Танфиз муавини тафвид муавини сыяктуу халифага түздөн-түз байланышкан болот жана өкүм жүргүзүү иштеринде эмес, балким, аткарууда муавин эсептелет.

## Жихад амири

**51-берене:** Жихад амиринин идарасы төмөнкү төрт башкармалыктан турат: 1. Тышкы иштер (хорижий) башкармалыгы; 2. Аскерий (харбий) башкармалык; 3. Ички коопсуздук (дахлий); 4. Өнөржай (санъат). Бул башкармалыктарды жихад амири башкарат жана көзөмөлдөйт.

**52-берене:** Тышкы иштер башкармалыгы Халифалык мамлекетинин чет мамлекеттер менен болгон мамилелерине тиешелүү ар кандай тышкы иштерге башчылык кылат.

**53-берене:** Аскерий башкармалык кошуун, шурта, курал-жарак, зарыл каражаттар, техника жана башкалардан турган куралдуу күчтөргө тиешелүү иштерге башчылык кылат. О.э. аскерий таалим, аскерий сапарлар жана кошуунга керек болгон исламий жана умумий сакофаттарга тиешелүү о.э. согуш жана согушка даярданууга тиешелүү иштерге башчылык кылат.

**54-берене:** Ички коопсуздук башкармалыгы коопсуздукка тиешелүү бардык иштерге башчылык кылат. О.э. куралдуу күчтөр жардамында мамлекеттин коопсуздугун камсыздайт жана бул иште шуртаны негизги курал кылып алат.

**55-берене:** Өнөржай башкармалыгы өнөржайга тиешелүү бардык иштерге башчылык кылат. Бул орунда өнөржай мотор жана тетиктер иштеп чыгаруу, машина куруучулук, чийки сырьё жана электроника өнөржайы сыяктуу оор өнөржай болобу же жеңил өнөржай болобу, мунун айырмасы жок. О.э. бул орунда завод жана фабрикалардын жеке менчик мүлк же умумий мүлк болушунун да айырмасы жок. Бардык завод жана фабрикалар аскерий өнөржайга тиешелүү тармак болгондуктан, алардын баары аскерий саясат негизине курулушу керек.

## Кошуун

**56-берене:** Жихад – мусулмандарга фарз. Аскерий таалим мажбурий болуп, 15 жашка жеткен ар бир мусулман эркектин жихадга даярданышы үчүн аскерий таалим алышы фарз. Ал эми, аскерий кызмат фарзи кифая.

**57-берене:** Кошуун эки бөлүктөн турат: 1) Этияттык (запастык) бөлүк. Бул бөлүк курал көтөрүүгө кудуреттүү болгон бардык мусулмандардан турат. 2) Аскерий кызматтагы туруктуу бөлүк. Алар үчүн кызматчылар сыяктуу мамлекеттик бюджеттен маяна дайындалат.

**58-берене:** Куралдуу күчтөр бир бүтүн күч болуп, кошуунду түзөт. Андан өзүнчө бөлүк тандалып алынып, ал өзгөчө ыкмада тартиптештирилет жана ага атайын сакофат берилет. Бул бөлүк – шурта.

**59-берене:** Түзүмдү коргоо, ички коопсуздукту камсыздоо жана аткаруучу (танфиз) функциялардын баарын аткаруу шуртага тапшырылат.

**60-берене:** Кошуун үчүн амирлер туусу (лива) жана кошуун туулары (роя) дайындалат. Халифа кошуун командачысы кылып дайындаган адамга өзү амир туусун тапшырат. Кошуун тууларын болсо туу ээлери болгон амирлер тапшырышат.

**61-берене:** Халифа – кошуундун башкы командачысы. Ал штаб башчысын, ар бир туу (лива) үчүн амирди жана ар бир бөлүк үчүн башчыны дайындайт. Ал эми, кошуундагы башка кызмат даражаларын кошуун башчылары жана туу ээси болгон амирлер дайындашат. Штабдарга бирер адамды дайындоо анын аскерий билиминин даражасына карай болот жана аны штаб башчысы дайындайт.

**62-берене:** Кошуундун бардыгы бир бүтүн болуп, атайын гарнизондорго жайгаштырылат. Бул гарнизондордун кээ бирлери ар түрдүү вилаяттарга жана кээ бирлери стратегиялык чекиттерге жайгаштырылат. Кээ бир гарнизондор болсо ар дайым көчүп жүрө турган ыкчам топтордон туруп, сокку берүүчү күчтөр эсептелет. Бул гарнизондор бир нече топтомдор курамында тартиптештирилет. Ар бир топтом кошуун аты менен аталып, иреттик сан менен айтылат, мисалы, биринчи кошуун, үчүнчү кошуун же вилаят же амала деген ат менен аталат.

**63-берене:** Кошуунда жогорку аскерий таалим толук берилиши, кошуундун пикирий деңгээли мүмкүн болушунча жогорулатылышы о.э. кошуундагы ар бир адам – жалпы түстө болсо да – анда Исламий аң-сезим пайда болушу мүмкүнчүлүгүн бере турган Ислам сакофаты менен байытылып барылышы шарт.

**64-берене:** Ар бир гарнизондо жетиштүү өлчөмдө жогорку аскерий билимге, аскерий тактика жана согуш алып барууда тажрыйбага ээ штабдардын бар болушу жана бул штабдар кошуунда жалпы түстө мүмкүнчүлүк барынча толук калыптандырылышы важиб.

**65-берене:** Кошуун Исламий кошуун катары өз милдетин аткарууга мүмкүнчүлүк бере турган даражада курал-жарак, ок-дары, техника жана зарыл жабдууларга ээ болушу шарт.

## Казылык

**66-берене:** Казылык – бул мажбурий түрдө шаръий өкүмдү билдирүү дегени. Казылык адамдар ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылат, жамааттын акысына зыян келтире турган нерселерге тыюу салат жана адамдар менен өкмөт жихазындагы ар кандай адамдын – аким же кызматчы, халифа же башкалардын – ортосундагы чыр-чатактарга чек коёт.

**67-берене:** Халифа балагат жашына жеткен, азат, мусулман, толук акылга ээ, адилеттүү, фикх аалымдарынан болгон эркек кишилерден

башкы казыны дайындайт. Ага идарий мыйзамдар алкагында казыларды дайындоо, жазалоо жана иштен четтетүү укуктары берилет. Мекеменин башка кызматчыларына карата бул укуктар мекеме иштерин башкара турган идара мүдүрлөрүнө берилет.

**68-берене:** Казылар үч түрдүү болот:

1. Казы – ал мамиле жана жаза-чаралары жаатында адамдар ортосунда жүз бере турган келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылат.

2. Мухтасиб – ал жамааттын акысына зыян келтире турган мыйзам бузууларды ажырым кылат.

3. Мазолим казысы – ал адамдар менен мамлекет ортосунда жүз бере турган чыр-чатактарды жоёт.

**69-берене:** Казылыкка дайындалып жаткан адам мусулман, азат, балагат жашына жеткен, толук акылга ээ, адилеттүү, факих, өкүмдөрдү вакиъге байлай ала турган болушу шарт. Мазолим казылыгына дайындалып жаткан адамдын бул шарттарга кошумча түрдө эркек киши жана мужтахид болушу да шарт.

**70-берене:** Казы жана мухтасиб мамлекеттин бардык жерлерине жана казылыктын бардык түрлөрүнө умумий дайындалышы мүмкүн болгону сыяктуу, белгилүү бир жерге жана казылыктын белгилүү бир түрлөрүнө чектелип дайындалышы да мүмкүн. Ал эми, мазолим казысы казылык иштеринде жалпы дайындалат. Дайындалуу жери болсо, мамлекеттин бардык жерлери же белгилүү бир жери болушу мүмкүн.

**71-берене:** Соттук мекеме казылык иштеринде ажырым кылуу укугуна ээ болгон бир эле казыдан түзүлүшү керек. Аны менен бирге башка бир же бир нече казылар болушу да мүмкүн. Бирок, аларда өкүм чыгаруу укугу болбойт, балким, алар кеңеш берүү жана пикир билдирүү укугуна ээ болушат. Алардын райы казы үчүн мажбурий эмес.

**72-берене:** Казы бир гана казылык межлисинде өкүм чыгарышы мүмкүн. Күбөнүн көрсөтмө берүүсү жана ант ичүү казылык межлисинде гана этибарлуу болуп саналат.

**73-берене:** Карала турган иштердин түрүнө карай мекемелердин даражалары ар түрдүү болушу жайиз. Кээ бир казылар белгилүү бир чегарада белгилүү бир иштерди кароого чектеп дайындалышы жана бул иштерден башкалары башка мекемелерге тапшырылышы мүмкүн.

**74-берене:** Апелляция жана кассация мекемелери болбойт. Бирер иштин үстүнөн чыгарылган өкүм катъийлик жагынан бирдей даражада болот. Эгер казы өкүмдү айтса, анын бул өкүмү өтүмдүү. Анын бул өкүмү ишке ашырылат. Бул өкүмдү башка казынын өкүмү эч качан бекер кыла албайт. Болгону, Исламдан башка нерсе менен өкүм кылган болсо, же Китеп, Сүннөт же сахабалар ижмасына тескери болсо, же болбосо, акыйкатка тескери өкүм чыгарганы анык болсо, анда бекер кылат.

**75-берене:** Мухтасиб калк укуктарынан болуп, доогери болбой турган, хаддар жана жинаяттарга кирбей турган бардык иштерди карап чыга турган казы эсептелет.

**76-берене:** Мухтасиб мыйзам бузууларды билер замат кайсыл жерде болсо да, алардын үстүнөн казылык межлисисиз өкүм чыгаруу укугуна ээ. Анын буйруктарын аткаруу үчүн анын кол астына бир нече шурта кызматкерлери берилет. Ал чыгарган өкүм дароо аткарылат.

**77-берене:** Мухтасиб мухтасибдик шарттары толук бар болгон адамдардан өзүнө орунбасарларды тандап алуу укугуна ээ жана аларды ар түрдүү жерлерге тарката алат. Бул орунбасарларга алар дайындалган региондордо аларга тапшырылган иштер боюнча мухтасибдик милдетин аткаруу укугу берилет.

**78-берене:** Мазолим казысы – Ислам мамлекетинин жараны болушуна, же башка мамлекеттин жараны болушуна карабастан – мамлекет бийлиги астында жашаган бирер бир адамга карата мамлекет тарабынан кылынган ар кандай зулумду жоюу үчүн дайындала турган казы. Зулумдун халифа тарабынан же андан башка аким жана кызматчылар тарабынан кылынгандыгынын айырмасы жок.

**79-берене:** Мазолим казысы халифа же башкы казы тарабынан дайындалат. Ал эми, аны мухасаба кылуу, жазалоо жана иштен четтетүү халифа тарабынан же халифа укук берген болсо, мазолим мекемеси же башкы казы тарабынан ишке ашырылат. Бирок, мазолим казысы халифа, тафвид муавини же башкы казынын үстүнөн бирер даттанууну көрүп чыгып жаткан убакта аны иштен четтетүү жайиз эмес.

**80-берене:** Мазолим казысы бир же бир нече адамдар менен чектелбейт, балким, мамлекет жетекчиси зулумдарды жоюу үчүн керек болгон өлчөмдө мазолим казыларын – алардын саны канча болушуна карабастан – дайындоо укугуна ээ. Бирок, түздөн-түз өкүм чыгарылып жаткан убакта өкүм чыгаруу укугу бир эле казыда болот. Казылык межлисинде аны менен бирге бир нече мазолим казылары катышуулары мүмкүн. Алар кеңеш берүү укугуна гана ээ болуп, алардын райы мазолим казысы үчүн мажбурий эмес.

**81-берене:** Мазолим мекемеси халифаны милдетинен четтетүү укугуна ээ болгондой эле, мамлекеттеги ар кандай аким же кызматчыны иштен алуу укугуна да ээ.

**82-берене:** Мазолим мекемеси ар кандай зулумду карап чыгуу укугуна ээ. Бул орунда зулумдар мамлекет жихазындагы адамдарга тиешелүү болушунун, же халифанын шарият өкүмдөрүнө тескери иштерине, же мамлекет жетекчиси табанний кылган конституция, мыйзам жана башка шаръий өкүмдөрдөгү мыйзамчылык документтеринин кайсы биринин маанисине, же бирер салык салууга, же башка иштерге тиешелүү болушунун айырмасы жок.

**83-берене:** Мазолим казылыгында казылык межлиси, жоопкерди чакыруу жана доогердин болушу шарт кылынбайт. Балким, мекеме эч ким доо кылбаса да, зулумду көрүп чыгуу укугуна ээ.

**84-берене:** Ар бир адам касташууда да, коргоодо да каалаган адамын – мусулман же кайрымусулманды, эркек же аялды – өзүнөн өкүл кылуу укугуна ээ. Мында өкүл кылуучу менен өкүл кылынуучунун ортосунда айырма жок. Өкүл өкүлдүгү үчүн акы алышы жайиз. Акы эки тараптын ыраазылыгына карап белгиленет.

**85-берене:** Васий жана валий сыяктуу шахсий иштерде, же халифа, аким, кызматчы, мазолим казысы жана мухтасиб сыяктуу умумий иштерде укукка ээ болгон ар кандай адам касташуу же коргоо жаатында – васий же валий, халифа, аким, кызматчы, мазолим казысы же мухтасиб катары – өз ордуна өзүнүн бардык укугунда өкүл дайындоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындай абалда анын доогер же жоопкер болушунун айырмасы жок.

## Валийлер

**86-берене:** Ислам мамлекети өкүм жүргүзүп жаткан өлкө вахдаттарга бөлүнөт жана ар бир вахдат вилаят деп аталат. Өз кезегинде ар бир вилаят да вахдаттарга бөлүнөт жана алар амала деп аталат. Вилаятка жетекчи болгон адам валий же амир, амалага жетекчи болгон адам аамил же аким деп аталат.

**87-берене:** Валийлер халифа тарабынан дайындалат. Аамилдер халифа тарабынан жана халифа дайындоо укугун берген валий тарабынан дайындалат. Муавиндерге коюлган шарттар валий жана аамилдерге да коюлат т.а. алар эркек киши, азат, мусулман, балагат жашына жеткен, толук акылга ээ, адилеттүү жана тапшырылган иштерге жөндөмдүү болуулары шарт. Алар таква жана күчтүү кишилерден тандалып алынат.

**88-берене:** Валий өз вилаятында халифанын орунбасары катары өкүм жүргүзүү жана идаралардын иштерин көзөмөлдөө укугуна ээ. Ал өз вилаятындагы калк үстүнөн өкүм жүргүзөт о.э. финансы, казылык жана кошуундан тышкаркы вилаятына тиешелүү бардык иштерди көрүп чыгат. Бирок, шурта идарий жактан эмес, балким, аткаруу жагынан анын кол астында болот.

**89-берене:** Валий амирлиги талап кылган укуктарга негизделип, кылган иштеринен халифаны кабардар кылышы важиб эмес, бирок, ыктыярдуу түрдө кабар берип турушу мүмкүн. Эгер мурда учурабаган бир окуя жүз берсе, аны халифаны кабардар кылганга чейин кечиктирип турат, кийин анын буйругуна карай иш кылат. Эгер күтүү себептүү бузулушунан корксо, ал ишти ишке ашырат. Кийин халифага бул ишти ишке ашырганын жана аны кабардар кылбаганынын себебин билдириши важиб.

**90-берене:** Ар бир вилаятта өзүнүн калкынын арасынан шайланган межлис болот, ага валий жетекчилик кылат. Бул межлис өкүм жүргүзүү иштеринде эмес, балким, идарий иштерде рай билдирүү укугуна ээ. Межлистин райы валий үчүн мажбурий эмес.

**91-берене:** Вилаятка бир адамдын валийлик кылуу мөөнөтү созулуп кетпеши керек. Валийдин вилаятта бекем орношуп алып жатканы же адамдардын ага көп ыктап баратканы сезилсе, мындай абалда ал валийликтен азат кылынат.

**92-берене:** Валий бир вилаяттан башка вилаятка көчүрүлбөйт, анткени, анын валийлиги умумий назар жана белгиленген орунда болот. Валий иштен бошотулуп, (башка вилаятка) кайрадан дайындалат.

**93-берене:** Эгер халифа валийди иштен четтетүүнү ылайык тапса, же Үммөт межлиси бирер себептен улам же эч кандай себепсиз ага наарazы экендигин билдирсе, же вилаятындагы элдин көпчүлүгү ага наарazы экендигин билдирсе, валий иштен четтетилет. Аны иштен четтетүү бир гана халифа тарабынан ишке ашырылат.

**94-берене:** Валийлердин иштерин текшерип туруу, аларды катуу көзөмөлгө алуу, алардын абалын аныктоо жана иш-аракетин текшерүү үчүн өзү тарабынан орунбасарларды дайындоо, алардын баарын же бир бөлүгүн мезгил-мезгили менен чогултуп туруу, жарандардын алар үстүнөн кылып жаткан даттануularына кулак салуу – булардын баары халифанын милдети.

## Идарий жихаз

**95-берене:** Мамлекет иштерин аткаруу жана адамдардын кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу негизине курулган идара, мекеме жана башкармалар мамлекет иштерин жана адамдардын кызыкчылыктарын башкаруу менен алектенет.

**96-берене:** Идара, мекеме жана башкармаларды башкаруу саясаты түзүмдө жөнөкөйлүккө, иштерди аткарууда тездикке жана жетекчилердин жөндөмдүү болушуна негизделет.

**97-берене:** Ислам мамлекетинин жараны болгон жөндөмдүү ар бир адам – эркек же аял, мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан – ар кандай башкармага же идарага мүдүр болуп дайындалышы жана анда кызматчы болуп иштеши мүмкүн.

**98-берене:** Ар бир башкарма, ар бир идара жана мекеме үчүн аны башкара турган мүдүр дайындалып, ал ошол башкарма, идара же мекемелерге түздөн-түз жоопкер болот. Өз кезегинде, бул мүдүрлөр ошол башкарма, идара же мекемелердин башкы мүдүрү алдында аткарган иштери тууралуу жоопкер болушат. О.э. валий же аамил алдында умумий өкүм жана мыйзамдарга катъий амал кылуу жагынан жоопкер болушат.

**99-берене:** Бардык башкарма, идара жана мекемелердин мүдүрлөрү бир гана идарий мыйзамда кабыл алынган себептерге ылайык иштен

четтетилишет. Бирок, алар бир иштен башка ишке өткөрүлүшү жана иштен убактылуу четтетилиши да мүмкүн. Аларды дайындоо, бир иштен башка ишке өткөрүү, убактылуу иштен четтетүү, жазалоо жана иштен бошотуу бир гана ошол башкарма, идара же мекемелердин башкы мүдүрү тарабынан ишке ашырылат.

**100-берене:** Кызматчылар мүдүр деп эсептелишпейт. Аларды дайындоо, бир иштен башка ишке өткөрүү, убактылуу иштен четтетүү, жазалоо жана иштен бошотуу да башкарма, кеңсе же мекемелердин башкы мүдүрү тарабынан ишке ашырылат.

## Үммөт межлиси

**101-берене:** Мусулмандардын райын билдире турган жана зарыл болгондо халифа кайрыла турган адамдар Үммөт межлисин түзүшөт. Кайрымусулмандар да акимдердин зулуму же Ислам өкүмдөрүнүн туура эмес колдонулуп жатканынан даттануу үчүн Үммөт межлисинин курамында болуулары мүмкүн.

**102-берене:** Үммөт межлисинин мүчөлөрү шайлоо жолу менен шайланат.

**103-берене:** Ислам мамлекетинин жараны болгон ар бир адам – эркек же аял, мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан – балагат жашына жеткен жана толук акылга ээ болсо, Үммөт межлисине мүчө болуу укугуна ээ. Бирок, кайрымусулмандын мүчөлүк укугу акимдер зулумунан же Ислам өкүмдөрүнүн туура эмес колдонулуп жатканынан даттануу менен чектелет.

**104-берене:** Шуро жана машварат – жалпысынан рай алууну түшүндүрөт. Ал мыйзамчылык (ташриъ), аныктама (таъриф), ар түрдүү ачылыштар (кашф) сыяктуу пикирий иштерде, фан жана илим иштеринде мажбурий эмес. Амалий иштерде жана машваратка тиешелүү болбогон иштерде халифа машварат сураганда анын колдонулушу мажбурий болуп калат.

**105-берене:** Шуро (кеңеш берүү) мусулмандардын гана укугу болуп, кайрымусулмандар мындай укукка ээ эмес. Ал эми, өз райын билдирүү мусулман же кайрымусулман болгон бардык адамдар үчүн жайиз.

**106-берене:** Шуро тарабынан көрүп чыгылышы мажбурий болгон маселелер туурасында халифа кеңеш сураганда – туура же туура эмес болушуна карабастан – көпчүлүктүн райы алынат. Шуро темасына кире турган башка маселелерде – көпчүлүк же азчылыгына карабастан – туура рай алынат.

**107-берене:** Үммөт межлиси төмөнкү беш укукка ээ:

1 - а) Халифа Үммөт межлисинен кеңеш сурап кайрылганда, ага кеңеш берилсе, төмөнкү терең талкуу жана дыкат назар салууга муктаж болунбаган: башкаруу, таалим, саламаттыкты сактоо, экономика, соода,

өнөржай, айыл чарбачылыгы сыяктуу тармактарда Үммөт межлисинин райы мажбурий алынат.

б) Терең талкуу жана дыкат назар салууга муктаж болгон фан, кошуун, тышкы саясат, финансы сыяктуу тармактарда халифа межлистен кеңеш сурап, анын райынан кабардар болуу үчүн кайрылышы мүмкүн, бирок, межлистин райын алышы мажбурий эмес.

2 - Халифа табанний кылмакчы болгон өкүм жана мыйзамдарды Үммөт межлисине сунуштайт. Межлистин мусулман мүчөлөрү бул өкүмдөрдү талкуулап, өз пикирлерин билдирүүгө акылуу. Бирок, алардын райын алуу мажбурий эмес.

3 - Үммөт межлиси мамлекетте жүз берип жаткан – ички же тышкы иштер, финансы, аскерий жана башка тармактардагы – бардык иштерди мухасаба кылуу укугуна ээ. Анын райы көпчүлүктүн райы алынышы керек болгон иштерде мажбурий, көпчүлүктүн райы алынышы керек болбогон иштерде болсо мажбурий эмес.

Эгер Үммөт межлиси халифа менен шаръий жактан бирер ишке ашкан маселе үстүндө келише албай калса, бул иштин шаръийлиги же шаръий эместиги туурасында Мазолим мекемесинин райына кайрылынат жана ушул мекеменин райы мажбурий болот.

4 - Үммөт межлиси муавиндер, валийлер жана аамилдерге наразылык билдирүүгө акылуу. Бул иште анын райын алуу мажбурий. Үстүнөн наразылык билдирилгендерди халифа дароо кызматтан четтетиши важиб.

5 - Үммөт межлисинин мусулман мүчөлөрү халифалыкка талапкерлерди белгилөө укугуна ээ болушат. Бул иште алардын райын алуу мажбурий. Алар сунуш кылбаган башка талапкерлер кабыл алынбайт.

## Ижтимаий түзүм

**108-берене:** Аял – эне жана үй кожойкеси. Ал корголушу важиб болгон ар-намыс.

**109-берене:** Эркектер жана аялдар коомдо бири-биринен ажыралган абалда жашоолору керек. Алар шарият уруксат берген ажылык жана соода сыяктуу бир жерге жыйылууга себеп боло турган муктаждыктар жүзөсүнөн гана бир жерде чогуу болуулары мүмкүн.

**110-берене:** Эркекке берилген укуктар аялга да берилет, эркекке фарз кылынган милдеттер аялга да фарз. Бирок, Ислам шаръий далилдер аркылуу кээ бир өкүмдөрдү эркекке жана кээ бир өкүмдөрдү аялга чектеп койгон. Аял да соода, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен алектенүүгө, келишим жана мамилелерди түзүүгө, мүлкчүлүктүн бардык түрлөрүнө ээ болууга, мүлктү өзү же башка адам аркылуу өстүрүүгө жана турмуштагы бардык иштерди түздөн-түз өзү аткарууга акылуу.

**111-берене:** Аял кишинин мамлекеттик кызмат орундарына дайындалуусу, Үммөт межлисинин мүчөлөрүн шайлашы жана анда мүчө болушу о.э. халифаны шайлоо жана ага байъат берүүдө катышуусу жайиз.

**112-берене:** Аял өкүм жүргүзүү иштерине башчылык кылышы мүмкүн эмес. Ошондуктан, ал халифа, муавин, валий жана аамил боло албайт о.э. «өкүм жүргүзүү иштеринен» деп этибар кылына турган бирер ишти аткарышы да мүмкүн эмес. О.э. ал башкы казы, мазолим мекемесинин казысы жана жихад амири болушу мүмкүн эмес.

**113-берене:** Аял жалпы жана жекече турмушта жашайт. Жалпы турмушта анын жүзү жана томуктуу муунунан башка мүчөлөрү көрүнбөгөн, жасанбаган абалда аялдар, махрам эркектер жана жат эркектер менен бирге жашашы мүмкүн. Жекече турмушта болсо, жалаң гана аялдар же махрамдары менен жашашы мүмкүн, намахрам эркектер менен жашашы мүмкүн эмес. Бул эки турмушта шарияттын бардык өкүмдөрүнө катъий амал кылат.

**114-берене:** Аялдын намахрам эркек менен жалгыз калышына, намахрам эркектер алдында жасанышына о.э. авраттарын ачып жүрүшүнө тыюу салынат.

**115-берене:** Эркектин да, аялдын да адеп-ахлак үчүн кооптуу болгон же коомдо бузукчулукту жайылта турган ар кандай ишке барышына тыюу салынат.

**116-берене:** Эрди-катындык турмуш көңүл тынчтандырган турмуш болуп эсептелет. Эрди-катындын турмушу достук турмушу болот. Эри аялдын үстүнөн өкүмдар болуп эмес, камкор болуп башчылык кылат. Аялдын эрине итааттуу болушу, эрдин болсо аялга – адатта ушундай аялга кандай нафака кылуу керек болсо – ошондой нафака бериши фарз.

**117-берене:** Эр жана аял үй иштерин аткарууда бири-бирине толук жардам беришет. Үйдөн тышкарыда боло турган бардык иштерди аткаруу эрдин мойнунда. Үй ичиндеги бардык иштерди күчү жетишинче аткаруу аялдын мойнунда болот. Аялдын күчү жетпей жаткан иштерди аткаруу үчүн жардамчы кызматчы жалдап берүү эрдин милдети болот.

**118-берене:** Аял мусулман же кайрымусулман болушуна карабастан, бала анын кепилдигине муктаж болсо, аны өз кепилдигине алуу аялдын милдети жана акысы болот. Бала кепилдикке муктаж болсо, каралат. Эгер эне да, валий да мусулман болсо, балага каалаган кишиси менен жашоо ыктыяры берилет. Бала кимди тандаса – тандаган киши эркек же аял болушуна карабастан – ошого тапшырылат. Бул орунда баланын кыз же уул болушунун айырмасы жок. Эгер алардын бири кайрымусулман болсо, балага тандоо ыктыяры берилбейт, балким, алардын мусулман болгонуна тапшырылат.

## Экономикалык түзүм

**119-берене:** Экономикалык саясат – муктаждыктарды кандырууга этибар берилген убакта – коомдун кандай болушу керектигине көңүл буруудан турат. Коомдун кандай болушу керектиги муктаждыктарды кандыруу үчүн негиз кылып алынат.

**120-берене:** Экономикалык проблема калктын ар бир адамына байлык жана пайдаларды бөлүштүрүп берүүдөн о.э. байлык жана пайдаларды колго киргизүүгө жана алар үчүн аракет кылууга мүмкүнчүлүк жаратып берүү аркылуу адамдарга байлык жана пайдалардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жаратып берүүдөн турат.

**121-берене:** Адамдардын ар бири үчүн негизги муктаждыктарды толук кандыруу кепилдениши о.э. жогорку даражадагы муктаждыктарын мүмкүн болушунча эң жогорку даражада кандыруу мүмкүнчүлүгү камсыздалышы важиб.

**122-берене:** Мүлк жалгыз Алланыкы. Алла адамды мүлктү башкарууда Өзүнүн халифасы деп жарыя кылды. Мына ушул берилген жалпы ишеним менен адам мүлккө ээлик кылуу укугуна ээ болду. Алла адамга мүлктү колго киргизүүгө уруксат берди. Мына ушул атайын уруксат менен адам иш жүзүндө мүлк ээсине айланды.

**123-берене:** Мүлк үч түрдүү болот: фардий (жеке менчик) мүлк, умумий (жалпы элдик) мүлк жана мамлекеттик мүлк.

**124-берене:** Фардий мүлк айн (бар нерсе) же пайда менен белгиленген шаръий өкүм болуп, бул өкүм фардий мүлк ээсине ошол нерседен пайдалануу жана анын ордуна акы алуу мүмкүнчүлүгү жаратылышын талап кылат.

**125-берене:** Умумий мүлк – жамаатка айндан ортоктош пайдаланууга Шариъ тарабынан берилген уруксат.

**126-берене:** Сарпталышы халифанын райы жана ижтихадына байланыштуу болгон ар кандай мал – салык, жизя, хирож сыяктуулар – мамлекеттик мүлк эсептелет.

**127-берене:** Кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөгү фардий мүлкчүлүк төмөнкү беш шаръий себеп менен чектелген:

а) Эмгек.

б) Мурас.

в) Жашоо үчүн малга (мүлккө) болгон муктаждык.

г) Мамлекеттин өз мүлкүнөн калкка бериши.

д) Адамдар мал же күч сарптабай ала турган малдар.

**128-берене:** Мүлктү тасарруф кылуу – аны сарптоо менен болобу, көбөйтүү менен болобу – Шариънин уруксаты менен чектелген. Ысырапкордукка, ыксыз сапыруучулукка жана зыкымдыкка тыюу салынат. Капиталисттик компанияларга, кооперативдик коомдорго жана башка

шариятка тескери болгон мамилелерге тыюу салынат. Сүткордук, өтө ашырып баа коюу, монополия, кумар ж.б.у.с. иштерге тыюу салынат.

**129-берене:** Калкы өз ыктыяры менен Исламга кирген жерлер жана Арабстан жарым аралынын жерлери ушрий жерлер эсептелет. Арабстан жарым аралынан тышкары согуш же келишим менен фатх кылынган жерлер хирожий жерлер болот. Ушрий жерлердин өзүнө да, пайдасына да адамдар ээлик кылышат. Ал эми, хирожий жерлер мамлекеттик мүлк эсептелип, адамдар анын пайдасына гана ээлик кылышат. Ар бир адам ушрий жерлердин өзүн, хирожий жерлердин пайдасын шаръий келишимдер менен алмаштыруу укугуна ээ. Жерлер да башка мал-мүлктөр сыяктуу мурас болуп калат.

**130-берене:** Бош жерлер иштетүү жана айланасын коргондоп алуу менен мүлк кылып алынат. Башка жерлер болсо шаръий себептер – мурас, сатып алуу, мамлекеттин ажыратып бериши сыяктуулар – аркылуу гана мүлккө айланат.

**131-берене:** Жерди – хирожий же ушрий болсо да – дыйканчылык үчүн ижарага берүүгө о.э. музораага (эгинге шерик болуу шарты менен жерин башкага берүүгө) да тыюу салынат. Ал эми, мусокот (бак кылынган жерди ижарага берүү) жайиз.

**132-берене:** Жерге ээ болгон ар бир адам андан пайдаланышы керек. Муктаж адамга жерден пайдалануу мүмкүнчүлүгүн бере турган каражаттар Байтул малдан берилет. Үч жылга чейин жерин иштетпестен таштап койгон ар кандай адамдан жер тартып алынат да, башкага берилет.

**133-берене:** Умумий мүлк үч нерседе көрүнөт:

а) Жамаат зарылдыктары деп эсептеле турган бардык нерселер: шаардын көчө жана аллеялары сыяктуу.

б) Бүтпөс-түгөнбөс кендер: мунай кендери сыяктуу.

в) Табияты адамды ага ээлик кылууга тыюу сала турган нерселер: дарыялар сыяктуулар.

**134-берене:** Ишкана табиятына карай фардий мүлк эсептелет. Бирок, ал өзүндө өндүрүлө турган продукциянын өкүмүн алат. Эгер продукция фардий мүлк эсептелсе, ишкана да фардий мүлк болот: токуучулук ишканалары сыяктуу. Эгер продукция умумий мүлктөн болсо, ишкана да умумий мүлк эсептелет: темир иштеп чыгаруу ишканалары сыяктуу.

**135-берене:** Мамлекет фардий мүлктү умумий мүлккө айландырышы мүмкүн эмес. Анткени, умумий мүлк - мамлекеттин райына карап эмес, балким, мүлктүн өзүнө жана сыпатына карай өз ордун табат.

**136-берене:** Үммөттүн ар бир өкүлү умумий мүлкчүлүк алкагына кире турган бардык байлыктардан пайдалануу укугуна ээ. Мамлекет бирер адамга умумий мүлккө ээлик кылууга же аны өз пайдасына моюн

сундуруучга (эксплуатациялоого) уруксат берип, калкты андан куру калтырышы таптакыр мүмкүн эмес.

**137-берене:** Мамлекет калк кызыкчылыктарын көздөгөн абалда корук жерлерди же жалпы мүлк эсептелген нерселерди өз коргоосуна алып коюшу мүмкүн.

**138-берене:** Байлыкты казына кылып басып жатууга – мейли зекети берилсе да – тыюу салынат.

**139-берене:** Зекет мусулмандардан жыйып алынат. Зекет шарият белгилеп берген мүлктөрдөн – акча, соода каражаттары, чарба малдары жана дан-эгиндеринен – алынат. Шариятта көрсөтүлбөгөндөрдөн алынбайт. Зекет – балагат жашына жеткен, акылы толук мукаллаф болушуна, же наристе, же жинди болгон мукаллаф эмес болушуна карабастан – ар бир мүлк ээсинен алынат. Алынган малдар Байтулмалдын атайын белгиленген бөлүмүнө коюлат жана Куранда айтылган сегиз топтун бирине же бир нечесине сарпталат.

**140-берене:** Жизя зиммийлерден жыйып алынат. Эгер төлөөгө кудуреттүү болушса, балагатка жеткен эркектерден алынат. Аялдар жана балдардан алынбайт.

**141-берене:** Хирож хирожий жерлерден мүмкүнчүлүгүнө карап жыйып алынат. Ушрий жерлерден болсо түшкөн түшүмдөн зекет (ушр) алынат.

**142-берене:** Мусулмандардан Байтулмалдын сарп-каражаттарын каптоо үчүн шарият уруксат берген салыктар жыйып алынат. Мунун шарты, салыктар мүлк ээсинин адаттагы муктаждыктарынан ашкан мал-мүлкүнүн эсебинен алынат о.э. мамлекеттин муктаждыктарын каптоого жетиштүү болушуна көңүл бурулат. Кайрымусулмандардан эч кандай салык алынбайт. Алардан болгону жизя алынат.

**143-берене:** Шарият Үммөткө важиб кылган ар кандай ишти аткаруу үчүн Байтул малда каражат болбосо, жоопкерчилик Үммөттүн мойнуна өтөт. Мындай абалда, мамлекет салык салуу аркылуу бул каражатты Үммөттөн жыйып алуу укугуна ээ. Шарият Үммөткө важиб кылбаган иштер үчүн болсо, мамлекеттин салык салышы жайиз эмес. Мамлекет мекеме жана идараларды камсыздандыруу үчүн же бирер кызыкчылыкты жүзөгө чыгаруу үчүн салык алышы жайиз эмес.

**144-берене:** Мамлекеттик бюджеттин шаръий өкүмдөр тастыктаган туруктуу бөлүктөрү бар. Бирок, бюджеттин белгилүү бир бөлүмдөрү, ар бир бөлүмгө ажыратыла турган каражаттар жана бул каражаттардын ар бир бөлүмдө кайсыл иштерге адистештирилиши халифанын райы жана ижтихадына калтырылат.

**145-берене:** Байтулмалдын туруктуу кирешелери: файдын (душмандан согушсуз алынган олжолордун) баары, жизя, хирож, риказдын (фатх кылынганга чейин жашырып коюлган байлыктардын) бештен бири жана зекет. Бул каражаттар аларга муктаждык болбосо да ар дайым алынат.

**146-берене:** Байтулмалдын туруктуу кирешелери мамлекеттин сарп-каражаттарын каптоого жетиштүү болбосо, мамлекет мусулмандардан салык алууга акылуу. Салыктар төмөнкү иштер үчүн гана алынышы шарт:

а) Факирлер, мискиндер, мусапырларга о.э. жихад фарзын аткарууга Байтулмалдан сарптоо важиб болгон каражаттарды каптоо үчүн.

б) Байтулмалдан төлөм катары берилиши важиб болгон каражаттарды каптоо үчүн: кызматчылардын маяналары, кошуундун керектөөлөрү, акимдерге ажыратыла турган нафакалар.

в) Жалпы кызыкчылык жана ыңгайлуулуктарды жаратуу катарында Байтулмалдан кайтарымсыз берилиши важиб болгон каражаттарды каптоо үчүн: жолдорду куруу, суу менен камсыздоо, мечит, медресе жана ооруканаларды куруу сыяктуу.

г) Калк ачарчылык, суу ташкындары жана жер титирөөлөр сыяктуу кырсыктарга дуушар болгон убакта Байтулмалдан зарылдык жүзөсүнөн берилиши важиб болгон каражаттарды каптоо үчүн.

**147-берене:** Мамлекеттин чегараларындагы бажыканалардан алына турган, умумий мүлк же мамлекеттик мүлктөн пайда боло турган жана мураскорсуз кала турган каражаттар жана муртаддардын мал-мүлкү Байтулмалдын кирешелеринен эсептелет.

**148-берене:** Байтулмалдын каражаттары төмөнкү алты орунга бөлүштүрүлөт:

а) Зекет малдарын алууга акылуу болгон сегиз топко зекет бөлүгүнөн сарпталат (эгер зекет бөлүгүндө каражат болбосо, аларга эч нерсе сарпталбайт).

б) Факирлер, мискиндер, мусапырлар, жихад жана карыздарларга – эгер зекет бөлүгүндө каражат болбосо – Байтулмалдын туруктуу кирешелеринен сарпталат. Эгер Байтулмалдын туруктуу кирешелеринде да каражат болбосо, анда факирлер, мискиндер, мусапырлар жана жихад каражаттарын каптоо үчүн салыктар жыйып алынат, ал эми, карыздарларга алардан сарпталбайт. Эгер тартипсиздиктер (фасад) коркунучу жүзөгө келсе, бул каражаттарды каптоо үчүн карыз алынат.

в) Кызматчылар, акимдер жана аскерлер сыяктуу мамлекет үчүн кызмат кылып жаткан адамдарга да Байтулмалдан сарпталат. Эгер Байтулмалдагы каражат жетиштүү болбосо, бул каражаттарды каптоо үчүн дароо салыктар салынат. Эгер тартипсиздиктер коркунучу жүзөгө келсе, бул каражаттарды каптоо үчүн карыз алынат.

г) Жолдор, мечиттер, медреселер жана ооруканаларды куруу сыяктуу негизги жалпы кызыкчылыктар жана ыңгайлуулуктар үчүн да Байтулмалдан сарпталат. Эгер Байтулмалдагы каражат жетпесе, бул каражаттарды каптоо үчүн ошол замат салыктар салынат.

д) Жогору даражадагы жалпы элдик кызыкчылыктар жана ыңгайлуулуктар үчүн Байтулмалдан сарпталат. Эгер Байтулмалда каражат жетпесе, аларга эч нерсе сарпталбайт, кийинкиге калтырылат.

е) Жер титирөө жана суу ташкындары сыяктуу кырсыктарга да Байтулмалдан сарталат. Эгер каражат болбосо, бул каражаттарды каптоо үчүн тезинен карыз алынат. Кийин бул карыз жыйыла турган салыктардын эсебинен төлөнөт.

**149-берене:** Мамлекет ар бир жаранды жумуш менен камсыздоо кепилдигин алат.

**150-берене:** Компаниялар жана адамдардын кол астындагы кызматчылары да мамлекеттик кызматчылар ээ болгон бардык укук жана милдеттерге ээ болушат. Акы эсебине мээнет кылуучу ар бир адам – жумуштун же жумушчунун түрүнө карабастан – кызматчы болуп эсептелет. Эгер жумушчу жана жалдоочу адам эмгек акысы үстүндө келише албай калышса, ажрул-мислге (дал ушул ишке окшогон жумуш үчүн төлөнө турган эмгек акыга) карап өкүм кылынат, башка иштерде келише алышпаса, шарият өкүмдөрүнө ылайык ижара келишимине карап өкүм чыгарылат.

**151-берене:** Эмгек акысы жумуштан же жумушчунун өзүнөн келе турган пайдага карап белгилениши мүмкүн. Жумушчунун маалыматы же илимий даражасына карап белгиленбейт. Кызматчылар үчүн кошумча сыйлыктар болбойт, балким, алар – жумуш же жумушчунун өзүнө карап белгиленишине карабастан – өздөрүнүн эмгек акыларын толук алышат.

**152-берене:** Эч кандай каражатка ээ болбогон, жумушсуз жана карай турган жакындары болбогон адамдарды мамлекет камсыздайт. Алсыз жана майып адамдарды өз карамагына алат.

**153-берене:** Мамлекет байлыктардын элдин ортосунда барабар айланып турушуна олуттуу көңүл бурат, бир топтун гана колуна өтүп калышына жол койбойт.

**154-берене:** Мамлекет ар бир адамга бардык муктаждыктарын кандыруу мүмкүнчүлүктөрүн жаратып берүү о.э. коомдогу тең салмактуулукту сактоо проблемасын төмөнкүдөй жол менен чечет:

а) Мамлекет Байтулмалдагы кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдөн, олжолор жана ушул сыяктуулардан берет.

б) Жетиштүү жерге ээ болбогон адамдарга өнүмдүү жерлерден ажыратып берет. Ал эми, жери боло туруп, андан пайдаланбай жаткан адамдарга бербейт. Дыйканчылык кылууга алы келбеген адамдарга бул мүмкүнчүлүккө ээ болушу үчүн каражат ажыратат.

в) Карыз төлөөгө алсыз болгон адамдардын карыздарын зекет, олжо жана ушул сыяктуулардын эсебинен төлөйт.

**155-берене:** Мамлекет түшүмдүүлүктүн эң жогорку даражасында жерден пайдаланууну ишке ашыра турган дыйканчылык саясатынын та-

лаптарына ылайык, дыйканчылык иштерин жана продукцияларын көзөмөлдөп турат.

**156-берене:** Мамлекет бардык өнөржай тармактарын көзөмөлгө алат, умумий мүлк тутумуна кире турган өнөржай тармактарына түздөн-түз жетекчилик кылат.

**157-берене:** Тышкы соода мамилелеринде товар иштеп чыгарылган жерге карай эмес, балким, соодагердин жарандыгына карай мамиле кылынат. Ошондуктан, биз менен согуш абалында болгон мамлекеттин соодагерлерине биздин өлкөбүздө иш-аракет алып барууга уруксат берилбейт, бир гана соодагер же мал үчүн атайын уруксат менен уруксат берилет. Биз менен келишим түзгөн мамлекеттердин соодагерлерине ортодогу келишимдин шарттарына карай мамиле кылынат. Ислам мамлекетинин жараны болгон соодагерлерге мамлекет муктаж болгон нерселер жана душманды аскерий, өнөржай жана экономикалык жактан күчөтө турган нерселерди тышкарыга алып чыгууга уруксат берилбейт, ал эми, бул соодагерлердин өздөрү ээ болгон ар кандай малды алып кириши чектелбейт. Израиль сыяктуу биз менен иш жүзүндө согуш абалында турган мамлекет мындан тышкары. Мындай мамлекеттер соода же ар кандай башка мамилелерде иш жүзүндө дарул-харб (согуш дияры) өкүмүндө болот.

**158-берене:** Калктын бардык адамдары турмуштун бардык тармактарына тиешелүү болгон илимий лабораторияларды ачуу укугуна ээ болушат. Негизи, мындай лабораторияларды ачуу мамлекеттин милдети.

**159-берене:** Үммөт же мамлекетке зыян келтире турган заттарды иштеп чыгаруучу лабораторияларга адамдардын ээлик кылышына тыюу салынат.

**160-берене:** Мамлекет бардык адамдар үчүн акысыз медициналык кызматты камсыздайт, бирок, дарыгерлерди жалдоого жана дары-дармек соодасына тыюу салбайт.

**161-берене:** Мамлекетке чет эл каражаттарын алып кирүүгө жана аларды инвестиция кылууга о.э. ар кандай чет элдикке артыкчылык берүүгө тыюу салынат.

**162-берене:** Мамлекет өзүнө таандык, ар кандай тышкы таасирден көз карандысыз болгон акча чыгарат. Бул акча эч кандай чет элдик акчаларга байланыштуу болбоосу керек.

**163-берене:** Мамлекеттин акчалары чегилген же чегилбеген абалдагы алтын жана күмүштөн турат. Мамлекеттин алтын жана күмүштөн башка акчасы болушу мүмкүн эмес. Мамлекет алтын жана күмүш ордуна башка нерседен акча чыгарышы мүмкүн, мунун шарты, мамлекет казынасында ошол акча барабарында алтын жана күмүш болушу керек. Т.а. мамлекет жез, коло, кагаз же башка нерселерден акча чыгарып, эгер бул акчанын алтын жана күмүштөн толук эквиваленти болсо, аны өз атынан басып чыгарышы мүмкүн.

**164-берене:** Мамлекеттин өз валютасын айырбаштоосу мүмкүн болгондой эле, бул валюта менен башка мамлекеттердин валюталарын өз ара айырбаштоосу да жайиз. Валюталар жынысы ар түрдүү болсо, айырбаштоодо биринин наркы экинчисиникинен ашыкча болушу мүмкүн, аларды айырбаштоо колдон-колго өтүү шарты менен жайиз. Насыя болушу мүмкүн эмес. Валюта жыныстары ар түрдүү болсо, айырбаштоо наркын эч бир чектөөсүз өзгөртүүгө уруксат берилет. Калктагы ар бир адам ичкериден да, тышкарыдан да каалаган валютаны жана бул валюта эсебине эч кандай уруксатка муктаж болбогон абалда ар кандай валюта жана башка буюмдарды сатып алуу укугуна ээ.

## Таалим саясаты

**165-берене:** Таалим программасынын негизи Ислам акыйдасы болушу шарт. Окуу материалдары жана окутуу методдору таалимдин ушул негизден четтешүүсүнө жол бербей турган көрүнүштө иштелип чыгат.

**166-берене:** Таалим саясаты исламий пикир жана исламий туйгуларды калыптандыруу болуп, окуу материалдарынын баары мына ушул саясаттын негизинде иштелип чыгат.

**167-берене:** Таалимден көздөлгөн максат – исламий шахсияны калыптандыруу жана адамдарды турмуштун бардык тармактарына тиешелүү болгон илим жана билимдер менен байытуу. Таалим берүү методдору мына ушул максатты жүзөгө чыгара турган көрүнүштө белгиленет. Бул максатка алып барбай турган ар кандай методдорго тыюу салынат.

**168-берене:** Исламий илимдерге жана араб тилине ажыратылган апталык сабактардын өлчөмү сан жагынан да, убакыт жагынан да башка билимдерге ажыратылган сабактардын өлчөмүнө тең болушу шарт.

**169-берене:** Таалимде тажрыйбалык (эксперименталдык) илимдер жана ушул түркүмгө киргизилген математика сыяктуулар менен сакофий билимдер ортосундагы айырма эсепке алынышы керек. Тажрыйбалык жана ушул түркүмгө киргизилген математика сыяктуу илимдер муктаждыкка карай үйрөнүлөт, таалим баскычтарынын кайсы бирине чектеп коюлбайт. Сакофий билимдер болсо, жогорку баскычтан алдыңкы баскычтарда Ислам пикирлери жана өкүмдөрүнө тескери болбогон белгилүү бир саясатка карай алынат. Ал эми, жогорку баскычта таалим саясатынан жана максатынан четке чыкпоо шарты менен илим катары алынат.

**170-берене:** Таалимдин бардык баскычтарында Ислам сакофаты үйрөтүлүшү шарт. Жогорку окуу жайларында болсо медицина, инженердик иш, физика жана ушул сыяктуулар адистештирилгени сыяктуу исламий маърифаттын бардык түрлөрү үчүн да факультеттер адистештирилет.

**171-берене:** Искусство жана өнөржайлар – соода-сатык, деңизчилик жана дыйканчылык фандары сыяктуу – бир жактан илимдер түркүмүнө киргизилип, эч кандай чектөө жана шарттарсыз алына берет. Искусство өзгөчө (хос) көз караш менен таасирленген убакта сакофат түркүмүнө киргизилип, эгер Ислам көз карашына тескери болсо, алынбайт (Мисалы, сүрөтчүлүк жана айкелчилик сыяктуулары).

**172-берене:** Таалим программасы бирөө болот. Мамлекет белгилеген программадан башка эч кандай программага уруксат берилбейт. Мамлекеттин программасына чектелген, таалим программасына негизделген, таалим саясатын жана максатын жүзөгө чыгара турган менчик медреселерге уруксат берилет. Мунун шарты, таалим окуучулар арасында да, мугалимдер арасында да эркек жана аялдар аралаш болбоосу ккерек о.э. бирер тайпа, дин, мазхаб, тек же түстөгүлөр үчүн чектелген болбоосу керек.

**173-берене:** Эркек болобу, аял болобу, ар бир адамдын турмуш майданында зарыл болгон билимдерге ээ болушу фарз. Ошондуктан, башталгыч жана орто билим алуу баарына мажбурий. Бул таалимди бардыгына акысыз камсыздоо мамлекеттин мойнунда. Жогорку таалим да мүмкүн болушунча баарына акысыз камсыздалышы керек.

**174-берене:** Мамлекет фикх, усули фикх, хадис, тафсир, пикир, медицина, геометрия, химия, ойлоп табуулар, жаңы ачылыштар жана башка тармактарда изденүүнү улантууну каалоочуларга мүмкүнчүлүк жаратып берүү үчүн медресе жана университеттерден тышкарыда китепканалар, лабораториялар жана башка билим колдонмолорун даярдап берет. Анткени муну менен, Үммөттүн арасынан көптөгөн муштахиддер, ойлоп табуучулар жана чыгармачыл адамдар жетишип чыксын.

**175-берене:** Бардык баскычтарда таалим үчүн автордук укукту кыянатчылык менен пайдаланууга тыюу салынат. Эч ким – автор болобу же башкасыбы – басып чыгарылган китебин кайра басып чыгаруу укугуна ээ эмес. Бирок, өзүндө али басып чыгылбаган пикирлер болсо, бул пикирлерди башкаларга берип, ордуна акы алышы – таалим үчүн акы алуу жайиз болгону сыяктуу – жайиз.

## Тышкы саясат

**176-берене:** Саясат – Үммөттүн ички жана тышкы иштерин башкаруу болуп, мамлекет жана Үммөт тарабынан ишке ашырылат. Мамлекет бул иш менен түздөн-түз алектенет, Үммөт болсо бул иш жүзөсүнөн мамлекетти мухасаба кылат.

**177-берене:** Эч бир адам, хизб, топ же жамааттын бирер чет мамлекет менен мамиледе болушу таптакыр жайиз эмес. Башка мамлекеттер менен орнотула турган ар кандай мамилелер мамлекетке тиешелүү. Анткени, мамлекет гана Үммөттүн иштерин иш жүзүндө башкаруу укугуна

ээ. Үммөт жана саясий топтордун милдети болсо мына ушул тышкы мамилелер жаатында мамлекетти мухасаба кылуу.

**178-берене:** Максат колдонулчу васитаны актабайт, анткени, тарыйкат фикрат жынысынан болот. Важибге да, мубахка да жетишүү үчүн арам нерсе васита кылынбайт. Саясий васитанын саясат тарыйкатына тескери болушу мүмкүн эмес.

**179-берене:** Саясий манёврлар тышкы саясатта зарыл иш эсептелет. Мындагы кубат иштерди ашкере кылуу жана максаттарды жашырууда болот.

**180-берене:** Тайманбастык менен мамлекеттердин кылмыштарын ачып таштоо, жасалма саясаттардын коркунучун баян кылуу, жийиркеничтүү тил бириктирүүлөрдүн бетин ачуу, адаштыруучу топторду талкалап таштоо – булар эң маанилүү саясий ыкмалардан (услуб) болуп эсептелет.

**181-берене:** Жеке адам, Үммөт жана мамлекет иштерин башкарууда исламий пикирлердин улуулугун көрсөтүү эң күчтүү саясий услубдардан болуп саналат.

**182-берене:** Үммөттүн саясий маселеси – мамлекет шахсиятынын (өздүгүнүн) кубатында, Ислам өкүмдөрүнүн жакшы колдонулушунда жана Исламий даъватты бүткүл дүйнөгө жаюу үчүн тынымсыз аракет кылууда көрүнө турган Ислам болуп саналат.

**183-берене:** Исламий даъватты жаюу негизги ок болуп, тышкы саясат анын айланасында айланат. Бардык мамлекеттер менен боло турган мамилелер ушул негизге курулат.

**184-берене:** Исламий мамлекеттин дүйнөнүн башка мамлекеттери менен орното турган мамилелеринде этибар төрт нерсеге каратылат:

1. Ислам дүйнөсүндөгү бардык мамлекеттер бир мамлекет деп эсептелет. Алар тышкы мамилелер чөйрөсүнө кирбейт жана алар менен боло турган мамилелер тышкы саясат деп эсептелбейт. Алардын баарын бир мамлекет чегарасында бириктирүү үчүн иш алып баруу важиб.

2. Биз менен өз ара соода-экономикалык, жакшы кошуначылык же сакофий келишимдер түзгөн мамлекеттер менен ушул келишимдерде көрсөтүлгөндөй мамиле кылынат. Алардын жарандары – эгер келишимде көрсөтүлгөн болсо – Ислам мамлекетине чет эл паспортусуз, өздүк күбөлүк менен кирүүлөрү мүмкүн, мунун шарты, алар да биздин жарандарга иш жүзүндө дал мына ушундай мамиледе болуулары керек. Ал мамлекеттер менен боло турган соода-экономикалык мамилелер белгиленген зарыл нерселерде жана белгиленген сыпаттарда чектелген болуп, алардын кудурети күчөшүнө алып барбашы керек.

3. Биз менен өз ара келишимдерге ээ болбогон мамлекеттер, Англия, Америка, Франция сыяктуу иш жүзүндөгү колонизатор мамлекеттер, же Россия сыяктуу мамлекетти колония кылуу ниетиндеги мамлекеттер согуш абалындагы (мухариб) мамлекеттер деп саналат жана аларга карата

бардык этият чаралары көрүлөт. Алар менен эч кандай дипломатиялык мамилелерди орнотуу мүмкүн эмес. Бул мамлекеттердин жарандары мамлекетибизге чет эл паспорту же ар бир адам жана ар бир сапар үчүн атайын виза менен гана кирүүлөрү мүмкүн.

4. Израиль сыяктуу иш жүзүндө согуш абалындагы мамлекеттер менен бардык мамилелерде согуш абалы негиз кылып алынат. Биз менен алардын ортосунда убактылуу келишим болсо да, болбосо да, иш жүзүндө согуш абалындагыдай мамиле кылынат. Алардын бардык жарандарынын мамлекетке киришине тыюу салынат.

**185-берене:** Аскерий келишимдер о.э. аскерий келишимдер катарына кире турган саясий келишимдер жана аскерий база жана аэропортторду ижарага берүү келишимдерине катуу тыюу салынат. Жакшы кошуначылык келишимдерин, экономикалык, соода, финансылык, сакофий жана убактылуу тынчтык келишимдерин түзүү жайиз.

**186-берене:** Ислам мамлекетинин Ислам негизине курулбаган же Ислам өкүмдөрү колдонулбай турган уюмдарда катышуусу жайиз эмес. Мындай уюмдар катарына БУУ, Эл аралык сот, Эл аралык валюта фонду жана Дүйнөлүк банк сыяктуу эларалык уюмдар о.э. «Араб мамлекеттери биримдиги» сыяктуу регионалдык уюмдар кирет.

## Исламдагы адеп-ахлак

Исламга минтип аныктама берилген. Ислам – Алла таала саййидибиз Мухаммад ﷺга адамдын Жаратуучусу менен болгон; өзү менен болгон; о.э. башка адамдар менен болгон алакаларын тартипке салуу үчүн түшүргөн дин. Адамдын Жаратуучусу менен болгон алакасы: акыйда жана ибадаттарды өз ичине алат; өзүнө болгон алакасы: адеп-ахлак (хулк), жеп-ичүү жана кийинүү маселелерин өз ичине алат; башка адамдар менен болгон алакасы: мамиле (муамалат) жана жазаларды (укубат) өз ичине алат.

Ислам адамдын бардык проблемаларын чечип берет. Ал адамга «бөлүнгүс бир бүтүн барлык» деп карайт. Ошондуктан, анын проблемаларын бир гана жол менен чечет. Ислам өз түзүмүн рухий негиз үстүнө курду. Ал негиз – акыйда. Мына ошондуктан, рухий жак анын хазоратынын, мамлекетинин жана шариятынын негизи болуп калды.

Ислам шарияты ибадат, муамалат жана укубат түзүмдөрү сыяктуу түзүмдөрдү терең баяндап берген, бирок, ахлак үчүн атайын бир түзүмдү баян кылбаган. Балким, ахлак өкүмдөрүн Алланын буйрук-кайтаруулары деген этибарда муалажа кылды, башкалардан айырмаланып тура турган, өзгөчө маани берүү керек болгон тармак катары этибар берген жок, анын тафсилатына киришпеди. Ахлак өкүмдөрүнүн тафсилатына карасак, анын башка өкүмдөрдүн тафсилатына салыштырмалуу абдан аз экендиги көрүнөт. Ислам фикхинде да ахлак үчүн атайын өзүнчө бап ажыратылбаган. Ошондуктан, шаръий өкүмдөрдү өз ичине алган фикх китептеринен «ахлак» деп аталган бөлүмдү учурата албайбыз. Фукаха жана мужтахиддер да ахлакый өкүмдөргө талкуу жана истинбат максатында көңүл бурушпаган.

Ахлак коомдун курулушуна таптакыр таасир көрсөтө албайт. Себеби, коом турмуш мыйзамдары негизине курулуп, ага туйгулар менен пикирлер таасир көрсөтөт. Ахлак болсо, коомдун курулушуна да, анын өсүшүнө да, кулашына да таасир эте албайт. Балким, таасир көрсөтүүчү түрткү – турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрдөн пайда боло турган умумий урф. Коомду башкара турган күч – ахлак эмес, балким, анда колдонулуп жаткан мыйзамдар жана адамдар өздөрүндө көтөрүп жүргөн пикирлер менен туйгулар. Ал эми ахлак мына ушул пикирлерден, туйгулардан пайда болуп, мыйзамды колдонуунун натыйжасы болуп саналат. Ушуга ылайык, коомдо ахлакка даъват кылууну жаюу туура эмес. Себеби, ахлак Алла тааланын буйруктарынын натыйжасы болуп, ал акыйдага даъват этүүдөн о.э. жалпы түстө Исламды колдонууга даъват этүүдөн пайда болот. Ахлакка даъват кылынса, турмуш жөнүндөгү Ислам бере турган түшүнүктөр астын-үстүн болуп, адамдар коомдун акыйкатын жана тыянчтарын түшүнүүдөн алыстатып жиберилет. Ал турмуштун өнүгүүсүнүн чыныгы жолунан адаштырууга алып бара турган жеке адамдарга тиешелүү

айрым бир фазилаттар менен мас кылып коёт. Ошондуктан, Исламга болгон даъватты ахлакка даъват этүүгө айландыруу кооптуу. Себеби, мындай абал «Ислам даъваты ахлакый даъваттан гана турат» деген ойду пайда кылып коёт жана Ислам жөнүндөгү пикирге негизделген элестетүүнү өчүрүп, адамдардын Исламды түшүнүүсүнө тоскоолдук кылат. О.э. алардын этибарын Исламды колдонууга алып бара турган жалгыз жолдон – Ислам мамлекетин куруудан башка жакка буруп жиберет. Ислам шарияты адамдын өзүнө болгон алакасын адеп-ахлакка тиешелүү шаръий өкүмдөр менен муалажа кылып, муну ибадат жана муамалат сыяктуу белгилүү бир түзүм көрүнүшүндө калыптандырбай, бул тармакта чын сүйлөө жана аманаткөй болуу, алдамчылык жана көрө албастык кылбоо сыяктуу Алла буйруган белгилүү бир кыйматтарды жүзөгө ашырууга көңүл бурду. Ахлак бир гана нерседен пайда болот. Ал макаримул-ахлак жана фазилаттар сыяктуу ахлакый кыйматтарды жүзөгө чыгарууга үндөй турган Алланын буйруктарынан пайда болот. Мисалы, аманаткөйлүк – ахлак. Ага Алла буйруган. Аны ишке ашырып жатканда, андагы ахлакый кыйматка баш ийүү важиб. Ушуга ылайык, аманаткөйлүк аркылуу ахлакый кыймат жүзөгө чыгат да, андан кийин ал “ахлак” деп аталат. Амалдар натыйжасында же муамалатты ишке ашырып жатканда баш ийилиши важиб болгону үчүн пайда болуп жаткан сапаттар т.а. намаздын натыйжасында пайда боло турган абийирдүүлүк, же соодадагы чынчылдык сыяктуу сапаттардын пайда болушунан түздөн-түз ахлакый кыймат пайда боло калбайт. Себеби, бул амалдарды аткарууда ахлакый кыйматты жүзөгө чыгаруу көздөлгөн эмес. Амалдардын натыйжасында жана баш ийилиши важиб болгону үчүн пайда боло турган мындай сапаттар Аллага ибадат кылып жаткан жана муамалат менен алектенип жаткан момун адамдын ахлакый сапаттары болот. Себеби, момун адам биринчи мисалда намаздан рухий кыйматты жүзөгө чыгарууну, экинчи мисалда соодадан материалдык кыйматты жүзөгө чыгарууну максат кылып алат жана ушул эле учурда ахлакый сапаттарга да ээ болот.

Шарият жакшы ахлак деп эсептеген сапаттарды да, жаман ахлак деп эсептеген сапаттарды да баян кылып, жакшы ахлакка чакырып, жаман ахлактан кайтарган. Мисалы, чынчылдык, аманаткөйлүк, жарык маанайлуу болуу, уяттуулук, ата-энеге жакшылык кылуу, туугандар менен жакшы катташуу, кайгы-капа күндөрү көңүл суроо, өзү жактырган нерсесин досуна ыраа көрүү сыяктуу жакшы сапаттарга үндөдү жана бул сыяктууларды «Алланын буйруктарына баш ийүүгө үндөө» деп эсептеди. Бул иштердин тескериси болгон жалганчылык, кыянатчылык, көрө албастык, уятсыздык ж.б.у.с. иштерден кайтарды. Мындай иштерди «Алла кайтарган иштерден кайтаруу» деп эсептеди.

Ахлак – шарияттын бир жузъу, Алланын буйрук жана кайтарууларынын бир бөлүгү. Ар бир мусулман Исламга толук амал кылышы үчүн, Алланын буйруктарын кемелине жеткирип аткарышы үчүн, ахлакты өз шах-

сиясында камтышы керек. Бирок коомдо ахлактын болушуна жетишүү исламий туйгуларды жана пикирлерди пайда кылуу аркылуу болот. Эгер ахлак бир жамаатта жүзөгө чыгарылса, ал өз-өзүнөн ар бир жеке адамда да калыптанып бара берет. Ахлакка жетишүү ага даъват кылуу менен эмес, жогоруда айтылгандай, исламий пикирлерди жана туйгуларды пайда кылуу менен болот. Бирок, бул эң биринчи, белгилүү бир топту Ислам менен тарбиялоону талап кылат. Бул топтогу адамдар өз түйшүктөрү менен жашаган өз алдынча шахстар сыяктуу болбостон, жамааттын бөлүнгүс бир бөлүгү болушу керек. Алар коомдо исламий даъватты майданга көтөрүп чыгып, исламий пикирлерди жана туйгуларды пайда кылышсын. Мунун натыйжасында адамдар Исламга топ-топ болуп кирип келе баштайт. Тереңирээк ойлонсок, жогорудагы сөзүбүз Алланын буйруктары жана Исламдын колдонулушунда ахлак канчалык маанилүү экенин о.э. ал илахий буйруктар менен Исламдын колдонулушундагы зарылдык экенин түшүндүрөт жана ар бир мусулман өз шахсиясында жакшы ахлактарды камтышы өтө зарылдыгын тастыктайт.

Алла Таала Курани Каримдин көптөгөн сүрөлөрүндө адам өзүндө камтышы керек болгон жана дайыма умтулушу важиб болгон сапаттарды баян кылган. Бул сапаттар акыйдалар, ибадаттар, муамалаттар жана ахлактар болуп, бул төрт сапаттын бардыгы бир жыйнакка айлануусу керек. Алла Таала «Лукман» сүрөсүндө мындай дейт:

﴿وَإِذۡ قَالَ لُقۡمَٰنُ لِٱبۡنِهِۦ وَهُوَ يَعِظُهُۥ يَٰبُنَيَّ لَا تُشۡرِكۡ بِٱللَّهِۖ إِنَّ ٱلشِّرۡكَ لَظُلۡمٌ عَظِيمٞ ❁
وَوَصَّيۡنَا ٱلۡإِنسَٰنَ بِوَٰلِدَيۡهِ حَمَلَتۡهُ أُمُّهُۥ وَهۡنًا عَلَىٰ وَهۡنٖ وَفِصَٰلُهُۥ فِي عَامَيۡنِ أَنِ ٱشۡكُرۡ لِي
وَلِوَٰلِدَيۡكَ إِلَيَّ ٱلۡمَصِيرُ ❁ وَإِن جَٰهَدَاكَ عَلَىٰٓ أَن تُشۡرِكَ بِي مَا لَيۡسَ لَكَ بِهِۦ عِلۡمٞ فَلَا
تُطِعۡهُمَاۖ وَصَاحِبۡهُمَا فِي ٱلدُّنۡيَا مَعۡرُوفٗاۖ وَٱتَّبِعۡ سَبِيلَ مَنۡ أَنَابَ إِلَيَّۚ ثُمَّ إِلَيَّ مَرۡجِعُكُمۡ
فَأُنَبِّئُكُم بِمَا كُنتُمۡ تَعۡمَلُونَ ❁ يَٰبُنَيَّ إِنَّهَآ إِن تَكُ مِثۡقَالَ حَبَّةٖ مِّنۡ خَرۡدَلٖ فَتَكُن فِي
صَخۡرَةٍ أَوۡ فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ أَوۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ يَأۡتِ بِهَا ٱللَّهُۚ إِنَّ ٱللَّهَ لَطِيفٌ خَبِيرٞ ❁ يَٰبُنَيَّ أَقِمِ
ٱلصَّلَوٰةَ وَأۡمُرۡ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَٱنۡهَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ وَٱصۡبِرۡ عَلَىٰ مَآ أَصَابَكَۖ إِنَّ ذَٰلِكَ مِنۡ عَزۡمِ ٱلۡأُمُورِ
❁ وَلَا تُصَعِّرۡ خَدَّكَ لِلنَّاسِ وَلَا تَمۡشِ فِي ٱلۡأَرۡضِ مَرَحًاۖ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يُحِبُّ كُلَّ مُخۡتَالٖ
فَخُورٖ ❁ وَٱقۡصِدۡ فِي مَشۡيِكَ وَٱغۡضُضۡ مِن صَوۡتِكَۚ إِنَّ أَنكَرَ ٱلۡأَصۡوَٰتِ لَصَوۡتُ ٱلۡحَمِيرِ﴾

***«Лукман уулуна насаат кылып айткан эле: "Эй уулум! Аллага шерик кошпогун. Себеби, ширк келтирүү – эң чоң зулум. Биз инсанга ата-энесин*** *(т.а. аларга жакшылык кылууну)* ***буйрук кылдык. Энеси ага алсыздык үстүнө алсыздык менен кош бойлуу болду*** *(ичтеги бала чоңойгон сайын, эненин алы куруп, алсызданып бара берет),* ***аны эмизүү мөөнөтү эки жыл.*** *(Биз инсанга буйрудук):* ***«Сен Мага*** *(т.а. Аллага)* ***жана ата-энеңе шүгүрчүлүк билдир. Менин алдыма кайтасың! Эгер алар*** *(ата-энең)* ***сени өзүң билбеген нерселерди Мага шерик кылууга зордошсо, анда аларга баш ийбе. Аларга*** *(мейли, мусулман болушса да, кафир болушса да)* ***дүйнөдө жакшы мамиледе болгун! Жана өзүң Мага тообо кылган кишилердин жолуна ээрчигин. Кийин,*** *(Кыяматта)* ***Мага кайтып келесиңер. Ошондо Мен силерге кылып өткөн иштериңердин кабарын беремин».*** *(Лукман мындай деди):* ***Эй уулум! Шек-күмөнсүз, эгер сары кычынын уругунчалык*** *(жакшы же жаман иштер кылына турган)* ***болсо, анда ал*** *(иш)* ***аска таш арасында, же асмандарда, же жер астында болсо да, ошону да Алла*** *(таап)* ***алып келет. Анткени, Алла – Латиф жана Хобийр. Эй уулум! Намазды аткар! Жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтар. О.э. сага келген тарткылыктарга сабыр кыл. Албетте, мына ушул – иштердин максатка дал келүүчүрөөгү. Адамдарга кекирейбе жана жер үстүндө текеберлене баспа. Албетте, Алла бардык мактанчактар менен кекирейгендерди сүйбөйт. Жүргөнүңдө орточо жүргүн жана үнүңдү басаңдат. Себеби, үндөрдүн эң жаманы – эшектердин үнү».*** **[31:13-19]**
Алла Таала «Фуркон» сүрөсүндө мындай дейт:

﴿ وَعِبَادُ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلَّذِينَ يَمۡشُونَ عَلَى ٱلۡأَرۡضِ هَوۡنٗا وَإِذَا خَاطَبَهُمُ ٱلۡجَٰهِلُونَ قَالُواْ
سَلَٰمٗا ۞ وَٱلَّذِينَ يَبِيتُونَ لِرَبِّهِمۡ سُجَّدٗا وَقِيَٰمٗا ۞ وَٱلَّذِينَ يَقُولُونَ رَبَّنَا ٱصۡرِفۡ عَنَّا
عَذَابَ جَهَنَّمَۖ إِنَّ عَذَابَهَا كَانَ غَرَامًا ۞ إِنَّهَا سَآءَتۡ مُسۡتَقَرّٗا وَمُقَامٗا ۞ وَٱلَّذِينَ إِذَآ
أَنفَقُواْ لَمۡ يُسۡرِفُواْ وَلَمۡ يَقۡتُرُواْ وَكَانَ بَيۡنَ ذَٰلِكَ قَوَامٗا ۞ وَٱلَّذِينَ لَا يَدۡعُونَ مَعَ
ٱللَّهِ إِلَٰهًا ءَاخَرَ وَلَا يَقۡتُلُونَ ٱلنَّفۡسَ ٱلَّتِي حَرَّمَ ٱللَّهُ إِلَّا بِٱلۡحَقِّ وَلَا يَزۡنُونَۚ وَمَن يَفۡعَلۡ
ذَٰلِكَ يَلۡقَ أَثَامٗا ۞ يُضَٰعَفۡ لَهُ ٱلۡعَذَابُ يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِ وَيَخۡلُدۡ فِيهِۦ مُهَانًا ۞ إِلَّا مَن تَابَ
وَءَامَنَ وَعَمِلَ عَمَلٗا صَٰلِحٗا فَأُوْلَٰٓئِكَ يُبَدِّلُ ٱللَّهُ سَيِّـَٔاتِهِمۡ حَسَنَٰتٖۗ وَكَانَ ٱللَّهُ غَفُورٗا

رَّحِيمًا ۝ وَمَن تَابَ وَعَمِلَ صَٰلِحًا فَإِنَّهُۥ يَتُوبُ إِلَى ٱللَّهِ مَتَابًا ۝ وَٱلَّذِينَ لَا
يَشۡهَدُونَ ٱلزُّورَ وَإِذَا مَرُّواْ بِٱللَّغۡوِ مَرُّواْ كِرَامًا ۝ وَٱلَّذِينَ إِذَا ذُكِّرُواْ بِـَٔايَٰتِ رَبِّهِمۡ
لَمۡ يَخِرُّواْ عَلَيۡهَا صُمًّا وَعُمۡيَانًا ۝ وَٱلَّذِينَ يَقُولُونَ رَبَّنَا هَبۡ لَنَا مِنۡ أَزۡوَٰجِنَا وَذُرِّيَّٰتِنَا
قُرَّةَ أَعۡيُنٖ وَٱجۡعَلۡنَا لِلۡمُتَّقِينَ إِمَامًا ۝ أُوْلَٰٓئِكَ يُجۡزَوۡنَ ٱلۡغُرۡفَةَ بِمَا صَبَرُواْ
وَيُلَقَّوۡنَ فِيهَا تَحِيَّةٗ وَسَلَٰمًا ۝ خَٰلِدِينَ فِيهَاۚ حَسُنَتۡ مُسۡتَقَرّٗا وَمُقَامٗا ﴾

***«Рахмандын*** *(сүйүктүү)* ***пенделери жерде кичипейилдик менен жүрө турган, наадан кишилер*** *(беймаанилик менен)* ***сөз айтса да, «саламат болгула» деп жооп бере турган кишилер болот. Алар “Роббибиз, Өзүң бизден тозок азабын алыс кыл. Албетте, Анын азабы кеткис, түбөлүк. Албетте, ал эң жаман турак жай жана эң жаман мекен” дей турган кишилер болот. Алар садака кылышса*** *(инфак),* ***ысырапкерлик да, сараңдык да кылышпайт.*** *(Тескерисинче, кайыр-садакалары)* ***мына ушул*** *(ысырап менен сараңдыктын)* ***ортосунда орточо болот. Алар Алла менен бирге башка бирер кудайга дуба кылып жалбарышпайт жана Алла*** *(өлтүрүүнү арам кылган)* ***бир да жанды жазыксыз өлтүрүшпөйт жана зина кылышпайт. Ким мына ушул*** *(күнөөлөрдүн бирин)* ***кылса, жазага дуушар болот. Кыямат күнүндө болсо, ал үчүн азап бир нече эселенип кылынат жана ал жайда кордолуп түбөлүккө калат. Бирок, кимде-ким тообо кылса жана ыйман келтирип жакшы амалдарды кылса, Алла алардын жамандык күнөөлөрүн жакшылык сооպторго айландырып коёт. Алла – Гофур, Рохийм. Кимде-ким тооба кылып, жакшы*** *(амалдарды)* ***кылса, анда албетте, ал Алланын*** *(ыраазылык-кечиримине)* ***кайткан болот. Алар*** *(Рахмандын сүйүктүү пенделери)* ***жалган күбөлүк беришпейт жана келжирек*** *(пайдасыз сөз же иштин)* ***жанынан өткөн чактарында асылдык менен*** *(андан жүзүн үйрүп)* ***өтүп кетишет. Аларга Роббисинин аяттары эстетилген убакта*** *(ал аяттарга)* ***дүлөй жана сокур абалдарында ийилишпейт*** *(тескерисинче, аларды түшүнүп амал кылышат).* ***Алар: «Роббибиз! Өзүң бизге жубайларыбыздан жана урпактарыбыздан кубаныч тартуу кылгын жана бизди таквадарларга башчы*** *(имам)* ***кылгын» дей турган кишилер болот. Мына ошолор сабыр кылгандыктары себептүү*** *(бейиштеги)* ***жогорку даражалар менен сыйланышат жана ал жайда*** *(периштелер тарабынан)* ***салам жана амандык менен тосуп алынышат. Алар ошол жайда түбөлүк калышат. Ал эң кооз турак жай жана эң кооз орун».*** **[25:63-76]**

Алла Таала «Исро» сүрөсүндө мындай дейт:

﴿وَقَضَىٰ رَبُّكَ أَلَّا تَعْبُدُوٓاْ إِلَّآ إِيَّاهُ وَبِٱلْوَٰلِدَيْنِ إِحْسَٰنًا ۚ إِمَّا يَبْلُغَنَّ عِندَكَ ٱلْكِبَرَ أَحَدُهُمَآ
أَوْ كِلَاهُمَا فَلَا تَقُل لَّهُمَآ أُفٍّ وَلَا تَنْهَرْهُمَا وَقُل لَّهُمَا قَوْلًا كَرِيمًا ۞ وَٱخْفِضْ لَهُمَا
جَنَاحَ ٱلذُّلِّ مِنَ ٱلرَّحْمَةِ وَقُل رَّبِّ ٱرْحَمْهُمَا كَمَا رَبَّيَانِى صَغِيرًا ۞ رَّبُّكُمْ أَعْلَمُ بِمَا فِى
نُفُوسِكُمْ ۚ إِن تَكُونُواْ صَٰلِحِينَ فَإِنَّهُۥ كَانَ لِلْأَوَّٰبِينَ غَفُورًا ۞ وَءَاتِ ذَا ٱلْقُرْبَىٰ حَقَّهُۥ
وَٱلْمِسْكِينَ وَٱبْنَ ٱلسَّبِيلِ وَلَا تُبَذِّرْ تَبْذِيرًا ۞ إِنَّ ٱلْمُبَذِّرِينَ كَانُوٓاْ إِخْوَٰنَ ٱلشَّيَٰطِينِ ۖ وَكَانَ
ٱلشَّيْطَٰنُ لِرَبِّهِۦ كَفُورًا ۞ وَإِمَّا تُعْرِضَنَّ عَنْهُمُ ٱبْتِغَآءَ رَحْمَةٍ مِّن رَّبِّكَ تَرْجُوهَا فَقُل لَّهُمْ قَوْلًا
مَّيْسُورًا ۞ وَلَا تَجْعَلْ يَدَكَ مَغْلُولَةً إِلَىٰ عُنُقِكَ وَلَا تَبْسُطْهَا كُلَّ ٱلْبَسْطِ فَتَقْعُدَ مَلُومًا
مَّحْسُورًا ۞ إِنَّ رَبَّكَ يَبْسُطُ ٱلرِّزْقَ لِمَن يَشَآءُ وَيَقْدِرُ ۚ إِنَّهُۥ كَانَ بِعِبَادِهِۦ خَبِيرًۢا بَصِيرًا ۞
وَلَا تَقْتُلُوٓاْ أَوْلَٰدَكُمْ خَشْيَةَ إِمْلَٰقٍ ۖ نَّحْنُ نَرْزُقُهُمْ وَإِيَّاكُمْ ۚ إِنَّ قَتْلَهُمْ كَانَ خِطْـًٔا كَبِيرًا ۞ وَلَا
تَقْرَبُواْ ٱلزِّنَىٰٓ ۖ إِنَّهُۥ كَانَ فَٰحِشَةً وَسَآءَ سَبِيلًا ۞ وَلَا تَقْتُلُواْ ٱلنَّفْسَ ٱلَّتِى حَرَّمَ ٱللَّهُ إِلَّا
بِٱلْحَقِّ ۗ وَمَن قُتِلَ مَظْلُومًا فَقَدْ جَعَلْنَا لِوَلِيِّهِۦ سُلْطَٰنًا فَلَا يُسْرِف فِّى ٱلْقَتْلِ ۖ إِنَّهُۥ كَانَ
مَنصُورًا ۞ وَلَا تَقْرَبُواْ مَالَ ٱلْيَتِيمِ إِلَّا بِٱلَّتِى هِىَ أَحْسَنُ حَتَّىٰ يَبْلُغَ أَشُدَّهُۥ ۚ وَأَوْفُواْ بِٱلْعَهْدِ
ۖ إِنَّ ٱلْعَهْدَ كَانَ مَسْـُٔولًا ۞ وَأَوْفُواْ ٱلْكَيْلَ إِذَا كِلْتُمْ وَزِنُواْ بِٱلْقِسْطَاسِ ٱلْمُسْتَقِيمِ ۚ ذَٰلِكَ
خَيْرٌ وَأَحْسَنُ تَأْوِيلًا ۞ وَلَا تَقْفُ مَا لَيْسَ لَكَ بِهِۦ عِلْمٌ ۚ إِنَّ ٱلسَّمْعَ وَٱلْبَصَرَ وَٱلْفُؤَادَ كُلُّ
أُوْلَٰٓئِكَ كَانَ عَنْهُ مَسْـُٔولًا ۞ وَلَا تَمْشِ فِى ٱلْأَرْضِ مَرَحًا ۖ إِنَّكَ لَن تَخْرِقَ ٱلْأَرْضَ وَلَن
تَبْلُغَ ٱلْجِبَالَ طُولًا ۞ كُلُّ ذَٰلِكَ كَانَ سَيِّئُهُۥ عِندَ رَبِّكَ مَكْرُوهًا﴾

***«Роббиң жалгыз Анын Өзүнө ибадат кылышыңарга жана о.э. ата-энеге жакшылык кылышыңарга буйруду. Эгер алардын*** *(ата-энеңердин)* ***бирөөсү же экөөсү тең сенин колуңда карылык жашына жетсе, аларга карап «уф-ф» дебе жана алардын сөздөрүн кайтарба. Аларга*** *(ар дайым)* ***жылуу сөздөрдү сүйлө! Алар үчүн мээримдүүлүк***

***менен канатыңды түшүрүп, кичипейил бол жана «Роббим, мени*** *(алар)* ***кичинемден тарбиялап өстүрүшкөндөй, Сен дагы аларга ырайым кыл» деп*** *(алардын акысына дуба кыл)! (Эй, инсандар!)* ***Роббиңер дилиңердеги сырыңарды абдан жакшы билүүчү. Эгер силер солих болсоңор, албетте, Ал тооба кылуучуларды кечирет.*** *(Эй, Мухаммад)* ***туугандарыңа, кедей-мискиндерге жана жолоочуларга*** *(садака кылуу менен)* ***акыларын бергин жана ысырапкерчиликке жол бербегин! Анткени, ысырап кылуучулар – шайтандын достору, а шайтан болсо Роббисине бүтүндөй кафир болгон. Эгер сен Роббиң тарабынан боло турган мээримден үмүткөр абалыңда*** *(азыр колуңда жок болгондугу себептүү садака кылуу мүмкүнчүлүгүн таппай)* ***алардан жүз үйүрө турган болсоң, анда аларга жакшы сөз айткын!*** *(Сараңдык кылып)* ***колуңду мойнуңа байлап да алба. Ысырапкерчилик кылуу менен аны бүтүндөй жазып да жибербе. Болбосо, жеме жана өкүнүчтө каласың. Албетте, Роббиң Өзү каалаган кишилердин ырыскысын кең кылат жана*** *(Өзү каалаган кишилердин ырыскысын)* ***тар кылат. Албетте, Ал пенделеринен кабардар жана аларды көрүп туруучу!*** *(Эй инсандар),* ***балдарыңарды жокчулуктан коркуп өлтүрбөгүлө. Аларга да, силерге да Биз Өзүбүз ырыскы беребиз. Аларды өлтүрүү, шексиз, чоң каталык. Зинага жакындашпагыла. Себеби, бул бузукулук жана эң жаман жол. Алла*** *(өлтүрүүнү)* ***арам кылган жанды*** *(жазыксыз)* ***өлтүрбөгүлө! Эгер өлтүрсөңөр, акыйкат*** *(шарият мыйзамы)* ***менен гана өлтүрүшүңөр мүмкүн. Кимде-ким зулумдук менен*** *(мазлум болуп)* ***өлтүрүлсө, Биз анын ээси – мураскору үчүн*** *(өч алууга)* ***укук бергенбиз. Анан ал*** *(ошол өлтүргөн кишини)* ***өлтүрүүдө чектен чыкпасын. Анткени, аны*** *(Алланын)* ***Өзү колдойт. Жетимдин малына – ал балагатка жеткенге чейин – жакындашпагыла. Жакындашсаңар, эң жакшы жол менен*** *(эч бир зыян келтирбей жакындашкыла).* ***Убадага бекем тургула. Анткени, убада – кыяматта сурала турган иш.*** *(Араңардагы алды-берди, соода-сатыктан бир нерсени)* ***өлчөгөн убагыңарда толук өлчөп бергиле жана туура таразада тарткыла! Мына ушул эң жакшы жана эң чырайлуу чечим – өкүм.*** *(Эй инсан),* ***өзүң билбеген нерсеге ээрчибе. Анткени, кулак, көз, жүрөк – булардын бардыгы туурасында*** *(ар бир инсан)* ***жоопкер болот. Жер жүзүндө кекирейип жүрбөгүн. Себеби, сен эч качан жерди тешип*** *(анын түбүнө)* ***кете албайсың жана тоолорго жете албайсың.*** *(Демек, ушунчалык алсыз болгон соң, эмнеге мынчалык текеберлик кыласың?)* ***Булардын*** *(жогоруда аяттарда кайтарылган нерселердин)* ***бардыгы – Роббиңдин алдында жек көрүлгөн нерселер».*** **[17:23-38]**

Бул үч сүрөдөгү аяттардын ар бири ар түрдүү сапаттарды баян кылат. Бул аяттар мусулмандын сүрөтүн даана көрсөтүп берет жана башкалардан өзгөчөлөнүп турган, Ислам негизинде тарбияланган исламий шахсияны баян кылат. Бул аяттарда баян кылынган түрдүү сапаттар Алла тааланын буйрук жана кайтаруулары экендигин ар дайым билип турушубуз керек. Бул аяттар ичинде ибадат, мамиле жана ахлакка тиешелүү өкүмдөр болгону сыяктуу эле, итикадга тиешелүү өкүмдөр да бар. Бул аяттар ахлакый сапаттардын өзүнө эле чектелип калбастан, ахлакты өз ичине алганы сыяктуу, итикад, ибадат жана муамалатты да өз ичине алган. Бул сапаттар – исламий шахсияны пайда кыла турган сапаттар. Ахлактын өзүнө гана чектелүү мукаммал адамды, исламий шахсияны пайда кылбайт. Ахлактан көздөлгөн максат жүзөгө чыгуусу үчүн, ал Ислам акыйдасынан турган рухий негизге курулган болушу керек. О.э. адамдын ахлакка ээ болуусу дагы дал ушул акыйда негизине курулуусу керек. Ушуга ылайык, мусулман адам чын сүйлөп жатканда – мейли, ахлакый кыйматты жүзөгө чыгарууну максат кылып алса да – бирок, негизи, бул чынчылдык деген сапатка Алла таала чынчылдыкка буйругандыгы үчүн ээ болушу керек. Тыянактап айтканда, ахлактын өзүнө этибар берип эмес, балким, Алла таала ага буйругандыгы үчүн ахлактуу болуу керек.

Ошондуктан, мусулман адам ахлакый сапаттарга ээ болуп, алар Алладан таква кылууга тыгыз байланышта болгондуктан, итаат менен аларга амал кылуусу керек.

Адеп-ахлак белгилүү бир буйрук-кайтаруулар болуусунан тышкары,

﴿إِنَّ ٱلصَّلَوٰةَ تَنْهَىٰ عَنِ ٱلْفَحْشَآءِ وَٱلْمُنكَرِ﴾

***«Намаз бузуку*** *(фахш)* ***жана жаман*** *(мункар)* ***иштерден кайтарат»,*** **[29:45]**

деген аятта айтылгандай, ибадат натыйжаларынан да пайда болушу мүмкүн. О.э. мамилелерде баш ийилиши важиб болгон абалдардан да пайда болушу мүмкүн, мисалы, «**Дин – мамиле**» хадисиндегидей сыяктуу. Бул болсо мусулмандын шахсиясында ахлакты бекем орнотуп, анын ажыралгыс сапатына айландырат. Ушуга ылайык, ахлак өз алдынча сапаттардан турган абалда, турмуштун башка түзүмдөрү менен ширелишип, мусулмандын чыныгы жетишкендикке жетишүүсүнө кепил болот. Кала берсе, ахлакый сапатка ээ болуу – турмушта пайда же зыян келтиргендиги үчүн эмес – Алла тааланын амирин аткаруу, кайтаруусуна моюн сунуу катары ишке ашырылат. Бул болсо, мусулман пайда артынан куубай, Исламды толук колдонуп жашаса эле, анын шахсиясында көркөм ахлакты туруктуу кылып коёт. Анткени, ахлактан көздөлгөн максат пайда эмес, тескерисинче, пайданы ахлактан алыстатуу керек. Себеби, ахлактан маддий, же инсаний, же рухий кыймат эмес, болгону ахлакый кыймат көздөлгөн. Балким, ахлакый кыйматты ишке ашырууда же аны

өздөштүрүүдө чаташтык болбошу үчүн, ага башка кыйматтарды аралаштырбоо керек. Эсте тутуу зарыл болгон нерсе: материалдык кыймат ахлактан алыс болушу керек о.э. ахлакты пайда үчүн аткаруудан узак болуу важиб. Себеби, бул ахлак үчүн өтө кооптуу.

Корутундулап айтканда, ахлак – коом таянычтарыны бири эмес, балким, ал жеке адам таянычтарынын бири. Ошондуктан, коом ахлак менен оңдолбойт. Балким, исламий пикирлер, исламий туйгулар, исламий мыйзамдарды колдонуу менен оңдолот. Ахлак жеке адам таянычтарынын бири болсо да, бирок ал жалгыз өзү таяныч болуп бере албайт, андай болушу мүмкүн да эмес. Аны менен бирге итикад, ибадат, муамалат да болушу керек. Ошондуктан, ахлагы чырайлуу, бирок, итикады исламий болбогон адамдан үлгү алынбайт. Себеби, ал мындай учурда кафир эсептелет. Ал эми, кафирликтен өткөн күнөө жок. О.э. ахлагы чырайлуу болуп туруп, ибадаттарды аткарбаган, мамилелеринде шарият өкүмдөрүнө карап жүрбөгөн адам да этибарга алынбайт. Мына ошондуктан, жеке адамды тарбиялоодо итикад, ибадат, муамалат жана ахлактын болуусуна көңүл буруу керек. Башка сапаттарды таштап, ахлактын өзүнө гана көңүл буруу шарият боюнча жайиз эмес. Мындан да маанилүүсү, акыйдага толук канааттанууну пайда кылбай туруп, башка нерсеге маани берүү жайиз эмес. Ахлактагы эң негизги иш, эң оболу, ал исламий акыйда негизине курулушу керек, кала берсе, ахлак Алла тааланын буйрук-кайтарууларынан тургандыгына негизделип, момун аны өз шахсиясында камтышы важиб.